ИСАБЕК ИСАКОВ

# АЛТЫН БАЛАЛЫК

ИСАБЕК ИСАКОВ

# ЫРЛАР ЖАНА ПОЭМАЛАР

ФРУНЗЕ
«МЕКТЕП» 1980

**84.98 Ки 7**
**И 85**

Тестиер балдар жана өспүрүмдөр үчүн

**Исаков Исабек.**

**И 85** Алтын балалык: Ырлар жана поэмалар. Тестиер балдар жана өспүрүмдөр үчүн. — Ф.: Мектеп, 1980. — 364 бет.

Акын-жазуучу жана журналист Исабек Исаков көп жылдардан бери балдар тематикасында жазып келе жатат. Акындын ушул «Алтын балалык» аттуу тестиер жана өспүрүм балдарга арналган тандалмалуу ырлар, поэмалар жыйнагы негизинен беш бөлүмдөн туруп, биздин тирек-келечегибиз болгон жаш муундардын тилек-максаттарын, эмгекке, окууга умтулуусун, ар кандай өнөргө болгон жалындуу аракеттерин көркөм боёктор менен таасирдүү чагылдырат.

**С(Кирг)2**
**ББК 84.98 Ки 7**

**И** $\frac{70803—174}{М\ 452(17)—80}$ **200. 80. 4803010200**

© «Мектеп» басмасы, 1980

* Ырлар жана поэмалардын жаңы жазылгандары мазмунунда жылдызча менен белгиленди.

МЕКЕН,
ЛЕНИН,
ЭМГЕК —
ӨМҮР
БАКТЫБЫЗ

## ЛЕНИН АТА КЫРГЫЗ ЖЕРИНДЕ

Көрө калсам шаар тамдарын,
Көркөм көчө жылдыз жанганын.
Көрө калам көсөм үйрөткөн,
Акылы ашкан, ишкер балдарың.

Кайырма: Дайым болуп жеңиш чегинде,
Ленин ата кыргыз жеринде.
Сезимдерге жалын жаратып,
Ленин ата эрдик деминде!

Алгалап биз азат, теңдик деп,
Ала-Тоонун көркүн бердик көп.
Бүтпөс ырлар... күүлөр тартылып,
Бүгүнкүдөн эртең эрдик көп.

Кайырма: Дайым болуп жеңиш чегинде,
Ленин ата кыргыз жеринде.
Сезимдерге жалын жаратып,
Ленин ата эмгек деминде!

Залкар турмуш, заман жашарып,
Өмүр өстү, өмүр жасанып.
Кылымдарга кетти даңкыбыз,
Кыргыз бүгүн баатыр аталып.

К а й ы р м а: Дайым болуп жеңиш чегинде,
Ленин ата кыргыз жеринде
Сезимдерге канат жаратып,
Ленин ата эмгек демиңде!

Эмне болсо тилек, оюң да,
Аткарылып өмүр жолуңда.
Бакыт туусун кармап атанын,
Баратабыз улам сонунга.

К а й ы р м а: Дайым болуп жеңиш чегинде
Ленин ата кыргыз жеринде.
Сезимдерге жалын жаратып
Ленин мына, эмгек демиңде!

## ЖЕР-ЭНЕГЕ

Жер-эне ырыс күткөн кучагына,
Гүл тагып, канат байлап учарыңа.
Сыйласаң, сени сыйлап сүтү ташып,
Өмүрдүн сапар чеккен узагына.

Тилеген көңүл жерге чөкпөсүн деп,
Тилеген өмүр жаздай көктөсүн деп.
Тилеген дүйнө зары, элдин зары,
Сыздатып сай-сөөгүмдөн өтпөсүн деп.

Бирок да: Жер-энебиз ыйын көрдү,
Жарк этип кээде жакшы сыйын көрдү.
Адилет, аалам сүйөөр уулун самап,
Адал иш, ак тилекке көңүл бөлдү.

Ошентип, жан жүрөгүм, сулуу жерим,
Самасаң таалай гүлүн, акыл кенин.
Түбөлүк өчпөс шамың жаркыратты,
Сен төрөп, сен өстүргөн улуу Ленин!

## ЖЕР ШАРЫ ЛЕНИН ДЕП АЙЛАНЫП

Таң тосом ар күнү жаркыган,
Анда бар өчпөгөн сулуулук.
Күрүлдөйт деңиздер чалкыган,
Күлкүсү генийдин угулуп.

Дүйнөнүн байлыгы, мээрими,
Ленинде, Ленинсиз келбеген.
Ар дайым алп эмгек шериги —
Ачылып ар түркүн жерде кен...

Дүйнөдө жок эмес азаптар,
Көз жашын көл кылып ыйлаган...
Аларга алперип азат таң,—
Уулундай маңдайдан сылаган!..

Жер шары Ленин деп айланып,
Күн нурун ээрчиткен жонуна.
Жеңиштүү үн Ленинге байыр алып,—
Жеңилбес тирек күн — тоо мына!..

«Ата» — деп тил чыккан жаш бала,
Жылмаят кол булгап Ленинге.
Демек, дос чыкчу тоо-асканга,
Чыга бер бакытың Ленинде!

Жол таппай буюктан басарга,
Ал кетип, арман күү ташканда.
Ичер суу, дем берип жашарга,
Күн болгон балбылдап асманда...

Өрт күйгөн Ата журт жеринде,
Өчүрдүң өлүмдүн отторун.
Ачкычы тынч күндүн Ленинде,
Ардактап ак ниет өз боорун!..

Ленин — жашоолор, эртеңим,
Эрдиктер, тууларым жайнаган...
Күч-кубат канатым серперим,
Бийигим максаттан тайбаган...

Дүйнөдө сулуу күн — жаздын да
Көркү жок Ленин болбосо...
Айланат тоо бузар ташкынга,
Алсыз күч — атаны ойлосо!..

## БИЗДИН ПАРТИЯ

Алып колго Октябрдын байрагын,
Нурга бөлөп, Ата журттун аймагын.
Жанга шерик улуу устат партия,
Суусун берип мүрөктүн,
Сырын ачып жүрөктүн,
Көрчү бүгүн Достук ураан салганын...

Жалын чачып, жарк деп чыгып булуттан,
Жер жүзүнө достук мээрин уюткан.
Жер шарынын акыл күчү партия,
Жарык максат көздөгөн,
Жалыны тийип өчпөгөн
Жомок сымак жолду салып туюктан.

Күндөй жылуу мээрим төгүп дооруна,
Бакыт сырын жазып турмуш томуна.
Аалам алпы болуп Жердин шарында,
Туткун зымын талкалап,
Тынчтык чебин калкалап
Достук колун берген жакын бооруна.

Көрүп элдин келечегин алыстан,
Жеңиш көздөп Жер огунда жарышкан.
Жүрөктөргө кан жүргүзүп, күч берип,

Алгын аны ноктолоп,
Алтын эмгек таңында...

Тилгин кызыл асканы,
Тигилишсин жаш-кары.
Каткырышып нур жолдо,
Каухар болсун басканы.

Билем достук сабыңар.
Билем түмөн малыңар,
Жаңы Дыңда дагы да,
Тоо тиресин даныңар..»

II

Жашыл дайра боюнан
Күндө өтөр жолуман
Алдейлеген балдарын,
Ата Ильичке жолугам...

Кайнап тентек кезегим,
Көркүн бузсам көчөнүн,
Желкем шылк деп уялып,
Жерди тиктеп өтөмүн.

«Эки» алганда басынам,
Көздөн кетип жаш улам,
Ильич ачып көрчүдөй,
«Күндөлүгүм» жашырам.

Кокус урсам бөбөгүм,
Кулагандай жөлөгүм.
Улуу көсөм айткансыйт:
— Ушул беле «өнөрүң»?

Көп кыялдар тескери,
Турмушка жат дешкени.
Жетик болуп өмүрдө,
Жетилгенде эсте эми.

Уяттуулук ызадан,
Укмуш... оттой кызарам.
Акыл айтып акылман,
Адеп күтүп күч алам...

III

Ильич карап шаарыма,
Медер болуп баарыга.
Жаштык берип жаткансыйт,
Жада калса карыга...

Жылмайыңкы жүздөрү,
Жылып сезим издери,
Толкундатат деп коёт,
Тоодой жеңиш биздеги...

Күн желеси асылган,
Кызгылт, сары, жашылдан.
Көркүң төгүп дүйнөгө,
Көркөм жазың ачылган.

Арча сымак, күн сымак,
Жаркып улуу ынтымак.
Илим жолуң мына деп,
Ильич ата гүл сунат.

Жылынайын нуруңа,
Канат бердиң уулуңа...
Жеңиш салтың келечек,
Жеткирейин муунуңа...

IV

Ильич карап шаарыма,
Медер болуп баарыга...
Жалындуу сөз айткансыйт,
Жашка жана карыга:

«Эрдик терин төгалган,
Эмгек менен дем алган.
Кыйындыкта багынтып,
Кыйындыкта жеңе алган.

Ал мекендин адамы,
Алп баатырдык кадамы.
Ак ниеттүү, жолу кең,
Ардак кылаар заманы...

Мен аларды жактырам,
Мээнет менен таттуу нан.
Миллиондорду кубантып,
Миллиондорго бак курам...

Өргө тартар уланым,
Өлбөс жаштык урааным.
Милдет — максат үйлөрүн,
Миң эселеп курамын...»

Эрип буга жүрөгүм,
Эмгекти эңсейт билегим...
Ильич ата сөзүнө,
Улам кулак түрөмүн...

Көңүл сырдан чыкпаган,
Көп өнөргө шыктанам...
Кетпес бакыт жаш өмүр,
Келечекке суктанам...

Капа болгон кезимде,
Ильич түшсө сезимге
Дүйнө кезип, шат болуп,
Келем кайрат-чечимге...

V

Акылман эр атанын,
Акыл даамын татамын.

Осуятын эске алып,
Ой көлүнө батамын...

Азап оту ойносо,
Аны басып койбосо,
Эмне болмок жер шары,
Эр атабыз болбосо...

Алып акыл-кеңешин,
Ильич сүйгөн энесин
Кадырлабас эл-журтун,
Кандай бала дебесин?!

Мен да сүйүп апамы,
Ардактаймын атамы.
Жашыл түскө бөлөймүн,
Жайлоо менен жаканы...

Эрк жаратып жеримден,
Эл ишине берилген.
Максатымды күндө мен,
Сурап өтөм Ленинден.

Сезим отуң тереңдейт,
Сергек уулум белең дейт.
Кең максатың окуу деп
Гений мага белендейт.

Чоң дайранын боюнан,
Күндө өтөр жолуман.
Аалам күнү, жарыгы,
Ата Ильичке жолугам...

Ильич карап шаарыма,
Медер болуп баарыга,
Жаштык берип жаткансыйт
Жада калса карыга.

Ильич айтат: «Садага...
Бар байлыктар балага!
Энең сымак мээримдүү,
Эркелетет замана.

Мээрим самап бооруңа,
Татыктуу бол дооруңа.
Туулган жердин тузун тат,
Туу ойнотуп колуңа...»

Эрип буга жүрөгүм,
Эмгекке кол түрөмүн.
Элим айтып, жер мактаар,
Эр болсом деп жүрөмүн...

## КҮҮ, ЫРЫН УГУП ЖАТАСЫҢ

Сен сезип дүйнө атасын,
Бапестүү балын татасың.
Кулүңдө бөбөк,— Лениндин
Күү, ырын угуп жатасың.

Ой толкун кечип тереңин,
Оп тартып сага келемин.
Ойнотсо алтын бешигиң —
Оюңда Ильич дегеним.

Бешикте күндө, төрүмдө,
Көшүлүп уйку көлүндө.
Ойгонсоң жайнап көздөрүң,
Ойноктойт күн нур өңүндө.

Жетилсе, күчүң билекте,
Болорсуң жакшы тилекте.
Ырысын көрүп көсөмдүн,
Ысымы турат жүрөктө.

Бешикте бейпил жатсаң да,
Береке сүтүн татсаң да.

Оюңда Ленин деп билем,
Ой бүчүр жаңы таксаң да...

Сен сезип дүйнө атасын,
Бапестүү балын татасың.
Кулүңдө бөбөк, Лениндин
Күү, ырын угуп жатасың...

## КИМ АЛ?

Замандын өлбөс баатыры,
Сыймыгы даңкы канатчан.
Акылы болуп доорумдун,
Ааламга сызып бараткан.
— Ким ал?
— Партия ал!
Күнүбүз ал, келечекти саматкан...

Чертилип тоонун желине,
Чексизге үнү тараган.
Тирек, күч болуп элиме,
Тиричилик отун калаган.
— Ким ал?
— Партия ал!
Кыйын күндүн жеңишине жараган.

## ТЫҢША КҮҮНҮ!

Токтобой толкун күүлөр ала качып,
Нур чачкан чоң Нарынга аралашып.
Элеси эмгек марштын Күнгө жетти,
Эчен кыр, эчен токой, талаа басып.

Айланды кубанычка түш-тарабым,
Ала-Тоо көркүн төгүп суктанарым.
Ысык-Көл ойноп эркин тоо желине,
Термелип гүлүн төктү бак-дарагым!

Мукам күү бирде күлүп, бирде боздоп,
Турмушта тээ алыскы сырды козгоп.
А бүгүн аралашып ак эмгекке,
Күү таңшыйт улуу максат үндү коштоп.

Үнүндө эрдик, таалай кайрыктары,
Ташкындап, Ата Журттун байлыктары.
Ак сүйүү, эмгек ырын баян кылып,
Тоо күүсүн чертчи, курбум, кайрып дагы!

## ЖЕҢИШ ТӨРГӨ БАРАТАМ

Самолёт — учкул кыял, укмуш закым,
Жарк этип, чыгып деңиз, булуттардан.
Ай, Күн да мээрим чачып жерге жакын,
Сызылып кара туман, туюктардан.

Машина, поезд өтөт туман жарып,
Тоо кесип, токой кечип, октой сызып.
Сыягы эртеңкиге кумарланып,
Басар жер, барар чеги улам кызык...

Мен дагы тунуп калбай булуттарга,
Чарк уруп, чагылгандай атып барам.
Зыпылдап, күн жол салып туюктарга,
Жеңиштүү максат төргө шашып барам.

## БУЛАК ЫРЫ

Жашартам жүзүң жарык нурга бөлөп,
Тазартам дилиң жаңы сырга бөлөп.
Тартуулайм дүйнөлөргө бакыт күнү,
Миң кайрык булбул созгон ырга бөлөп.

Чаңкасаң, кымыз болуп көбүрөмүн,
Тоолордон дайра болуп төгүлөмүн.
Тамшантар мөмө шакты ийип жерге,
Талаанын ой, кырынан көрүнөмүн.

Бейпилдик шаңын берип айлананын,
Береке, өмүр, бермет кайнаганым...
Кубаты тоо булактын деп билгиниң,
Көргөндө чөлдө гүлдөр жайнаганын...

## СҮЙГӨН ЖУРТУМ — КОЧКОРУМ

Ай, Караго, сүйгөн журтум — Кочкорум,
Неге мынча жүрөк черин козгодуң.
Барат мында азыр да көз алдымда,
Бала чакта бирге ойногон досторум.
Гүлдөр бийлеп, бөдөнөлөр бөк түшүп,
Билем, журтум, күчүмө күч кошконуң.
Карегимде кашка сууларың,
Карегимде күлүк бууданың,
Кагылайын, ата журтум, тууганым.

Чуркап далай балыр жыттуу сазыңдан,
Ойноп эркин жылгыныңа жашынгам.
...Ал кездерде адам баркын билбеген,
Алтын, күмүш арбын чыкты ташыңдан.
Согуш өртү жалбырагың кыркса да,
Бүгүн башка, күлүп жарпың жазылган.
Ак тамыңда күйүп шамдарың,
Ак эмгектин күүсү чалганың,
Жыпар жыттуу сүйгөн жерим — ардагым.

Ар ким билет өз жеринин кадырын,
Ар ким айтат эрдик, эмгек адымын.
Сен да мына миллион сезим кубанчы,
Сүйүп дайым сагынарым, жарыгым.

Эзелки өткөн өмүр жолун барактап,
Ээлеп алдың жүрөгүмдүн жарымын.
Эстеп көрсөм ойноо күндөрүм,
Эстүү бол деп далай үндөдүң.
Эркелетип, өскөн жерим, сүйгөнүм.

Өттү жылдар — мен эмнеге кубанам,
Өрүк, алма жемиш жыты бураган.
Багбаның бар бакыт гүлүн жайнатып,
Мичуриндин асыл ишин улаган.
Алгын аны өз боюңа сиңирип.
Ай, тууган жер, эмгек болуп убараң
Өзүңдөн алып кубатты,
Өзүңдөй болуп туруктуу,
Жүрөгүмдү ыр күүсүнө сугарам.

Ай, Карагo, сүйгөн журтум — Кочкорум,
Неге мынча жүрөк черин козгодуң.
Барат мына азыр да көз алдымда
Бала чакта бирге ойногон досторум.
Гүлдөр бийлеп, бөдөнөлөр бөк түшүп,
Билем, журтум, күчүмө күч кошконуң.
Карегимде кашка сууларың,
Карегимде күлүк бууданың,
Кагылайын, ата журтум, тууганым.

## БИР ЭЛЕС

Өттү жылдар, жигит сезим жаңырган,
Тоо аралап, келдим өскөн журтума.
Балалыгым күлүп-жайнап алдыман,
Жоодурады кучак жайып гүл суна.

Көрүп келем көркү сайма төрлөрдү,
Аска аралап, атам баскан өрлөрдү.
Көрүп келем кыздар сайдан суу алган,
Чыйырларды, элик качкан жерлерди.

Мобул аска атам болуп көрүнүп,
Мобул гүлдөн эне жыты төгүлүп,
Мээримдери беттен сүйсө, бала кез —
Келе калды тентек суудай көбүрүп!

# ТҮБӨЛҮККӨ КӨГӨРҮП

Фрунзенин жыпар чачкан гүл дарагын аралап,
Бассам эргип, сезимимде мукам күүлөр
жаралат.
Тээ бийикте максат жолум сапар тартып
алыска,
Өмүр дайрам, мүрөк дайрам күр-шар этет, шар
агат.

Сезим кылы комуз болуп, миң чертилет
кубулуп,
Көз алдыма келе калат не бир укмуш сулуулук.
Жалбырактар шуудур этип, күмүш дүйнө
чачырап,
Сызам бийик күндөн бүткөн толкундарга
урунуп.

Фрунзенин жашыл багын жаным менен
жактырып,
Жаштык кезим кайталанып, жанып турат
каткырык.
Дарагындай бүчүр жарып, алгач сүйүүм,
ак сүйүүм,
Өмүр жолдо өлбөй турган кооз сайма жаз
куруп.

Бир керемет улуу сырга дене боюм чулганып,
Жарпым жазып, жаадыраймын жаз таңындай
нурданып.
Шаарым менин маңдайымда жылдызымдай
өчпөгөн,
Жүрөгүмдү сүйүүлөргө, гүл жаштыкка
сугарып...

Фрунземдин дарагы да жалаң мөмө жыттанат,
Кайда барсаң жашыл килем, келген мейман
суктанат.
Токой болуп көктү тиреп, көп кабат үй
көрүнбөй,
Жыргал күндүн жышаанындай жыпар төгөт туш
тарап.

Өчпөй мындан өмүр жазы түбөлүккө көгөрүп,
Шаар барат канат жайып, кут жылдызын
өңөрүп.
Доору сүйкүм, бутак жайып, учу узарып
элим да,
Достук күттү, достук күүсүн сезимдерге
чөгөрүп...

## КОРГОЙ ТУРГАН КЕЗЕГИҢ

Куштар учуп, кубат алган канатка,
Тынчтык күүсүн термейт жашыл дарак да.
Жер жараты
        Айыга элек али да
Атом күйгөн Хиросима тарапта.

Тынчтык күүсү суунун аккан шарында,
Жашоо болуп соккон жүрөк канымда...
Батпас тоодой
        Байлык жыйып элге деп,
Баткым келет бакыт берген жалынга.

Толкундарды эзели ээ-жаа бербеген,
Жеңип чыгып тынчтык менен, тер менен.
Адам атын
        Ардак кылып ааламга,
Күүлөр чертип, күн үстүндө термелем...

Туу илинип, бийик үйлөр — аскама,
Ок тийбесин жаткан жалпак ташка да.
Кечээ фашист
Кырып-жоюп келди эле,
Акыр болду элге, журтка маскара...
Дүйнө билет согуш азап экенин

Согуш жуткан кырчындардын неченин.
Кан агызбай,
Ыйык, сүйкүм жериңди
Кана, журтум, коргой турган кезегиң!

## АПРЕЛЬ

Ак буладай жал, куйруктуу,
Ак булуттар ойноп көктөн.
Апрель күнү,
Апрель жамгыр,
Алып келип жаз жытын
Көнөктөп күмүш тамчылар,
Тазалыктын нурун төгүп,
Жердин бетин жууп кеткен...
Жер бетине килем төшөлүп,
Жаз илеби жарк дей түшкөн.
Жер бетинде жайнап көктөм;

Жан жаныбар,
Жадыраган,
Балкыган.
Чарт жарылып,
Кабат муздар,
Океандар,
Деңиздер,
Дайралар,
Чалкыган.

Ошол жазда
Апрелдин күнүндө,
Болочоктун акылманы төрөлүп,
Жер шарында:



Кайгы муңдар,
Кан соргучтар,
Мителер,
Житип жатты бороон менен
Жерге боюн чөгөрүп...
Мына ушинтип,
Россияда жаңы Күн чыкты,---
Россияда өлбөс Гүл чыкты...

Тоолор жашарып,
Дарактар жасанып,
Табигат жазы кайрадан жаралды.
Түбөлүк терең уйкудан
Ойготту:
    Ташты,
        Түндү,
            Кышты...
                Адамды.

Бактысыз шордуулар,
Бакыт жыргалын
Тилешсе жалдырашып,
Көктөн, жерден, булуттан.
Өмүрдү кайрадан жасап,
Өмүр күнү күрөш менен жашап,
Улуу гений Ленин гана —
Ырыс, бакытты уюткан...
Революция оту менен,
Доор, заманды куруп шаң.
Кылымдар бою муздап келген,
Жүрөктөрдү жылыткан!..
Ленин жашап келди, жашап жатат,
Даңазалап жашоо чындыгын!...
Башкарып ал XX кылымдын,—
Атом деген жүрөк чылбырын...

Ильичтин идеясы;
Кан тамырдай,

Кубат берип,
Ойноп толто жүрөктө!...
Жеткирүүдө дүйнө элин —
Тынчтык,
Достук,
Өлбөс таалай мүрөккө!...

Ленindик салтанат...
Ишибизде,
Акылда,
Сезимде...

Кеңеш алгын,
Кубаттангын,
Чыйралгын!
Басар жолуңду,
Бөгөт каптап,
Түн түшкөн кезинде!...

Ильич туусу, дүйнө үстүндө,
Желбирөөдө жеңиштерин жар салып...
Эрксиз жакта,
туман жакта,
Чирип калган,
картайган
Туткун чынжыры бычыранып...
Барат ана, ойноп-күлүп,
Балдар дагы даң салып...
Ильич керемети мына мында:
Бүтө калып шумкар канатың,
Дүйнө кыйрын эркин чаласың.
Ильич ишин
Ильич жолун,
Ильич сөзүн, мурасын,
Эске салсаң канчалык —
Бактыңды ачат, нурун чачат,
Келечекке, өмүрлөргө,
Күндөн жарык жол салып.

## ӨМҮР ЖАНА ЛЕНИН

Кокушкино[1]... Кыш мезгили кеч эле
Бороон боздоп, улуса да көчөдө.
Бакыт жанып, жүздөрүнөн, сезимден,
Балдар келген, жаңы жылдык кечеге.
Володя аралашып аларга,
Бийлесем... дейт, толкуп учуп тез эле...

Өттү жылдар, бирок, Ильич жаштыгын,
Берди элине батпас күнүн бактынын...
Бир күнкү иши — миң кылымга барабар,
Билгизди ата, дүйнөдө жок алптыгын...
Кычап далай өлкө иши турса да,—
Балдар... деди, төгүп мээрим марттыгын...

...Сокольники Жаңы жылдык оюнга,
Даярданган көп балдардын тобунда.
Келет Ильич кетпес бакыт шаң менен,
Керемет иш, келечек иш оюнда...
Жеткинчектер басар жолун ойлосо,
Кыялы анын чабыт жасайт сонунга...!

---

[1] **К о к у ш к и н о — Бул жерди Володя биринчи жолу 7 жашында көргөн. Андан кийин жыл сайын (17 жашына чейин) бул жерге келип эс алып кетүүчү.**

...Акылмандын ошол ою, тилеги.
Орундалды оттой жанып илеби...
Ал кездеги ата-энесиз жетимдер,
Эл иши!.. деп эргип соккон жүрөгү.
Өтсүн өмүр!.. Айдың барат максатка,
Лениндин укум-тукум, тиреги!..

# ГҮЛ-ТӨРДӨ

**(Жайлоо элеси)**

Кар чокуң мелжип көк менен,
Карасам көз нур жетпеген.
Гүл-Төрдө өткөн тээ бийик,
Күндөрдү дайым эскерем.

Сары аска чыйыр, жол узун,
Сагындым Жантык конушум.
Энекем кийиз бышырчу,
Эжекем салып оюусун.

Билинбей бир да ызгаарың,
Бал татып булак-муздагың.
Кыштактын бүгүн гүлдөрү —
Кыз чагы өткөн кыздарың...

Али да менин оюмда,
Алаксып көп эл оюнга.
Азоону минип жарышчу,
Арсак-Таш тоонун боорунда.

Үйүр жер... барсам кайрадан,
Үкөгүм[1] кийип саймадан.

---

[1] Үкөгүм — тоонун аты.

Жылмайып курбум жаш Үмөт,
Жылкысын айдайт сандаган.

Кеп салат сөзү миң нуска,
Ыраазы жыргал турмушка.
Ак эмгек менен жетишкен,
Асманда бийик жылдызга.

Адырдан жылкы айдаган,
Кулунун салып байлаган.
Көк-Конуш турат көшүлүп,
Эфирде үнгө сайраган...

Кызыл-Жар Кыргоо өрлөрүм,
Кымыздык чыккан төрлөрүң.
Тууруңдай көрүп байыртан,
Турумтай болуп өрдөдүм.

Мезгилдер көлүн бойлогон,
Жылдар да өттү ондогон.
Коктуда бүгүн издерим,
Козу, улак жайып ойногон.

Жайкалып ар кыл түрлөрү,
Жаадырап тоонун гүлдөрү.
Түшүмө кирет суулары,
Дилимде жанып күүлөрү.

Кар чокуң мелжип көк менен,
Карасам көз нур жетпеген.
Гүл-төрдө өткөн тээ бийик,
Күндөрдү дайым эскерем.

# КЫЗЫЛ ТУУ

Ыйык эмгек, ыйык күрөш жолдоруң,
Баатыр колдо сүрдүү болуп желбиреп.
Бакыт күнүң өчпөс, жарык болгонун,
Байкап көрсөм, бардык аалам эл билет.

Бетинде бар Лениндин сүрөтү,
Алсыздарга өлбөс кубат, дем берет.
Адилет иш, тынчтык болуп күрөшү,
Алга карай алп күчү бар эл келет...

Көргөн сайын сенин кызыл түсүңдү,
Көрө калам революция адамын.
Билди аалам, билди өрнөк ишиңди,
Бийиктерге шилтеп элим кадамын...

Кыйын күндөр... чептей болуп бир өзүң,
Өрт аралап биздин колдо ойнодуң.
Дале болсо курчуп барат күрөшүң,
Салтанаттап Лениндин ойлорун...

## ӨМҮР КҮҮСҮ

Жер алдынан кайнап чыккан дары суу,
Жез өң дартты айдап чыккан дары суу.
Тартып колдон тамчысына киринсең,
Тапка келген жүрөктөрдүн кагышы.

Жер алдынан кайнап чыккан дары суу,
Кайда шашат дөңгөлөнүп арышы.
Миң кайталап өмүр күүсүн черткенсийт,
Күмүштөнүп шыңгыр аккан дабышы.

# КҮН МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

(Драма түрүндө жазылган поэма)

Катышуучулар: Нуркан — пионер кыз
Күн.
Жер.

Нуркан: *(Кийимдери күн нурун чагылтып турган кызыл жагоочон кыз толкунданган түр менен сахнага чыгып, кучагын жайып, жайдары мүнөздө.)*

— Күн жылмайды шооласын чачыратып,
Кирпиктерин алыс жайнатып.
Талаа күүсү толкуп жаңырды,
Таң булбулун мукам сайратып.
Бийик чокулар менен өбүштү,
Булуттар менен көрүштү.
Асман челген аска башында
Барчын куштар ойноп тебишти,
Түшүрчүдөй асман — деңизди!

Нурданат күн, кубанат Күн,
Тиричилик шартына.
Салам айтат мээримденип,
Жер-энеге, жалпыга.

Күн: *(Сүйүнүчтүү).*
— Оо, Жер!
Көз жеткис койнуң кенен,
Кулпунган гүлүң менен!
Чаңкасаң суусун болуп,
Чагылтып нурум берем.
Байлыкка койнуң жибип,
Балкысын сенин денең,
Адамзат ардак кылып,
Айтышат ырында да:
Жерим — энем.
Мээрим энем.

Оо, жер!
Жакын көрөм сени баарынан,
Жарык берем назик наарыман.
Жазда, жайда, күздө, кышта да,
Жакуттарды сен деп тагынам.
Жаадыратып адам көңүлүн,
Жаратып мен көлдү көк ирим,
Алтын болуп көктө агылам.

Толкуп-ташкан терең сайдагы,
Керек болсо соолтуп дайраны.
Кубултамын тоону мөңгүлөп,
Бороон ызгыйт, шамал өңгүрөп.
Буулантамын күмүш өзөндү,
Булуттарды жаратып ак куудай,
Шейшеп жасайм тоолор уктап жаткыдай.
Канаттарын каалгыта серметип,
Тоо боорунда көшүлүңкү терметип,
Туу чокуларында түнөтөм.

Жер: *(Ак, жашыл, көк, күрөң түстө кубулжуган көйнөк кийген. Жер-эненин үнү салмактуу үгүлат).*

— Билемин, Күн!
Сенсиң менин өмүр булагым,
Сенсиң жарык чырагым.
Сен болбосоң күлүп асманда,
Көрксүз менин турагым.
Көөдөй болуп айланам,
Анда мен
Көр кайгысын угамын...
Билемин, Күн!
Сенсиң менин таалайым,
Сенсиң жарык паанайым.
Айкалышып алтын нуруңа,
Агарбады кундуз саамайым.

Калкып асман океанын,
Магдырап,
Мээрим төгүп,
Сүзгөнүңдү жактырамын.
Кубанып өз ишиңе,
Кир сактабай өз ичиңе
Калкып асман океанын
Күлгөнүңдү жактырамын.

Болуп дайым уюткулуу,
Болуп дайым тунук нуру,
Барсайтып Жер дандарын,
Ойноо кумар эч канбай
Так секирип балдарың,
Сүйгөнүңдү жактырамын.

Н у р к а н: *(Кызыл жагоосун оңдоп тагына, Күнгө карап).*
— Байкап көрсөм дүйнө жүзүн,
Теңдеш жоктой сенин күчүң.
Ак, кара деп ажыратпай,
Азап көлүн эч жаратпай,
Эрксиз элдин ыйлуу балдарын
Алып чыгып азат нуруна,

Бөгөт болуп чексиз мунуңа,
Ай, Күн!
Эмнеге эле соорото албадың?

Күн: *(Ийкемдүүлүк менен).*
— Сооротом,
Сылайм балдар маңдайын.
Ырдап жүрөт балдар да,
Күн болсун деп ар дайым!

Нуркан!
Сезимиңе канат байлап,
Кайгы болсо алыс айдап.
Таңда, кечте көркөм кубулган,
Септим сага кызгылт нурумдан.

Ал нур окшош кызыл жагооңо,
Окшош кызыл тууларга.
Жүрөктөргө дайым дем берип,
Текөөрлөрдү курчутуп,
Эрк шумкарын учурат алыска,
Эрксиз торун тытып салышка.
Ошон үчүн айтам жар салып:
Ойгон Африка, ойгон Азия,
Ойгонгула бардыгыңар,
Эрксиздиктин туткунунан,
Кадам шилте сулуу жазыңа,
Азап чынжырын кармаган,
Бычыратар кез келди.
Ойгон куладар,
Ойгон колония,
Ойгон чөбүрө,
Ойгон, күнүң өзгөрдү!

Нуркан: *(Башын бир жагына кыйшайта, жайдары мүнөздө).*
— Ааламдын алтын табагы,
Сен тиктейсиң шаар, талааны.

Көрдүң ээ, далай күбө болуп,
Көөдөй түндө эрксиз калган
Жазыгы жок миң-сан баланы?

Күн: *(Жер менен Нуркан экөөнө алмак-салмак карап).*
— Жер бетинин адилетин байкасам,
Денем жибип, жыргалына айкашам.
Кийимдери — тайлак түлөгөн,
Ата-энесиз, ашсыз жүдөгөн
Жеткинчекти көзүм көргөндө,
Кабагыма үйүп бороонду
Мен өзүмчө кыйналам.
Үн угулуп,
Балдар ыйлаган.
Элес келип,
Бомба түшүп,
Бак, үй, бакча кыйраган.
Айтчы, Жер чыныңды,
Жагабы сага ушулар?

Жер: *(Кабагын чытып, сүрдүү.)*
— Алаамат ал,
Адам үрөйүн учурар.

Нуркан: *(Жердин сөзүн коштоп.)*
— Ойногон от ал,
Өрт тутанып,
Жер келбети, көркү бузулар.

Күн: *(Жайдары, ойлоно.)*
— Анда айтаар элем мындайча:
Ай, адамзат!
Бириңди — бириң кырганча,
Жер кадырын билип,
Жерди сүйүп,
Кол кармашкын туурганча!..

Жер: *(Өткөндөрдү көз алдына келтирип.)*
— Оор жүктү көтөрүп далыма,

Чыдап келдим турмуш каарына.
«Жердей салмактуу бол,
Жердей каймактуу бол» —
Деген макал баарына.
Бирок, күн тийип турса боло,
Булуң-бурчумдун баарына.

Күн: *(Жерге боор ооругандай түр менен)*
— Жабыкпачы жапа чеккен күндөргө,
Кайгырбачы капасы көп түндөргө.
Кучагың кең, тынчтык өмүр күнүң көп,
Кучагың жай кубанычка, гүлдөргө.

Жер: *(Кайраттуу.)*
— Чындык десе туйлап жүрөгүм,
Жашоону мен артык сүйөмүн.
Чындык десе курчуп кайратым.
Жалгандын жон терисин,
Кайыш өңдүү тилемин.

Нуркан: *(Асмандагы күндүн батышка карай зымырап сапар чеккенине көз жиберип.)*
— Ааламдын нурдуу табагы,
Сен тиктейсиң кыштак, талааны.
Көрдүң ээ, далай күбө болуп,
Эркин жайдагы миң-сан баланы?

Күн: *(Нурларын мээримдүү чачыратып.)*
— Алмазымды артып аркама,
Көөнүм толкуп, көтөрүлүп мартаба.
Кызыгамын эркин аймак деп,
Кызыл чектүү сызык картага.

Ушул жерден күлкү угамын,
Ушул жерде кыйбас тууганым.
Ушул жерден эркиндик үнү угулуп,
Укмуш күнгө, сырга тунамын.

Мындай сулуу, бакыт жайды келишкен,
Мен көрбөдүм Мадрид, Лондон, Париждеи!

Н у р к а н: *(Кубанычы койнуна сыйбагандай.)*
— Ошол сүйкүм, ошол менин мекеним,
Бапес кылып, бакыт сүтүн эмизген.

К ү н: *(Мурутунан жылмайып.)*
— Бактылуусуң, сен Нуркан!
Жарык жашоо, мекениң,
Билем жыргал экенин.
Берекеси жайнаган
Сага мээрим, сага дос,
Жаратылыш айланаң.

Ж е р: *(Кубанып).*
— Нуркан сымак жүзүнөн күн албырар,
Жомоктордой жокту таап бар кылар.
Айтыла элек далай ырым бар,
Ачыла элек түркүн сырым бар.
Казыла элек түркүн кеним бар,
От жүрөктүү өлбөс шерим бар.
Кайрыгы көп канат күүм бар,
Жыпар чачкан солбос гүлүм бар,
Жүрөк эңсээр тунук сүйүүм бар.
Алыс качар азап, жалындар,
Аалам мактаар сулуу таңым бар.

К ү н: *(Таңданып.)*
— Кимдер алар?

Ж е р: *(Сүйүнүчтүү.)*
— Балдар алар —
Эртеңкиге шам жагар!

Н у р к а н: *(Үнүн көтөрүңкү чыгарып.)*
— Күн, тегиз каптабай жердин шарын,
Жетпей калса бурчтарына сенин шамың.

Ильич болсо жүрөктөн нурун чачып,
Ачып салды ааламдын таалай-багын
Ал бийик, жарык, мээрим, дос баарына,
Жеткирген адамзатты айтканына.

Күн: *(Жылмайып.)*
— Билем аны
Башымды ием таңына,
Башымды ием жалын туусу, шаңына.
Ильич сымак тез жетейин чачырап,
Жер шарында булуң-бурчтун баарына

Жер жана Нуркан: *(Шаттуу.)*
— Ошент, Күнүм, ошент эми тезирээк,
Дүбүртүңөн өчпөс жарык сезилет!

Күн: *(Жер бетин нуруна чулгап.)*
— Айт, дагы! Ленин ысмын кайталайын,
Ааламдын акылы деп жар салайын.

Жер: *(Ойлонуу менен.)*
— Кылымдар, өтөт далай, аттар өчөт,
Картаят, күнүн жашап тиккен көчөт.
Басылат океандын ташкындары,
Басылбай тоону жыккан, тоону көзөп.
А бирок Ильич ысмы жүрөктөргө —
Дем берет,
Өчпөй жанат
Ташкынданат.
Кыялдай закым менен учсаң алыс,
Алдыңда терең акыл, талбас канат,
Баатырдык, ар бир жаштык өлбөс ысым.
Жар салсаң галактика тереңине
Өргө чаап,
Өмүр өсөт,
Көңүл өсөт.

4*

К ү н: *(Терең кызыккандай.)*
— Айт дагы! шаттык менен Ленин деп,
Ааламдын алпынан деп жар салайын.

Ж е р: *(Шердене.)*
— Ленин — бул жаңы дүйнө жанып турган.
Адамзат тирек кылып, жүрөк кылып.
Көрөр күн, ичер суусун алып турган,
Самаса көздөгөнү колдо болуп,
Табигат миң кулпунуп, көккө тунган.

К ү н: *(Кабагы улам ажарланып.)*
— Айт дагы! шаттык менен Ленин деп,
Атадан акыл сурап билерим көп.
Адамзат күн астында жыргасын деп,
Аларга айтар далай тилегим көп.

Ж е р: *(Келечекке көз жүгүрткөндөй.)*
— Өмүрдүн келип жазы, кетип күзү,
А балким, мезгилдердин калбайт изи.
Бирок да Данко сымак даңкы менен,
Жер жүзүн жарык кылмак Ленин иши.
Тиричилик таттуу турмуш өмүр сүрүп,
Мунары бакытынын бийиктемек,
Байлыгын асмандаган торго теңеп.

К ү н: *(Жылмайган калыбынан жазбай.)*
— Билем аны,
Башымды ием таңына,
Башымды ием жалын туусу шаңына,
Ильич сымак тез жетейин чачырап
Жер шарында булуң-бурчтун баарына.

Ж е р  ж а н а  Н у р к а н: *(Үндөрүн бирдикте чыгарып, толкундуу.)*
— Ошент, Күнүм, ошент эми тезирээк,
Дүбүртүңөн өчпөс жарык сезилет.

## АЙ, КАРЛЫГАЧ

Учканыңды карап турсам кадала,
Үйрүлөсүң чыр-чыр этип балаңа.
Жок, тийбеймин, тынч уяңды сактаймын,
Жырга, гүлдө, жемиш багын арала.

Балапаның бат чоңоюп эртелеп,
Бала сымак мээримиңе эркелеп.
Өзүң менен өмүр балын татса деп,
Тилек тилейм чын жүрөктөн сүйүп бек.

Кыймылыңды карап турсам кадала,
Оюн сырык үйрөтөсүң балаңа.
Достук шертин бекем түзгөн карлыгач,
Тынчтык көчө— биздин бакты арала.

Жомок кылып, атам айткан билемин,
Дүйнө көркү элге жакшы тилегиң.
Канатыңда достук деген жазуу бар,
Көзгө сүйкүм учкул болуп илебиң.

Кыймылыңды карап турсам кадала,
Үйрүлөсүң чыр-чыр этип балаңа.
Жок, тийбеймин, тынч уяңды сактаймын,
Жырга, гүлдө, жемиш багын арала.

# БОЛОТ ШУМКАР

Көк деңиздин ак булуту чубалып,
Үймөктөшөт үстү-үстүнө куралып.
Көктү тиреп түрмөктөлгөн кебезден,
Жылдыз чыкты чагылгандай үн алып.
Карай салсам болот шумкар «Ту» экен
Жүрөк толкуп, көзүм кетти уялып...

## ГҮЛ ТАЛААМ

Кызыл жыйган кырманыңды бийиктен
Карап улам, кадыр-сыйың билип мен.
Кудуреттүү
        кутман талаам,
                гүл талаам,
Көк тиреген чокулар да ийиккен,
Торко болгон турпагыңа ынактай,
Эмнегедир жүрөк каным бириккен...

Билбейм неге, кантип аны жашырам,
Жан сезимим жакын болгон башынан.
Мен эркелеп
        Деңиз сымак термелгем,
Жаштык алып сенин назик жазыңан,
Кызгалдагың кызыл туудай желбиреп
Сүйкүм талаам,
        Ырыс талаам,
                гүл талаам
Сүйүүм сага мөл булактай ташыган.

## УРУКСАТ БЕР!

Ай, Жер Эне!
Сен денеме
Мамык төшөп, бешигимди терметтиң...
Ташып бактым
Даамың таттым ширелүү
Ала-Тоодой
Алып даның — берметтин.
Ай, Эне, Жер!
Уруксат бер
Кайра өзүңө —
Ууч топурак төшүңө
Урмат кылып бар сүйүүмдү бермекмин...

Ууч топурак —
Гүл топурак!
Койнуң жылуу күндүн нуру тарап шар
Болуп көктөм,
Көркүн төккөн
Сенде өсүп бугу мүйүз дарактар...
Жарпты жазып
Байлык батпай тоо болуп
Укчу талаам, сенде бүгүн күркүрөп
Даркан дандын дарыясы агат шар...

Ай, Жер, Эне!
Сен бир кеме
Топурагың уучтап бир аз жыттайын,
Сууң балдай,
Кумар канбай,
Кусадармын бир аралап чыкмайын.
Жаздай өнүп,
Жакын көрүп
сени мен
Гүл жайнаткан кучагыңа уктайын.

Ай, Эне, Жер!
Жаз жамгырда
Өскөн кара таш жарып,
Өлөң чөбүң
Ай далыма жазданып.
Өз койнуңда
Ууч топурагың кадырлап,
Өмүр жолум
Сенде бийик башталып.
Байкабапмын
Дүйнө кыйрын чаларым,
Күнгө жеткен максат күүсүн башкарып...

Таасириң зор,
Таалайым мол деңиздей
Көлүңөн алып көзүмдүн күн нурларын
Канат сермеп
Өмүр өчпөс чокуга
Сени коргор тууңу далай ыргадым.

Ай, Эне, Жер,
Уруксат бер
айтууга
Белим ийип
Гүл дестемди тартууга:

Мен өлсөм да
    Жашайт сени барк кылып,
Даңазалап ташың, турпак
    кумдарың
Сени сүйүп, сени эңсеген
    ырларым...

## ЭРТЕҢ МЕНЕН

Куюлду мөлтүр тазалык,
Таң шоола атып эринбей.
Кызыл гүл өсүп жашарып,
Кызарган мөлтүр эриндей.

Алтын жип окшоп алыстан,
Күн нуру жерге сайылды.
Шурудай тизген аземдеп,
Шуудүрүм жерге жайылды...

Алтыны көзгө чагылып,
Ачылды чыгыш барагы.
Көк көлгө күмүш малынып,
Тиричилик жерге тарады.

## ШААР ЖАШТЫГЫ

Фрунземдин чалкар деңиз асманында көкөлөп,
Кептер учса шуудур этип көңүл күүсүн көтөрөт.
Туу желбиреп —
Тынчтык күнүн белгилеп
Адамдары Ай кабагын жамынып,
Бейпил эмгек берекесин өтөмөк...

Фрунземдин гүл багында куштар түркүн
сайрашып,
Бүт теребел музыка үнүн —
оркестрин алмашып,
Келечекке,
Кадам таштап эпкиндүү,
Улан келет. Кыздар келет жаркылдап,
Айтылбаган сырлар чечип жай басып..

Сенде жүргөн — сенде күлгөн болбой өмүр
аздыгы,
Күндү чарпып күз үлпөтү, жан сергитет
жазгы ыры.
Калкып учкан канатына мингизип,
Билим берип,
Бийик максат дил берип
Бирге дайым Фрунземдин жаштыгы...

* * *

Күн батат кызгылт төгүп жер бетине,
Билип кой, кеткен үмүт кайрыларын...
Таң атат бөлөп нурдуу берметине,
Билип кой, кеткен үмүт кайрыларын...
Өмүрдө эмгек изиң жарык кылып,
Өз энчиң чоң турмуштан кайрып алгын.

## АРЧАЛАР

Кышта кар, кең талаада кебез жаткан,
Асфальт жол алыстарга сызык тарткан.
Арчалар — жээктеги жашыл сайма.
Сакчыдай сак турушуп, ойго баткан.

Күн тийсе таңдар атып, чөмүп терге,
Баш чулгайт шүүдүрүмүн төгүп жерге.
Арчалар — азем бүткөн мончок тагып,
Адамга жаштык берген өнүп жерде.

Жапжашыл жүзүн көрүп кыярбаган,
Батасың барчын канат кыялга анан.
Айтасың: «өмүр өчпөс болсочу деп,
Арчадай жаш эсебин чыгарбаган»...

Ансайын айланасы ырга батып,
Бой түзөп, сулууланып, сынга батып,
Арчалар — аязда да жыпар төгүп,
Жасанат, жагалданат нурга батып.

Жеримдин сулуулугун сүйүп көптөн,
Жылмайткан, сумсаюуну сүрүп беттен.
Арчалар — жашыл жибек шуудураган,
Тамыры таштарга да сүңгүп кеткен.

# ГҮЛ ЗАМАНДЫН ӨНӨРГӨ ДОС БАЛДАРЫ

## АЙГА УЧАМ

(Поэма)

### Сөз башы

Карачы бөбөк асманды,
Денесин деңиз жазганбы.
Жылт этет ирмеп кирпигин,
Жылдыздар сапар тартканбы.
Байлыгым ушул дегенсип,
Балбылдап алтын чачканбы.

Карачы бөбөк асманды,
Кандайдыр чырак жакканбы?
Жарык нур чачып ободон,
Күмүшү кумдай ташканбы?
Айталык Ай, Күн жылдыздан,
Аз деле болсо дастанды.

### 1. Ай көрүп коёт...

Өрүштө малы жайлаган,
Өрөөндө гүлдөр жайнаган.
Өжөр үн чыгат тигинде,
Оргуштап аккан дайрадан.

Ай калкып көктө баратат,
Ак толкун жиреп аймаган.

Жаңырган түзүк жарым ай,
«Ах, чиркин, Айдын жарыгы ай!
Көрсөтпө бетин баланын,
Кор болот кокус жарыбай».
Кобурап ата капшыттан,
Адаты жаагын жанымай.

Канетсин эне кыбырап,
Айткансып сырын шыбырап.
«Аллага» улам жалынып,
Ак бөпө бетин жымырат.
«Ай көрүп коёт бетиңди
Ойгонбо, жаным тыбырап...

Ойнотуп төрдө булакты,
Ойлосом далай суу акты.
Жебедей канат күч менен
Замандар жылын чубатты.
Жараткан дешет кудайым,
Асманда, Ай, Күн — чыракты.

Ай төксө сулуу жамалын,
Каргайт дейт ичи жаманын.
Урматтап мени турбайт дейт,
Уйгутуп «кырсык шамалын».
Сактай көр мындан кудурет,
Өмүрүн берип баланын»!

Жалынып эне балага,
Жабыркап түшөт санаага.
Тиленет чүрпө өмүрүн,
Тыйындан берип садага.
— Гүлүмсүң жалгыз жаралган,
Күлүңдөп Айды караба...

Өттү го ошол замандар,
Өттү го «кырсык, шамалдар».
Өрттөдү чындык жалынга,
Өчөшкөн динди агамдар.
Анакей, бизде канаттуу,
Ай, Күнгө барсаң чамаң бар.

Кааласаң мына, билип ал,
Ааламда жатат көп сырлар.
— Ай кандай?
— Ал бир жөнөкөй
Жеримдей күлүк учкан шар,
Жандырдык илим чырагын,
Учуп бар, бөбөк, учуп бар.

## 2. Чоң атам айткан жомоктон

«...Жер дүйнө жаңы жаралып,
Даректар чачын таранып.
Өскөндө чөптөр камыштай
Теребел жакка каранып.
Жез тумшук чыгып адамды
Кырган дейт жерде кан агып.

Чыдабай баатыр Гүлайым:
— Жез тумшук чачын жулайын,—
Деп айтып, байлап кеткен дейт,
Чакырып көктөн нур Айын.
Чагылтып дайым койгон дейт,
Тозокко түшкөн ырайын.

Катырып музга денесин,
Көрүнтүп Айдан элесин.
Жез тумшук көзүн талкалап,
Жамынып жылдыз кебезин.
Ай кызы сулуу Нурайым,
Айткан дейт мындай кеңешин:

«Ким бузса элдин мүдөөсүн,
Кыйындап тартат күнөөсүн.
Таалайы күлгө көмүлүп,
Таталбайт турмуш ширесин.
Эргитип өмүр көңүлүн,
Эмгектен бакыт тилесин...

Айдагы шумдук кара так,
Жез кемпир тарткан көр азап.
Кылымдар күнүн аралап,
Элдер да тиктеп карашат.
Жез тумшук сындуу кан тырмак
Болбосо деп самашат».

Чоң атам айткан бул жомок,
Чойсо да кантип чын болмок.
Көтөрүп алат кээде ал,
Көктөгү Айды кош колдоп,
Укканын айтат канетсин,
Уламыш сырдан болжолдоп.

Ааламдын эч бир жок чегин,
Үйрөттү алтын мектебим.
Иничек дагы тыңдай бер,
Илимдин сырдуу кептерин.
Сүрөткө тартып Ай бетин,
Көрдүк биз тоонун беттерин

Созулуп кургак «деңиздер»,
Созулуп жатат тегиздер.
Аларсың Айдын байлыгын
Ааламда болуп жеңишкер.
Мөмөсүн төгөр бир кезде,
Мөлтүрөп бышып жемиштер.

Кааласаң мына, билип ал,
Ааламдын далай сыры бар.

Өттү го ошол замандар,
Өттү го «кырсык, шамалдар».
Өрттөдү чындык жалынга,
Өчөшкөн динди агамдар.
Анакей, бизде канаттуу,
Ай, Күнгө барсаң чамаң бар.

Каалasaң мына, билип ал,
Ааламда жатат көп сырлар.
— Ай кандай?
— Ал бир жөнөкөй
Жеримдей күлүк учкан шар,
Жандырдык илим чырагын,
Учуп бар, бөбөк, учуп бар.

## 2. Чоң атам айткан жомоктон

«...Жер дүйнө жаңы жаралып,
Дарактар чачын таранып.
Өскөндө чөптөр камыштай
Теребел жакка каранып.
Жез тумшук чыгып адамды
Кырган дейт жерде кан агып.

Чыдабай баатыр Гүлайым:
— Жез тумшук чачын жулайын,—
Деп айтып, байлап кеткен дейт,
Чакырып көктөн нур Айын.
Чагылтып дайым койгон дейт,
Тозокко түшкөн ырайын.

Катырып музга денесин,
Көрүнтүп Айдан элесин.
Жез тумшук көзүн талкалап,
Жамынып жылдыз кебезин.
Ай кызы сулуу Нурайым,
Айткан дейт мындай кеңешин:

«Ким бузса элдин мүдөөсүн,
Кыйындап тартат күнөөсүн.
Таалайы күлгө көмүлүп,
Таталбайт турмуш ширесин.
Эргитип өмүр көңүлүн,
Эмгектен бакыт тилесин...

Айдагы шумдук кара так,
Жез кемпир тарткан көр азап.
Кылымдар күнүн аралап,
Элдер да тиктеп карашат.
Жез тумшук сындуу кан тырмак
Болбосо деп самашат».

Чоң атам айткан бул жомок,
Чойсо да кантип чын болмок.
Көтөрүп алат кээде ал,
Көктөгү Айды кош колдоп,
Укканын айтат канетсин,
Уламыш сырдан болжолдоп.

Ааламдын эч бир жок чегин,
Үйрөттү алтын мектебим.
Иничек дагы тыңдай бер,
Илимдин сырдуу кептерин.
Сүрөткө тартып Ай бетин,
Көрдүк биз тоонун беттерин

Созулуп кургак «деңиздер»,
Созулуп жатат тегиздер.
Аларсың Айдын байлыгын
Ааламда болуп жеңишкер.
Мөмөсүн төгөр бир кезде,
Мөлтүрөп бышып жемиштер.

Кааласаң мына, билип ал,
Ааламдын далай сыры бар.

Алыстан тийип нурлары,
Ай деле Жердей кулук ал,
Учурдук достук жылдызын,
Угуп ал, иним, билип ал.

### 3. Өмүш эмнеге коркту

Тоо булак толгон комузун,
Кубултат назик добушун.
Жаңырат көркөм айлана,
Жамынтып гүлгө конушун.
Тентек жел сылайт бетинен,
Бооруна кысып тоо кызын.

Кыл торко мойнун жабуулап,
Көл бойлоп жылкы жайылат.
Көз жеткис бийик аскалар,
Көк көлгө барып малынат.
Назданган күмүш ак чоку,
Найзадай болуп чагылат.

Тээтиги сайма конуштан,
Көңүлгө кубанч болуп шаң,
Жайлоо жыт жанды сергитип
Жалын жаш оюн курушкан.
Жылдыз да күлөт жымыңдап,
Жарк этип тигил чыгыштан.

Кыз-жигит курса оюнду,
Кызытып дене боюмду,
Сезимге кубат күч берип,
Сермелтти көккө оюмду.
Жүлүнгө сайып алгандай,
Жулкуду бирөө колумду.

Карасам Өмүш кары экен,
— Көзүң курч, балам, кара, сен.

Тутулуп барат Ай бети,
Не болор экен кең мекен.
Айланайын жараткан,
Кырсыктан сакта элди эсен.

Айлантып Айды карасак,
Алсыз нур араң таратат.
Ордодой чийин ак күмүш,
Ороктой болуп баратат.
Шашыла чуркап кемпир-чал,
Карашат, чочуп карашат.

Кан-сөлү кеткен сулуудай,
Күрөң түс сүртүп жылып Ай,
Жашынмак ойноп булутта,
Сары май куйган чыныдай.
Баратса Өмүш мындай дейт:
— Чекебиз быйыл жылыбай,

Төрт түлүк сөөгү каржайып,
Тойбойт го чөпкө дандайып.
Чегинип аштан жүрбөйлү,
Чегиртке анда калдайып.
Ажыдаар каптап кетпесин,
Алтын жер үстүн кан жайып.

Илгери Ай бир тутулуп,
Соо турган уйлар кутуруп,
Бороондо молдо Абыштын
Боз үйүн кеткен учуруп.
Сарбагыш, саяк чабышкан
Салт-санаасы бузулуп.

Сактай көр мындай балаадан,
Союш бар бирден карадан.
Курмандык чалган пайгамбар,
Кызартып канын баладан.
Жыйрылып дене айттык биз,
— Жырткыч го ошол заманаң.

Чакчайып көзү Өмүштүн:
— Келеби сенин сөгүшкүң.
Дүйнө ээси улуу жараткан,
Жылдыздын, Айдын, деңиздин.
Керемет улуу кудайды,
Кереги эмне жериштин.

Өттү го ошол замандар
Өттү го «кырсык, шамалдар»,
Өрттөдү чындык жалынга,
Өчөшкөн динди агамдар.
Алп күчтөй бизде канаттуу,
Ай, Күнгө барсаң чамаң бар.

Кааласаң мына, билип ал,
Ааламдын далай сыры бар.
Алыстан тийип нурлары,
Ай деле Жердей күлүк ал.
Учурдук достук жылдызын,
Угуп ал, бөбөк, билип ал.

Көр азап кетип баштагы,
Сезимдүү тоонун жаштары.
«Түйшүгүн» Айдын Өмүшкө
Түшүнтүп айта баштады.
Ырыска кески дин дешет
Ык салып угуп жаш, кары.

— Жер эне, биздин береке,
Түшүрсө күнгө көлөкө.
Түн шамы Айды чүмкөлөп,
Кызыл нур менен сүйкөнөт.
Каймагын калпып бетинен,
Кабагы Айдын бүркөлөт.

Ободо ак Ай Жеримден,
Он төрт эсе кичине.
Көлөкө тийсе себилген

Белектей кымтып ичине,
Тутулуу минтип башталат,
Түшүрүп темгил изине.

Айланып учуп жебече,
Ай дагы бизге береке.
Туш кийиз көркүн жамынат
Туш келсе ага көлөкө.
Көлөкө ошол «тутулуу»,
Турмушта болду келеке.
Коёндой ыргып селт этип,
Коркпой жүр, Өмүш, эмесе.

Үйрөттү муну мектебим,
Ааламдын эч бир жок чегин.
Сүрөткө тартып Ай бетин,
Жибердик тынчтык кептерин. —
Дегенде көктөн Ай чыкты,
Ак сүткө жууп беттерин.

Чатырап сүттү желиндер,
Кампага батпай эгиндер.
Бейпилге толуп ушул жыл,
Береке төккөн жерим көр.
Белгиси ушул дейт Өмүш,
«Тутулуу» сырын төгүндөр.

### 4. Жылдыздар

Күн батса көркүн кемитпей,
Көк деңиз чачкан көбүктөй,
Жыбырап жылдыз асманда
Көз ымдайт неге эрикпей,
Сүртүнгөн алмаз кабыгын
Денесин Күнгө эритпей.

Карасам түндө айылдан,
Кирпиги күмүш жайылган.
Күлүңдөп сүйкүм мүнөзү,
Күн окшоп кээде чагылган.
Түйшүгү жок жылдыздын
Түбөлүк күлкү жамынган.

Лентадай жалын чыгарып,
Көкөлөп боюң суналып.
Учасың кээде күлүктөй,
Асманга денең кыналып.
Кебиңе каныл дастандуу,
Келсемби деймин сыр алып.

Айткансып жүрөк шыбышын,
Карайсың неге тымызын.
Саламын алсам дейсиңби,
Сагынып Жердин уул, кызын.
Шашпагын тосуп аларсың
Сапарлуу Жердин Жылдызын.

Сыр сурайм бир аз өзүңдөн,
Бал тамса бакыт сөзүңдөн.
Тынчтыгын тилеп элимдин,
Сен болсоң түнду өчүргөн.
Жылдызга жылдыз ынак деп,
Түшүрбөй жүрсөм төшүмдөн.

Кубулжуп сенде манаттар,
Көз илбес алтын канатпы ал?
Антерес[1], Бега[2], Капелла[3],
Ардактап койгон так аттар.
Ким тапты ошол ысымды,
Ааламга даңкы тарап шар.

---

[1] **Антерес** — кызыл түстөгү.
[2] **Бега** — ак.
[3] **Капелла** — сары түстөгү жылдыздар.

Коперник болуп жүрбөсүн,
Жылдызды байкап түндөсүн.
Максаттап айткан бир кезде,
Марстын да Жердей гүлдөшүн.
Галилейчи? Ал дагы,
Сырларды ачкан айдагы.

Венера сымак күлгөнүң,
Качырып дүйнө түндөрүн.
Турмуштун гүлү, Күндүн же
Шериги болуп жүрбөгүн.
Айт, жылдыз сырың батыраак,
Чындык иш менин сүйгөнүм.

Күлмүңдөп шоола тараткан,
Зымырап чыгыш тараптан.
Сүйлөдү сүйкүм бир жылдыз,
Сапарын чегип бараткан.
Дабышы кызык баарынан,
Таңгалтып жанды караткан.

«Сапарым алыс улуу жол,
Айнектей жарык сулуу жол.
Боорумдан күмүш чагылтып,
Досторго дайым берем кол.
Билсеңер тигил күндөн да,
Кубатым күчтүү, денем зор.

Тиктесем гүлдүү жер шарын,
Көрөмүн көркөм эл шаңын.
СССР деген жазуу бар,
Таңданып карайм жер шамын.
Кандырып эмгек сүтүнө
Ийилткен жемиш мол шагын.

Айтайын дагы чын сырым,
Арамдык жолу тыңчынын —
Добулга кетип жок болот,

Кыялбай чындык кырчынын.
Атому менен жок болот,
Кыйратып ташка тумшугун».

Карт эне, Жер энеке,
Өзүңдө толгон береке.
Билгендей айтсам кебимди,
Бир кезде болгом келеке.
Аярлап турчу азыраак,
Айтайын аны эмесе.

«Жылдыздар ыйык, караба,
Жылдыздар ыйык, санаба.
Кырк десең жаның тырп кетет,
Жете албай тилек, санаага»,—
Деп таралган бир кезде,
Карыга, жашка, балага.

Кудайым көктө жашаган,
Шамдарын колдон жасаган.
Асманга жите кагылган,
Алтын мык делип атаган.
Күлкүбүз келет ушуга,
Ишенсе буга жаш адам.

Өттү го ошол «замандар»,
Өттү го «кырсык, шамалдар».
Жаркыган асман жылдызын
Жасашты колдон адамдар.
Жакында бизге келет деп,
Жер шарынан кабар бар.

Айдан да алыс турабыз,
Күндөн да алыс турабыз,
Ынануу буга жок болсо,
Илимден аны сураңыз.
Жырткычка болуп жалын ок,
Досторго колду сунабыз...»

Буларды айтып нур жылдыз,
Арсактуу тоого жашынды.
Дегендей шыбыр: — бил кыргыз,
Канча өмүр сүргөн жашымды.
Издесең балким табарсың,
Ак күмүш таккан чачымды.

### 5. Айга учам

«...Күн үстүнөн күркүрөп,
Күлүк ат болсо мингениң.
Күн кызы анда төркүлөп,
Күнөстүн терсе гүлдөрүн.
Сергитип кырчын өмүрдү,
Сен дагы барып жүрбөгүн.

Ай үстүнөн аркырап,
Алтын ат болсо мингениң.
Арам ой душман калтырап,
Ай кызы болсо сүйгөнүң.
Сейилдеп белек тартуулап
Сен дагы барып жүрбөгүн...»

Энемдин ушул кебине,
Эт жүрөк кетчү элире.
Сабалап кыял асманды,
Заматта келчү жериме.
Акыл, ой, булкуйт жаш жанды,
Айтчы дос, ушул эмине?

Билемин заман бак берди,
Өмүргө өчпөс шат берди.
Ай, Күнгө жетсең мингин деп,
Ракета сындуу ат берди.
Жер, Жылдыздар күлмүңдөп,
Көрдүңбү жаркып өткөндү.

Талпынчу көккө кыялым
Эстесем жердин шеригин.
Жомоктой укмуш угамын,
Тынч эмгек шаңын элимдин.
Көкөлөп Айга учууну,
Көп ойлоп мен да берилдим.

«...Асмандап учкан жетиген,
Ал эмне үчүн жетиден?
Нур төгүп Чолпон не мынча,
Кылгырат тоонун четинен.
Карасам Жерди оюмча,
Суйкайган Айдын бетинен.

Аралап анын «тоолорун»,
Аралап укмуш «зоолорун».
Ак күмүш тагып бетине,
Айга да курсак гүл доорун.
Чечилбес сырың мына деп,
Жомоктоп жазсак томдорун.

Ракета, Жер жандоочу,
Илимдин даңкын коргоочу.
Желбиреп Айда кызыл туу,
Ачылса гүлдүн солбосу,
Нур жайнап орок, балкадан,
Дүйнөнүн болсо жан досу,
Кубанбайт кантип аалам эл,
Ойлочу, досум, ойлочу.
Адамча жашоо өмүрүн,
Эстесем толкуйт көңүлүм.
Ырыска шерик, ынак дос,
Оту бар тынчтык кебиңин.
Ушул сөз Айдан жаркырап,
Ыргытса атом көмүрүн...»

Ойлондум дагы тура албай,
Ой көлдөн калкып чыга албай.

Элиме эмгек этсем деп,
Эрдикти эстен чыгарбай.
Энеме айттым учуу бул,
Мендеги тилек кумардай.

Келечек ээси тойлогон,
Мүдөөсүн элдин ойлогон.
Маршрут: Марс — Ай — Жер болду,
Мекендеп жылдыз ойногон.
Билсем деп улуу сырларын
Ойлоном, улам толгоном.

Дем алыш күнү үйүмө,
Келемин учуп сүйүнө.
Ай бетинен сүйлөсөм,
Таң калба, эне, үнүмө.
Жомокту чынга айланткан,
Сыймыктан, жашоо күнүңө!
Энекем сылап чачтарын:
— Кубанчка бөлөп таштадың,
Жок дебес муну атаң да,
Үйрөнсөң аалам асманын.
Эрдикке канат жаратар,
Эске сал илим жазганын.

Ай көздөй сапар тартарым,
Монолит болсун калпагың.
Эрибес болот ширеткен,
Жарашып көркөм калканың.
Камдагын «деңиз» чапанын,
Болгон соң узак сапарың.

Бетиңден сылап атыр жел,
Узатса уулун баатыр эл.
Толкуну тоодой түрмөлөт,
Уйкуда жаткан деңиздер.
Ырыстын көлү өңдөнөт,
Ыр күүсүн тарткан жеңиштер.

Баатырлык деп сүрүмдү,
Булуттар күндөн сүрүлдү.
Асманга учат улуум деп,
Ала-Тоо башы жүгүндү.
Карбаластайт энекем:
— Камдайын азык, жүгүңдү.
Карасам мекен бетине,
Булбулдар сайрап чечиле,
Торгойлор ырдайт үн салып,
Мегафон[1] түшүп эсиме.
Жадырай күлүп бараттым,
Жай күндүн таңкы кечинде.

Картасы Айдын тартылуу,
Үйрөндүм сүрөт тартууну.
Үйрөндүм окуп көп китеп,
Марс, Айдан жолдуу кайтууну.
Дайындуу болду ракета,
«Пионер» марка айтылуу.

Эзели адам болбогон,
Эбелеп жылдыз ойногон.
Маршрут: Марс — Ай — Жер болду,
Келечек элим тойлогон.
Чечсем деп улуу сырларын,
Толгоном, улам ойлоном.

Тоо булактай тунук шар,
Сезими таза гүл жаштар,
Айтышат толкуп чыдабай:
— Ай менен сүйлөш, курдаш, бар.
Желеги улуу мекендин,
Желбиреп тосуп алат ал.
— Таңдайга балын уюткан,
Жүгөрү, буудай, улук дан.
Ала бар, балам, Марска да,

[1] Мегафон — катуу үн чыгарып сүйлөөчү аспап.

Алмурут, алма уруктан.
Мөмөсүн ийсе бир кезде,
Татабыз күлүп муруттан.
Багбан атам, чоң атам,
Бул оюң абдан жаратам.
Мичурин үнүн Марстан да,
Дүйнөгө түгөл таратам.

Келечек ээси тойлогон,
Мүдөөсүн элдин ойлогон.
Маршрут: Марс — Ай — Жер болду,
Жер жылдыз учуп ойногон.
Билсем деп улуу сырларын,
Ойлоном, улам толгоном.

Көйкөлүп көлдөй көк шибер,
Айкашкан ага көктү көр.
Ракета минген жаш уулун,
Энедей сүйүп өптү Жер.
Апакем айтты жалынып,
— Кабарың секет бат жибер.

Боору жайык, пейли кең
Байлыгы ташкан жеримден
Жөнөдүм... учуп ракета,
Күүсүнөн күн нур себилген.
Айылым калды алыстап,
Ак алтынга чөмүлгөн.

Кол жаңсайт күлүп энемдер,
Кол жоолук булгап жеңемдер.
Жагоо жүз мөлтүр бөбөк да,
Мактанат: — менин агам, көр!
Айткансыйт тигил Жер эне,
Заманың учкул, кеменгер.

Күмүштөй күлүп чар тарап,
Кош айтып гүлдөр жайкалат.

Ысык-Көл сүттөй көбүрүп,
Салтанат куруп чайпалат.
Уулум!.. деп улам бийиктеп,
Тянь-Шань көккө мактанат.

Жер жылдызы жыбырап,
Чолпондой түзүн сулуулап,
Айдан да ары жылдызга,
Салам айт дешет шыбырап.
Айтайын анын саламын,
Соолутуп атом жарагын.

Экинчи уулу корабль[1]
Баратам баскан жол менен,
Уялат булут: — мына бил,
Улуу эл салган жол кенен.
Укнансып муну айылым,
Толкунга батып шерденем.
Ракета нуру чачырап,
Булуттар улам жашынат,
Кандайдыр тигил Марс тарап,
Көгүлтүр болуп ачылат.
Зуу этип аба билинбей,
Зымырап барат алтын ат.

Тигинде кызгылт тараптын,
Нурдуусун жерге тараттым.
Стрелка[2], Белканы[3]
Ойлонуп учуп бараттым.
Ардагы болсом деп коём
Алдымда талбас канаттын.

---

[1] **Корабль** — 19-август 1960-жылы учурулган, салмагы 4 600 килограмм келген советтик космикалык корабль-спутниги. Анын салмагы биринчи корабль — спутниктен 60 килограмм ашык турат.

[2] **Стрелка**, [3] **Белка** — советтик экинчи корабль-спутнигинин жүргүнчүлөрү.

Эзели адам болбогон,
Эбелеп жылдыз ойногон
Маршрут: Марс — Ай — Жер болуп,
Чечсем деп сырын толгоном.
Анткени, жашоо өмүрдө,
Эл мүдөөсүн ойлогом.

Жердеги айлым болуп шат,
Телескоп менен карашат,
Кыйкырат кээде бөбөгүм:
— Тигине, учуп баратат...
Аркырап үнү «мотордун»
Ай нурун кээде талашат...

## ЭПИЛОГ ОРДУНА

Булутсуз жаркын бөбөгүм,
Бул чындык, жалган дебегин.
Айдагы жердин белегин[1],
Аш бышымда көрөмүн.
Ачылды жолу ааламдын,
Аз күндө сен да жөнөгүн.

Кубанчым, арка жөлөгүм,
Көрдүңбү элдин өнөрүн.
Жеткирдик Айга биринчи
Жер бакыты — желегин.
Азамат уул дедиртип
Аз күндө сен да жөнөгүн.

---

[1] **Белегин** — Ай бетине жеткирилген советтик вымпел деген мааниде.

## ПАРОВОЗ

Кош сызыктуу чоюн жол,
Балбандыгы кандай зор.
Сызып поезд келатса,
Учкулуна жок болжол.

Көркү болуп талаанын,
Жиреп тоонун шамалын.
Шашылат алга, шашылат,
Шаңдантып туш тарабын.

Ай паровоз, паровоз,
Вагондоруң жашыл, кооз.
Сени айдаган машинист,
Салам ага бири-эки ооз.

Кызыккандан карайбыз,
Вагондоруң санайбыз.
Тынчтык жүгүн тынымсыз,
Ташыганың каалайбыз.

## ҮЙ-БҮЛӨНҮН ЭРМЕГИ

Эс алуучу чоң бөлмө,
Күзгү сымак көргөндө.
Кош жаңырат, шаңданат,
Комуз тилге киргенде.

— Талантыңдан садага,
Черткин күүдөн жадаба.
Жүрөк толкуп баратат,—
Дейт энеси балага.

Мукам үнүн жаңылап,
«Насыйкат» да жаңырат.
Кирип келип чоң ата,
Неберегe жалынат.

Карап турбай Жаңыл да
Кел берилеп жанына.
Шайыр менен бийлесе,
Кол чабылат жаңыра.

Жаздын талаа гүлүндөй.
Шаттуу-шаттуу күлүңдөй.
Кырс-кырс этсе колдору,
Кетет көзгө билинбей.

Кыяк дагы тартылат,
Кызык сыры барчылап.
Обон кошсо Орошбек,
Ырдын көркү артылат.

Биздин-биздин элдеги,
Үй-бүлөнүн эрмеги.
Артисттерден кем эмес,
Ырдап, бийлеп бергени.

## МИЧУРИНЧИ БОЛОМУН

Үч жыл мурда тиккемин,
Түркүн жемиш түптөрүн.
Иштеп, тынбай сугарып,
Мөмөсүн да күткөмүн.

Тоонун тигип жаңгагын,
Сортун тандап алманын.
Айтып далай мактанып,
Агрономго баргамын.

Көркөмү бар жагымдуу,
Көрчү, жемиш багымды.
Мончок бүрүн жайнатып,
Жыпар гүлүн тагынды.

Көрүп жүргөн күндөгү,
Алма, өрүгүм гүлдөдү.
Кооз, сүйкүм көрүнүп,
Булбул безеп үндөдү.

Сымап суусу жылтырап,
Желге жыты буркурап.

Жашыл кийип түрлөнүп,
Жайнап көркү кулпурат.

Өсүп жийде, долонум,
Жемиши көп короомун.
Бак өстүрүп, сорт тандап,
Мичуринчи боломун.

# УЛАГЫМ

Ай, улагым, улагым,
Тентек кыял чунагым.
Жеген чөбүң бал татып,
Жетилсе деп турамын.

Эркелесең сүйөмүн,
Каткырамын— күлөмүн.
Чоочуркабай кишиден.
Чоңойсо деп жүрөмүн.

Ичсең тоонун булагын,
Жесең жайлоо тулаңын.
Таштан-ташка секирип,
Таркабаган кумарың.

Ой, улагым, улагым,
Оюну көп чунагым.
Жалама зоо, тик аска,
Сенин беле турагың?

Секирип кээде ойносоң,
Кыяны тике бойлосоң.
Жыгылып кетер бекен деп,
Коркомун сени ойлосом.

Ай, улагым, улагым,
Тентек кыял чунагым.
Жеген чөбүң бал болуп,
Жетилсе деп турамын.

## КАРА ЧЫЙЫРЧЫК ДОСУМА

Жайнап учуп келет деп,
Жаздын көркүн берет деп.
Конор жериң баягы
Бийик үй, же терек деп.

Жайдар мүнөз көңүл шат
Балдар сени карашат.
Тал боорунда уяң да,
Татынакай жарашат.

Жыргал ээси биздин жак,
Достук даңкы өскөн чак.
Кайрат күүсү жүргөнсүйт,
Канатыңда жаркылдап.

Кымбат досум чыйырчык,
Зыянкечти кырып чык.
Биздин колхоз талаасы,
Түшүм берсин тоодой жык.

Ылдам учсаң көкөлөп,
Балапаның бөпөлөп...
Чыйырчык деп ырдайбыз,
Чынар досум экөөлөп.

## ЖЕЛ КАЙЫК

Карасаң, тигил Боромбек:
— Капитаны болом! — деп.
«Кайыгын» салат көлчөгө,
Кыялданып кедеңдеп.

Мынакей кетти жел кеме,
Толкунга бою термеле.
Умтулат алга, умтулат,
Удургуп-кайкып сермеле.

Карасаң, тигил Боромбек
Конструктор болом деп.
Кайыгын карап турат ал,
Жээктей чуркап кедеңдеп.

Жаш тилек ушул баланын
Жадырап ойнун карадым.
Максаты сонун экен деп,
Кесибин мен да самадым.

## БУЛЬДОЗЁР

Омкоруп чий, таштарды,
Кызык иштен баштады.
Тентек сайдын өзөнүн,
Тегиз кылып таштады.

Түрүп жердин кыртышын,
Көрчү жайык курч тишин.
Атырылат аркырап,
Көрсөткөндөй көп күчүн.

— Кандай иши таптаза,—
Деп атакем мактаса,
— Буту зор,— деп энекем,
Тетири айтат таптаза.

Күлдүм улам каткырып,
Көңүлүмдү шат кылып.
Бульдозёр, эне, ушул деп,
Дааналап айттым жат кылып.

# ӨНӨРПОЗДОР

Бир короодон үндөр чыгат ойногон,
Көрүп аны шаттанамын, ойлоном.
Бири «врач», бири «малчы», бири «учкуч»
Кесипке бай, билимдүүлөр ондогон.

Күр-күр этип, мына келди «машина»
Кирпич ташып «куруучулар» кашына.
Тоо суусундай толкуп эмгек ташкыны.
«Жумушчулар» иштеп жатат шашыла.

Көз талдырган төрт кабат «үй» салынды...
Көрккө бөлөп, биздин кыштак, айылды.
Агроном ар урукту септи эле,
Аркы четте «бакча» гүлдөп жаңырды.

Айланайын бөбөктөрүм, ойногон,
Кыялданып келечегин ойлогон.
Сенден чыгат гүлү жаңы ачылып,
Мекенимдин өнөрпозу ондогон.

## ЭМГЕКТЕНЕР КЕЗ КЕЛДИ

Эс тарткандан дүйнө бетин карасам,
Өз өмүрүм окшоп кетет балапан.
Барчын болуп талбас канат жаратып,
Жыргал турмуш кемесинде баратам.

Мына бүгүн сезим курчуп өзгөрдү,
Билим үйүм эмгек, акыл-эс берди.
Тооң барбы, көтөрөйүн, мекеним,
Күчүм толуп, эмгектенер кез келди.

## БАРАБАН

Бир, эки, үч урулганда барабан,
Шаң чыгарып, кызуу эмгек талаадан.
Оюн куруп балдар, кыздар келатса,
Көңүл эргип, сүйүү менен карагам.

Музыка ойноп, биз иштеген талаадан,
Назиктенип күүсүн чалса барабан.
Мага окшоп, улам карап таңданып,
Келе жатты күлмүңдөгөн садагам...

## ЭНЕ МЕНЕН БАЛА

— Айтчы энеке, күн эмнеге кызарат,
Кышы кыска, жай күндөрү узарат.
Ала-Тоолор асман тиреп чалкалап,
Эмнегедир күмүш суулар күү чалат.

Кээде булут, кээде шамал аркырап,
Жылдыз неге күйүп турат жаркырап? —
Деген суроо карт энени ойлонтсо,
Небереси жообун күтүп шаштырат...

Эне бир аз эркелетип Бектенин,
Айтып ага жети жашка жеткенин.
— Сен сураган табигаттын сырларын,
Үйрөтөт,— дейт,— билим берип мектебиң...

## ГАРМОНЧУ

Жумуш кызып болгон кезде чаңкай түш,
Бак аралап, көл жээгине келдик биз.
Чарчоо билбей айдай кабак жарк этти,
Ортобузда ойногондо гармонист.
Карап турбай балдар да,
Кол чабышып Сарманга,
Эс алуубуз айланды бейм сайранга.

Жай мезгили килем көркүн алмашып,
Алтын күзүм келген кезде кырды ашып.
Туу көтөрүп пионердик бригада
Тынбай иштеп, күжүлдөдүк чер жазып.
Мында дагы гармонист
Ойноп берсе ырдап биз
Данын төгүп, сый көрсөттү күрдөөл күз.

Сары мурут, ак буудайым термелип,
Саякаттап зор капчыгай жер көрүп.
Желбиреп туу, жеңилгенде муз чоку,
Гүл жайнаган жерибизге шаң берип,
Мында дагы гармонист
Ойноп берсе ырдап биз
Күлүңдөдү мекен — талаа, мейкин түз.

## ШАРКЫРАТМА

Кооз-көркөм, сөзгө шай,
Кайың, арча, карагай.
Келишимдүү кең өзөн,
Келатабыз аралай.

Бир кезекте топтолуп,
Бийик ташка токтодук.
Алды жакта кашка суу
Атырылат октолуп.

Күмүштөнүп күрүлдөп,
Күүсүнөн чөптөр дирилдеп.
Агат, ташыйт аскадан
Көбүк чачып бириндеп.

Өткөн жылы жайында,
ГЭС курулган чагында.
Кубатынан, күчүнөн
Нур төгүлгөн айылга.

## СТАНОК

Атам айтты — станок
Кыймылы тез учкан ок.
Күү-күү этип карасаң,
Чимирилет өтө шок.

Сурап калдым шол замат:
— Мындан нелер жасалат?
Анда минтет атакем:
— Бул чоң ишти аткарат.

Трактордун винттерин,
Соко, тырмоо тиштерин
Бир формада бат жасайт,
Кемтик кылбай эч жерин.

Сүйүп атам кесибин,
Жан досундай өзүнүн.
Станогун ардактайт
Карегиндей көзүнүн.

Атам менен Бекболот
Башкарып ал станок,
Иштеп жаткан элеси,
Эсимден эч кеткен жок.

## ОКШОП КЕТЕТ

Көрк талашып кыюулары, чачпагы,
Көрчү-көрчү сүттөй тунук аппагы.
Кадырласа, кийсе дайым жарашкан,
Жөпжөнөкөй кыргызымдын калпагы.

Көктү тиреп күмүштөнсө ак кары,
Бермет чачып салааланып акканы.
Кайда жүрсөм Ала-Тоомо айкашып,
Окшоп кетет кыргызымдын калпагы.

## ДАГЫ ЭМНЕ КЫЛАСЫҢ?

Чуркап чыкты жаш бала,
Атага ынак маш бала.
Сагын кары элжиреп,
Сагынычын жазды ана...

— Чоң ата, абдан сагынам,
Кетпечи эми жаныман?
— Кетпейм эми, берекем,
Келбедимби жаңыдан.

Олтургузуп алдына,
Сөз сырына кандыра,
Тамашалуу сүйлөшөт,
Табышмагын жандыра.

— Сен жетилип келесиң,
Гүлдүн берип элесин.
Чоңойгондо атаңа
Эмне кылып бересиң?

Бала бир аз ойлонот,
Баш кийимин оңдонот!
— Баарыңарды жыргатып,
Багып берем огород.

— Ой, оой кыйын турбайбы,
Атакеси жылмайды:
— Айтчы, Жакин ырасын
Дагы эмне кыласың?

Өтө калып алдыга,
«Победасын» алды да.
— Таякеме каалasaң —
Жеткиремин Нарынга.

Күлүп, жыргап карыя,
Небересин жыттады.
Бала болсо алдында,
Ойноп жатып уктады...

## ОРОШБЕКТИН КЫЯЛЫ

### I

Кымбаттуу достор!
Азыр кичине боюм,
Бирок, эң эле күлүк оюм...
Бат эле чоңоюп,
Адептүү өсүп момоюп,
Көрсөткүм келет циркте оюн...

Анан дагы бир кыялым бар:
Алп каракушту кармап алсам дейм,
Аны океандагы Акулага салсам дейм.
Деңиз түбүнө шаар куруп,
Электр болуп жансам дейм...

Бардык айбанаттын тилин билип,
Аюуну, бугуну чыпалагыма илип,
Бөрүнү, жолборсту, түлкүнү
Жарыштырсам,
Кимиси күчтүү, кимиси күлүк!..
Аныйпа,
Калыйпа,
Анарбек,
Санарбек,

Баарысы кубанышса —
Өнөрүмө кулак түрүп...

Бах, чиркин ай!
Ушулар мендеги кыял,
Бирок кыялды ким тыяр!
А балким, көп жылдар өтүп,
Канаттуу кыялым чындыкка чыгар.

II

Кымбаттуу балдар!
Чын эле кичине боюм,
Бирок өнөргө тартылат оюм.
Кыйындык болсо буйдалбай жеңип,
Ишке ашырсам, элимдин тилек, оюн.

Бат эле жасап өлбөстүн дарысын,
Жашартып койсом адамдын карысын.
Элим менен өмүрлүү жашап,
Бактылуу кылсам баарысын...
Адам акылы алты эсе өсүп,
Согуш деген каргыш түбөлүк өчүп,
Дайыма жашаса мекеним —
Бакыттын,
Тынчтыктын,
Сулуулуктун нуруна көшүп...
Аныйпа,
Калыйпа,
Анарбек,
Санарбек
Баарысы айтышса өнөрлүү дешип...
Бах, чиркин ай !
Ушулар мендеги кыял,
Бирок кыялымды ким тыяр!
А балким, көп жылдар айланып,
Кыялдын бардыгы чындыкка чыгар.

## ДАРАГЫМ

Көркүң көрүп көңүл толкуп жанамын,
Жашыл келбет, жаш көчөттүү дарагым.
Күндөн күнгө, айдан айга, жылдан жыл,
Сен өзгөрүп, мен да өзгөрүп барамын.
Телегейиң тегиз болуп чачырап,
Өсө берсин бир өзүңдөй заманым.

## АЙТСА ЭКЕН

Бал бөбөгүм эрмегим,
Чыгып оюн эмгегиң.
Турмуш көлдө чалкыган,
Алгач канат сермедиң.

Бал бөбөгүм эрмегим,
Кыял күүдө термедиң.
Эр жетилсең айтса экен
Эстүү экен деп эл-жериң.

# БИЛИМ ҮЙҮ

## I

(1-сентябрга)

Күлкү үндөр — бакыт береги,
Кимдер аны сүйкүм жаратты.
Октябрдын берген белеги,
Октябрым берип канатты.

Бөбөк барат ана, сүйүнүп,
Билим көлгө чексиз чалкыган.
Жайнап бүчүр жаңы түйүлүп,
Жан жүрөктөр ага тартылган.

## II

Тамчы суудан дайра куралып,
Агат, ташыйт өзөн күрүлдөп.
Тоо, талаалар көркүн чыгарып,
Өсөт дарак, өсөт дүрүлдөп.

Бөбөктөр да анда жетилип,
Мекен карзын, сүтүн актамак.
Далай сырлар анда чечилип,
Далай ырды сезим жаттамак.

Оку, бөбөк — окуу — ынагың,
Канат күүлө, бийик, тереңге.
Толкуп-ташып билим булагың,
Жан киргизгин жансыз кереңге.

Келечегиң бизди жыргатып,
Элес келет эрдик өмүрдөн.
Бийик белес, далай кырды ашып,
Толкун жарат билим көлүңдөн...

III

Жамгыр тийсе жериң жашылдан,
Жаш бөбөгүм — арка-жөлөгүм.
Жуурулушуп ишке жашыңдан,
Журтка тийсин сенин керегиң.

Окуу күнү кайра башталып,
Коңгуроого сезим чагылды.
Билим үйү алгач баш багып,
Билим үйгө балдар агылды...

## БАРАБЫ ЖУМУШ КЫЛГАНЫ?

(Бөбөктөр сурашат)

Эмне үчүн апа, карачы,
Зуулдайт балдар чанасы?
Каяктан келген чыйпылдап,
Чымчыктардын баласы?

Алардын барбы тууганы,
Аюунун бар ээ, тырмагы.
Картошка айдап бизчилеп,
Барабы жумуш кылганы?

## ЖАРКЫЙ БЕРСИН КЕЛЕЧЕГИҢ

Күлгүн, Абай, күлгүн бөбөк,
Күлкүң сонун шаңга бөлөп.
Эстүү болуп бат чоңойсоң,
Эмгек сыйың элиң көрөт.

Жырга, Абай, шаттан бөбөк!
Жыргалыңа аттан бөбөк.
Кызык болуп ата-энеге,
Кыялдарың жаккан бөбөк.

Бакыт күнүң — эне сенин,
Зуулат далай жыл эсебин.
Жакшы бала атка конуп,
Жаркый берсин келечегиң...



## КҮЗДҮ КҮТҮП ЖҮРӨМҮН

Окуу кетпейт — оюмда,
Окуу чыны сонун да.
Бирок быйыл барбадым,
Жетпей жашым, боюм да.

Мектеп дайым оюмда,
Турам мектеп жолунда.
Өтөт балдар ойношуп
Китептер бар колунда.

Апам айткан билемин,
Мен да быйыл киремин.
Окуу күнү — Сентябрь,
Күздү күтүп жүрөмүн.

## ЭСТЕЛИК СӨЗҮ

Кыздар келсе гүл көтөрүп койгону,
Пайда болуп менде чексиз толгонуу.
Ачык сүйлөп, ачат сырын эстелик,
Көл толкундай көлкүп ташкын ойлору.

Жаттар өткүс бекем чептүү таш болуп,
Керек десе өлбөс өмүр жаш болуп.
Мен силерге металл болуп эридим,
Мээрим десең жашыл дүйнө жаз болуп.

Жылдар өтсүн, эчен кылым таң атсын,
Сен унутпа сырын тарых барактын.
Отту кечип, окту тосуп алдым да,
Мен өзүмдү өлбөс кылып жараттым.

Өмүр таңым болбой эзел арманда,
Күлкүм менин ойноп жаткан балдарда?
Аппак сүйүүм миң жашарып, тазарып,
Эмгек жолум эрдик туусун алганда.

Обон-ырым — тоо дайранын шарында,
Сулуулугум жайдын өчпөс таңында.
Шаттык жылым кайталанып элестүү,
Кыз, жигиттин намысында, арында.

8*

Кыштар өтөт, жаздар гүлүн тагынат,
Кыштак өсүп, шаар эчен жаңырат.
Улуу Мекен сенин чексиз койнуңда,
Уулуң бүгүн күн нур болуп жагылат»..

Кыздар келсе гүл көтөрүп, койгону —
Пайда болуп менде чексиз толгонуу.
Ачык сүйлөп, ачат сырын эстелик
Көл толкундай көлкүп ташкын ойлору.

## КҮМҮШ ТАМЧЫЛАР

Тамчы кулап, бийик тоонун боорунан,
Кыялымда кызык көрөм, тоорулам...
Тизмектелип бермет ойлор менде да,
Шуру издеген көп балдарга жолугам.

Тик зоолорго түшүп тентек издерим,
Көрүп жазды, көрүп тамчы күздөрүн...
Жаралуу аркар жонун тоссо тамчыга.
Көрдүм анын жашара да түшкөнүн.

Бермет сымак мөл тамчылар уюлган,
Зоо күңгүрөп, көз жашыбы куюлган?!
Же күмүшпү жер алдынан жылт этип,
Асыл болуп, адамзатка сунулган?!

...Деп ойлонуп кетпей зоонун түбүнөн,
Күүлөр угам ак тамчылар үнүңөн.
Сууңан татып, өлбөс мүрөк ичкенсип,
Өмүр жолдо өзүмчө эле сүйүнөм...

Сүрдүү зоолор салаңдатып кабагын,
Төксө мейли мөңгү ойнотуп кабарын.

Тып-тып этип, акак күмүш тамчылар,
Билдиргенсийт толкун канат жаярын...

...Ошол тамчы, ошол дайра агымын,
Талаа татып жайып гүлдүү тамырын.
Мен да бүгүн жолугушуп кайрадан,
Көрдүм үйдөн ата Ильичтин жарыгын...

# КАРКЫРАЛАР

— Каркыралар! Каркыралар!
Учат кыркар тартып алар.
Сүйөт бекен балапанын,
Уясына кайтып алар?
    — Унутпай уя — «калаабызды»
    Унутпай бир боор балабызды.
    Балгын өмүр тилектерге,
    Бөпөтай жан жүрөктөргө
    Бөлгөнүбүз ой-санаабызды.
— Мээрим жүздүү каркыралар,
Мекен жүгүн артып алар.
Көксөйт бекен дос, тууганын,
Көк асманда калкып алар?
    — Болсо дагы сапары алыс,
    Жүрөктөрдө кайнап намыс.
    Киндик кандар тамган жерге,
    Артып сагынч, толкун ырлар,
    Кайрылабыз жазда — жарыш.
— Өрүш алган каркыралар,
Өмүр күүсүн айтып алар.
Бар бекен бай максаттары,
Көңүл отун тартып алар?
    — Ата Журтка бакыт күткөн,
    Тилек, ойлор аппак сүттөн.
    Кайрат берер күч-кубаттар,
    «Карк-карк» эткен каркыранын,
    Канатында сынбас бүткөн.

## КАРЫПБАЙ

Ылдам, кээде кайып жай,
Ыргып балдар балыктай.
Сүзсө жашыл көлмөдө,
Турат неге Карыпбай?!

Суудa сүзө билбеген,
Суу спортун сүйбөгөн,
Айрөк, айрөк Карыпбай,

Өрдөк болуп кээ бирөө,
Чулгуп мөлтүр көлүнө.
Сүзсө мойнун койкойтуп,
Суудан күмүш төгүлө.

А Карыпбай момун-а,
Алып колун бооруна.
Турат терин агызып,
Чиркей конуп жонуна...

Сыртта тердеп камыкпай,
Шыктуулугуң аныктай,
Суу спортун жактырып,
Сүзгүн эми Карыпбай.

## ТАШТАР

Тоо этек көрсөң жайнаган,
Таштар көп, таштар айланам...
Таштарды жарып сызылып,
Таш булак ырдап кайнаган.

...Камырдай кесип таштарды,
Катар үй нугу башталды.
Талаанын бетин бербеген,
Таш калбай, эми саз калды...

Кубанды карап энекем,
— Курулуш... жомок дебе сен...
Кудуңдап эсен чоңойсоң
Курасың үйдү берекем...

— Ай, эне, сонун тилегиң,
Алп болуп менин билегим.
Асыл иш өнөр үй куруп,
Асмандап кран минемин.
Акак түс үйдөй таштарды,
Абамдай мен да тилемин.

...Таш үйлөр эми заңгырап,
Караган көздү талдырат.
Ээндеп калган жерлерди,
Эндик гүл басып албырат...

# БАЛАТЫ

Көзгө сүйкүм көрүнүп,
Көркүң бермет төгүлүп.
Балаты деп атасам,
Бакыт таңым көрүнүп.

Кайырмасы: Кичинекей балаты,
Чардак бутак канаты.
Жашыл тартып кышта да
Жарашыгын карачы!

Жаштык алып дүйнөдөн,
Жашоо кебин сүйлөгөн.
Токой болор чегинде,
Торгой безеп үндөгөн.

Кайырмасы: Жаш үмүттүү балаты,
Жашыл гүлдөр арасы.
Келген адам шерденген,
Керемет бейм абасы.

Жашыл чырпык күнүңдө,
Суу мөлт этип түбүңдө.
Үлпөт күтөр сыйың мол,
Күн нуруна күлүңдө.

К а й ы р м а с ы: Жетип күнгө чамасы,
Бийик тилек санаасы.
Балатыдай мен дагы,
Гүл мекендин баласы.

# ТӨРТ ЖАШЫНДА КАТТЫ ТААНЫГАН

(Николай Островский жөнүндө)

Бою жапыс, Коля кичине,
Болгон менен үйдүн кенжеси.
Ичи жылып анын ишине,
Ыраазы эле тууган-жердеши.
Катар алып тарых сабынан,
Төрт жашында катты тааныган.

Гүлдөр өчөт түркүн жайнаган,
Кызыл, сары, агы бар дагы.
Өмүр жолун өчпөс тандаган,
Коля бүгүн заман ардагы.
Татып турмуш ачуу даамынан,
Төрт жашында катты тааныган.

Бүгүн бийик анын карааны,
Кээде көрсөк — күчтүү чагылган.
Мөмө төгүп өмүр дарагы,
Кайталанып жаздай жаңыоган.
Катар алып тарых сабынан,
Төрт жашында катты тааныган.

## БӨБӨГҮМДҮ ОЙНОТСОМ

Көрчү бөбөк кас турат,
Көңүлүмдү наз кылат.
Келечеги гүл болуп,
Көз алдымда жаз турат.

Талаа кары кете элек,
Эки жашка жете элек.
Таалайына кубанып,
Тай-тай деймин жетелеп.

Ич эзилип кубанам,
Иним менин убарам.
Көрөм кээде кыялын,
Көтөргүн деп сураган.

Анда жайып кучагым,
Улам өөп, кысамын.
Кээде эрип дене-бой,
Кең дүйнөдө сызамын.

# ӨҢ КЫЗАРГАН АЛМАДАЙ

I

Жаркып турса жол кенен,
Жазып, чийип бор менен.

Кет десе да болбодум,
Кечке жолдо ойнодум.

Кырда арык таштарын,
Кырдап жолго таштадым.

Ой, оңбогон бала деп,
Ойногонун кара деп,

Эжем менин Салыйма,
Эске салып да кыйла.

Эркке койбой ой-боюм,
Тазалаткан жол боюн...

II

Да бир күнү кечинде,
Уйлар келер кезинде.

Ойноп жатып дилдирек,
Муну кимдер билди деп.

Ала качсам үйүмө,
Аскар чуркап бүлүнө.

Ал бакырып ыйлаган
Элдер келип кыйладан...

Уят болгом, балдар ай,
Өң кызарып алмадай.

## АТАКЕҢДИН КЫШТАГЫ

Троллейбуста чоң ата,
Олтуруп мага жанаша.
Жөнөдүк шаарды аралап,
Куруп, оюн-тамаша...

— Көпөлөгүм небере,
Айтчы билсең сен эле.
Тигил зымдар жарышып,
Тартылган ал эмнеге?

— Э, чоң ата, кызыксыз,
Билбейсизби аны сиз
Жүрө албасын троллейбус
Электрсиз, кубатсыз.

— А берекем ким билет,
Коштоп зымды бир жүрөт.
Көрсө электр ток беле,
Үн чыгарткан күрүлдөп...

— Ооба, ата, таптыңыз,
Деп күлүңдөп айтты кыз.
Силер турган кыштакта
Жарык берип туш-тушка,

Күйөт качан нур жылдыз
Жүрөт качан троллейбус.

— Эмгектенип биз дагы,
Үйлөрдү курдук, ГЭС жаңы.
Шаарыңдай болот садага,
Атакеңдин кыштагы.

## КЫШ ЭЛЕСТЕРИ

### 1. Кызыктым

Көчө бойлоп мүнөткө,
Көз жүгүрт кыш— сүрөткө.
Аппак болуп айлана,
Ак куу элес жүрөктө.

Кар, борошо камчы алып,
Калың түшсө канчалык,
Береке дейт ар бир жан,
Бейпил журтка жар салып.

Бапырандап дүбүрөп,
Балдар андан сүйүнөт.
Ал-кубаттан ажырап,
Аяз минтип күйүнөт.

— Кылыч кармап келсем да,
Кыш ыраатын көрсөм да.
Айнек тагып, муз тагып,
Агын сууну жеңсем да.

Үшкүрсөм да буулуга,
Бир кебелбей суугума.
Кызыктырды, кызыктым
Кыштагымдын уулуна.

## 2. Уюп калды

Ырыс бөбөк садага,
Ызгып күлүк чанада.
Келет күлмүң этип ал,
Капалык жок санаада.

Кууп анын артынан,
Муз каймагын калпыган.
Келет Шекер кыз дагы,
Кеме көлдө калкыган.

Карап туруп баарысын,
Кар, муздагы жарышын.
Билип койдум Ырыстын
Бийик, бекем намысын.

Аралашып оюнга,
Аралашып сонунга.
Ушул жерден ыр сабы,
Уюп калды оюмда.

## 3. Кимиси кыйын
(Аяз Ата менен Шекербек)

Ш е к е р б е к: — Аяз Ата, кел бери,
Айтам сырды мендеги.
Албан күчүң деп билем,
Ак айнегиң жердеги.
Калпыс кылбай айтчы да,
Кандай күч бар сенде эми?

А я з А т а: — Эмгек десе барбаган,
Эринчээктик жандаган.
Эси жоктор көп болсо,
Эргийм көрүп, шаңданам.
Эки эселеп ызгаарым
Эшик, төрүн айланам.

Ш е к е р б е к: — Тосуп эрте кыш камын.
Тоготпой суук ызгаарын.
Жымың этет түндө да,
Жылдызданып кыштагым.
Көк жалтырга көрк берген.
Көрчү уул-кыздарың!

А я з А т а: — Күмүш кийип байтерек,
Бубак тону кайтелек,
Бутактарда сайраган,
Булбул ырын айталек.
Тумчуктуруп булакты,
Төгөм көктөн кант элеп.

Ш е к е р б е к: — Каздар учуп көктөгү,
Келет жаздын көктөмү.
Кызык дешет биздин эл
Кыштын кыштай өткөнү.
Чыйрак кылат кайрадан
Чымчып аяз өпкөнү.

А я з А т а: — Ай, Шекербек, Шекербек,
Алп жүрөктөн экен деп
Айтат сени көп бала,
Аяз-суукка бекем деп.
Айтчы анын себебин
Балким тиер керегиң?

Ш е к е р б е к: — Бутка коньки байланып,
Барчын куштай айланып.
Жол салып тоо төрүнөн,
Кышта суга чөмүлөм.
Кыйрын артып жеримдин
Кыш-аязга көнүгөм.
Ошон үчүн кыпкызыл,
Өчпөй жүрөм өңүмөн!
Сергек болуп сезимим,
Артып саны «бешимин».

Барат алга жетелеп,
Спорт деген чечимим.

Аяз Ата: — Жай кез жашыл жамынып,
Күз үлпөтүн сагынып.
Кыш ай келет кырчылдап,
Кырга шейшеп салынып,
Айлана, ээ муңайым,
Айтчы сенден сурайын?

Шекербек: — Ыракаттуу ар убак,
Кышты балдар сагынат.
Шуру тагып кашка суу,
Шыргалаң көп агылат.
Сезимдерде кандайдыр
Сулуу келбет чагылат.
Суктандырган кыш айын,
Аяз Ата, кел бери,
Сулуулайлы баарылап!

## 4. Елка оюнунда

Елка... оюн башталып,
Түлкү күлөт баш багып.
Мышык күлүк жөргөлөп,
Жолборс үнү таш жарып.

Аюу бийлеп акырын,
Айтып мындай акылын:
«Секирип өт үстүмөн,
Көрсөтүп тез закымың».

Дейт да боюн чөгөрөт,
Кээде турат чөгөлөп.
Минип ага жаш «күчүк»
«Торопойду» өңөрөт.

Элик турган четирээк,
Эргип ал да секирет.

Коркуп көзү алаңдап,
Коён талга бекинет.

Аюу кайра жүгүрөт,
Бийлеп элге жүгүнөт.
Майпаң этет кыймылы,
Маймыл кулак түргүлөп.

Мамалактуу, баласаак,
«Аюуну» биз аясак.
Карнавалда ойногон,
Балдар экен карасак...

### 5. Коньки жарышында

Күлмүң этип агылып,
Күзгү болуп муз жатат.
Күн нуруна чагылып,
Күмүш чийин из жатат.

Жүр, конькиде Керимбек,
Жүзүң нурдуу жайнасын.
Кайрат ташып, күч артып,
Кан жүрөктө кайнасын.

Зуу-зуу этип конькинин,
Чыйыр изи сызылат.
Үшүп турсак көгөрүп,
Тамылжыдык ысылап...

### 6. Булут менен сүйлөшүү

Булоолонуп деңиз, дайра, көлүмдөн,
Булут келет чуудалары төгүлгөн.

Суроо бердим: — Шашып кайда барасың,
Аралап сен аска-тоонун арасын?

Булут күлөт сылап кебез сакалын:
— Билгин бөбөк, иш көп, алыс сапарым...

Улам көчүп, тоо баштарын чаламын,
Талаа-түзгө ак кар, кымкап жабамын.

Дыйкан болсо мол түшүм деп сүйүнөт,
А сен, бөбөк, кыш кадырын билип өт.

Көңүл ачып коньки, лыжа, чанада,
Чымыр өсүп, сергек болгун, садага.

— Булут досум айтканыңды аткарам,
Спорт сонун... спорт менен такшалам.

## МЕКТЕБИНЕ УЗАТТЫ

— Күнгө, айга жанашып,
Күндүн нурун талашып.
Жайдары өскөн балалык,
Жайкы гүлдөй жарашып.

Күүлөп канат талпынып,
Күндө сезим артылып.
Өрнөктүү өскөн балалык,
Өчпөс элес калтырып,—

Деп энеси Алтынай,
Тургансып көктө балкып ай.
Эркелетти нур кызын,
Мээрин төгүп жаркырай.

Кубатындай зор иштин,
Символундай жеңиштин.
Тоодон ашат кубанчы,
Толкунундай деңиздин.

— Жаңырып жети жаз айы,
Жамынып түркүн пашайы.
Жан эркем, сен да жетиде,
Мектебиң күтөт атайы. —

Имерип кызын колуна,
Улам кысып бооруна.
Жалынат эне жалынат,
Ыраазы болуп дооруна.

— Ээ, секетиң кетемин,
Экинчи энең мектебиң.
Босогосун кең атта,
Ачып китеп беттерин.

Көрсөң тарых барагын,
Билимге бай заманың.
Жетилип өс чолпондой,
Жибек гүлүм — жамалым.

Билим жемиш — эң таттуу,
Берген бизге кең бакты,—
Деп энеси Жибекти,
Мектебине узатты!...

## ЖОМОКТО ЖАНА ТҮШҮМДӨ

### 1

Күн батат кызарып,
Кирпиктер узарып.
Шуулдайт чоң өзөн,
Шыргалаң муз агып...

Арчалар беттеги,
Атыр жыт сепкени —
Дүпүйөт күүгүмдө,
Сакчыдай чектеги...

Нар чөккөн төөлөрдөй,
Күрөшчү дөөлөрдөй.
Аркаят аскалар,
Ак музу көөнөрбөй...

Сезимге шат бөлөп,
Укчу— деп, ак бөбөк.
Кыш түндө энекем
Жомогун жобурап,
Кызыктуу өткөрөт...

Түн кезип нарылап,
Сапарым дагы улап...
Баратсам жылдыздар,
Кол сунуп агылат...

Жомоктор коркунуч,
Эч кетпей оюман.
Дайра, тоо, деңиздер,
Керемет жемиш бак,
Токойлор жолугам...

Кез болуп балдарга,
Кез болуп балбанга,
Таңгалттым дүйнөнү
Жеңип зор майданда.

Кайраттуу балага,
Эл дуулдап: — Садага...
Алкыш! деп айтышат,
Айылда, калаада...

2

Метеорит беттешем,
Марска да кездешем.
Сагынам туралбай,
Энекем эстесем...

Жеңиш күү чалынып,
Барабан кагылып.
Досторум Марстагы
СССР өкүлүн
Тосушат жабылып...

Желбиреп желегим,
Толкундап келемин.
Алып күн өлбөстүк,
Аралап Ай, «жерин»,
Алмаз, гүл теремин.

Жайы, кыш көгөрүп,
Мээримге бөлөнүп,
Тууган жер-журтума,
Келемин кайрылып.
Күн нурун өңөрүп...

# ЖЫЛ АЙЛАРЫ СҮЙЛӨШӨТ

**(Жаңы жылдык карнавал оюнун аткаруучулар үчүн)**

Көз жоосун алган ар түрдүү оюнчуктар, жылдызчалар, электр шамдары менен кооздолгон Жаңы жылдык ёлка. Анын тегерегинде он эки бала кол кармашып ырдап, бийлеп, «Жыл айлары сүйлөшөт» аттуу ырды көркөм айтып берүү менен аткарышат. Балдар жыл мезгилиндеги ар бир айдын өзгөчөлүгүнө жараша кийим кийишкен. Ошентип, ыр оюн баштоочунун жетекчилиги менен ишке ашырылат.

Оюн баштоочу:

Бар экен он эки айдын кубанычы,
Сырга бай, ынтымактуу үн алышы.
Жаадырап жыл жаңырды күмүш кабак,
Жомогун Январдын угалычы!..

1-бала: *(Көрпө жакалуу пальто кийип, бутунда чокой, башында ак кар элесин берген тумак).*

Январым, январь
Жалын иште шаңы бар.
Пейлим таза, көөнүм ак,
Февраль иним сагынар.

Жай, кыш чыкпас үйүнөн,
Жалкоолорго күйүнөм.

Кышта чана, коньки алган,
Кыз, балдарга сүйүнөм.

Ысык-Көл тоңбойт — таң калам,
Ак куулар учуп сандаган.
Айланасы күмүш тоо,
Көрсөм моокум канбаган.

Кыш... каникул... биз тарап,
Суулар айнек кыстарат.
Ар бир үйдө ёлкага,
Аяз ата, кыз барат.

Мактайт дыйкан ак карын,
Көп болот деп ак даным.
Көрөм мен да байлыктын,
Көлдөй көлкүп жатканын.

Январмын, январь,
Жалын иште шаңы бар.
Пейлим таза, көөнүм ак,
Февраль иним сагынар...

О ю н б а ш т о о ч у:

Бар окшойт он эки айдын кубанычы,
Кунт коюп февраль сөзүн угалычы.

2-бала: (Аскердик кийим менен чыгат).

Далай сонун жөрөлгөм,
Даңкка, сыйга бөлөнгөм.
Жомокко бай, даңкка бай,
Жоокерлерим[1] төрөлгөн.

---

[1] **Ж о о к е р л е р и м** — Советтик Армиянын күнү ар жыл сайын 23-февралда белгиленет.

Ал — Советтик Армиям,
Ач көз душман дарбыган.
Жерин коргоп күн-түнү,
Жеңиш жолу арбыган...

Оюн баштоочу:

Бар экен ар бир айдын кубанычы,
Март айдын марттык кебин угалычы.

3-бала: (Байчечекей гүлүн тагынган кыз үнүн шаңдуу чыгарат).

Энелердин эрк күнү,
Кайнап жалын эпкини.
Козгоп кыздын эрдигин[1],
Космоско да жеттиби!

Сегизинчи Март дешип.
Сонун майрам салт дешип.
Эдиреңдейт көп балдар,
Эжем баатыр алп дешип.

Сыр сурасаң мендеги,
Тер да булап жердиги.
Алашалбырт деп коёт,
Ала-Тоонун элдери.

Капар, Гүлай, Келдибек,
Канаттуу дос келди деп.
Кудуңдашат топ балдар,
Куштар күнүн белгилеп.

Бойду жазып кепкенен,
Жазда эмгек эт дегем.
Байлык артып элимде,
Марттык болсун деп келем.

---

[1] **Эрдигин — Дүйнөдө аялдардын ичинен чыккан биринчи космонавт Валентина Терешкова жөнүндө сөз болуп жатат.**

Оюн баштоочу:

Бар экен жазда күткөн кубанычы,
Апрелге анда көңүл буралычы.

4-бала: *(Космонавтча кийинген, колунда космос кораблинин макети бар).*

Апрель койнун ачты эми,
Апрель нурун чачты эми.
Ак көбүк чачып суулары,
Айылды көздөй шашты эми.

Апрель гүлү өстү эми,
Атыр жел күмүш өстөнү.
Атаны берген акылман[1]
Апрель күнү эстеби.

Ош, Чүй шибер жайнатат,
Түркүн кушун сайратат.
Бирок, тигил бийик тоо,
Тянь-Шанда кар жатат.

Ал Ала-Тоо калпагы,
Сүрөтчү болсоң тарт аны.
Кылычтай жанса чагылган,
Жамгырын элим алкады.

Ардак иш болуп сүйгөнү,
Аралап алгач дүйнөнү.
Космонавт—учкуч Гагарин,
Космоско канат күүлөдү[2].

Оюн баштоочу:

Сырга мол он эки айдын кубанычы,
Сулуу Май, анын сырын угалычы.

---

[1] Адамзаттын генийи В. И. Ленин 22-апрелде төрөлгөн.

[2] Ю. А. Гагарин 12-апрелде космоско алгачкы жолду салган.

5-б а л а: *(Көкүрөгүнө «Жеңиш!» деген бадырайган кызыл жазууну тагып алган, жүзү жайдары).*

Ачылганда барагым,
Жылдыз болуп жанамын.
Кызыл белги майрамым[1],
Кызыгына канамын.

Өтөт бөбөк параддан,
Ал да кубанч жараткан.
Көрөм элди толкундуу,
Көчөлөрдө бараткан...

Гүл мекеним тепсеген,
Фашисттерге кектенем.
Азуу тишин талкалап,
Ажал үйүн өрттөгөм.

Ошондуктан көңүл шай,
Дешет мени жаңиш ай[2],
Айтат дагы ата-эне,
Берекеси деңиз ай.

Сыймыктанган Май менен,
Сулууга жибек, шай берем.
Сыймыгына кошулуп,
Сүт-көл, быштак, май берем.

О ю н  б а ш т о о ч у:

Ташкындайт июнь айдын кубанычы,
Тамшанткан таттуу кебин угалычы.

---

[1] Элдердин тилектештик күнү — 1-Май деген мааниде.
[2] 9-Майда фашисттик баскынчылардын туусу кулап, Советтик эл жеңишке ээ болгон.

6-б а л а: *(Ак көйнөк кийип, кызыл жагоо тагынган, башында ак калпак).*

Жашыл талаа ирецим,
Жай күн ысык илебим.
Жаркын жүздүү июнмун,
Жакшынакай тилегим.

Балдар күчкө толсо экен,
Бакыт, тынчтык болсо экен.
Баары көчүп класстан,
Ага-эжесин сырдашкан,
Бир сүйүнтүп койсо экен.

Этегинде гүл тоонун,
Лагерь күнү бир сонун.
Жүрүш күүсү ташталып,
Кызык оюн башталып,
Курсун балдар бүт оюн.

Жашыл бакча короолор,
Жашылчага оронор.
Жака, тоодо, талаада,
Жалындасын жагоолор.

Жалындаган себеби,
Оттуу эмгек береги.
Пионерде бар намыс,
Жасап далай кол кабыш,
Кубандырсын энени.

Жашыл талаа ирецим,
Жай күн ысык илебим.
Жаркын жүздүү июнмун,
Жакшынакай тилегим...

О ю н  б а ш т о о ч у:

Жок эмес, июлдун көп кубанычы,
Анын да айтар сөзүн угалычы.

7-б а л а: *(Көпөлөк кармай турган сабы бар торчону алып, физкультурниктердин формасын кийип чыгат).*

Эмесе июль күндөрүң,
Бош кетти деп жүрбөгүн.
Күйгүзүп күнгө териңди,
Жалынга жазып чериңди,
Орундат ишиң — сүйгөнүң.

Июль күнү узарып,
Помидорлор кызарып.
Сууга түшүү баарыга,
Окшоп өмүр дарыга.
Кулач урсаң талыкпай,
Курсант болот дарыя.

О ю н б а ш т о о ч у:

Бар экен августтун да кубанычы,
Баамдап анын ырын угалычы.

8-б а л а: *(Жашылча, мөмө жемиштерден кучактаган бала күлүңдөп).*

Марттыгым ай, марттыгым,
Айтпа пейил актыгын.
Баркым билген балдарга,
Момпосуйдай таттуумун.

Жемишим ай, жемишим,
Сыйга бөлөп эл ишин.
Бөбөктөрдүн жактырам.
Алмурут, алма теришин.

Керимсел жүрүп акырын,
Кетсе төгүп атырын.
Жалаң жемиш жыттанам,
Каңылжардан чыкпаган.

Оюн баштоочу:

Бар экен тоодой түшүм кубанычы,
Сентябрь — эмгек сырын угалычы

9-бала: *(«Алиппе» китебин колтугуна кыскан окуучу).*

Айтсак күздү мисалы,
Ырга кошуп биз аны.
Тоодой жүгүн көтөрүп,
Толгон алтын кучагы.

Алтын дейбиз күз күнүн,
Жыя тартат тизгинин.
Жылмайганын бөбөктүн,
Билип койдук биз бүгүн.

Көрсө окуу башталып,
Майрам салты баш багып.
Мектеп жакка карачы,
Барат балдар даң салып.

Тигил түштүк тарапта,
Пахта ачылып чанакта.
Кызылча да казылып,
Кыргыз жерин карачы,
Эмгек балы тамат да,
Эрийт майы табакта.

Оюн баштоочу:

Октябрь — айтып бүткүс кубанычы,
Ой бөлүп, ал жөнүндө угалычы.

10-бала: *(Жасалма спутниктин моделин көтөрүп шаңдуу үн менен).*

Кыргыектей таранган,
Кыйындыкка бара алган.

Жалын жүрөк комсомол,
Ушул айда жаралган.

Октябрь ай — кутманым.
Семиз болуп бүт малым.

Түмөн байлык жеримден
Түшүм кеби укканым.

Октябрь ай — кутманым,
Кетип кээ бир куштарым.
Кызыл туулуу элдерим,
Кызуу көрөт кыш камын...

Октябрь ай — кутманым,
Жер жандоочу[1] учканын,
Көргөнүмдө биринчи,
Көккө мен да учкамын!

О ю н  б а ш т о о ч у:

Айтсак көп он эки айдын кубанычы,
Бакыт ай — ноябрь кебин угалычы.

11-б а л а: *(Күн нуру Ала-Тоодон балкып чыккан сүрөттү кармаган пионер үнүн салмак менен чыгарып).*

Алтын кени казылбай,
Аалам көөнү ачылбай.
Турган кезде чыгып күн,
Жыргалына тунуп күн.

Күлүп нурун тараткан
Кирсиз асман тунук күн.

---

[1] 4-октябрда Советтер Союзунда жердин биринчи жасалма спутниги учурулган.

Ошол өчпөс бактыбыз,
Өргө канат какты кыз.
Өнөр алып уулдар,
Өмүр күнүн тапты кыз.

Аалам бүгүн калат таң,
Таалай үчүн кан аккан.
Бирок ошол улуу күн[1]
Бактыбызды жараткан.

Оюн баштоочу:

Өчпөс ыр ар бир айдын кубанычы,
Кана эми, декабрь үнүн угалычы.

12 — бала: («Таалай закону» аттуу китепти көкүрөгүнө кысып алган нур жүздүү пионер).

Атым менин кыш кыраан,
Аппак, аппак муз кылам.
Тентек бороон күч менен,
Тээ алыстан ышкырам.
Кайраты жок жүдөөнү,
Калтыратып мыш кылам.
Эсеп берип элиме,

Эмгек даңкым жазылган.
Жаңы өмүргө аттанып,
Жаздай көөнүм ачылган...

Оюн баштоочу:

Эрдикке эрдик кошуп улануучу,
Бар экен он эки айдын кубанычы.
Эмесе жаңы жылга салам айтып,
Эркке мол эмгек сөзүн угалычы...

---

[1] Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын салтанаттуу майрам күнү.

## МЕХАНИК КЫЗ

Трактор сырын билген кыз,
Тектирдин дыңын тилген кыз.
Болотту ширеп болотко,
Камырдай жууруп ийген кыз.

Бул өнөр сенде катылган,
Булак бейм тунук атылган.
Механик келди деп айтса,
Мен сүйлөп элдин атынан...

Карагам бийик далыңды,
Карагам кырман даныңды...
Баарыга үлгү деп билгем,
Баатырдык намыс-арыңды...

Жаз таңын шаңга бөлөгөн,
Жанга дос, билгич, көрөгөн.
Бел тутуп сени кээ бирөө,
Механик десе жөнөгөн...

Бузулса оңдоп моторуң,
Мезгилден билем озоруң.
Байкаймын кээде жутарың,
Бозоргон жердин тозоңун...

Мекенде Күндөй жанган кыз,
Механик даңкын алган кыз.
Тагдыры бирдей түбөлүк,
Талаанын бетин чалган кыз.

Термелет тоонун дарагы,
Тентек бейм жаздын шамалы.
Кызыгып кээде карайсың,
Кызгалдак баскан талааңы...

Анда да жайнап паанайың,
Бийлеген желге саамайың.
Кебиңден уккам насаатты,
Келгенсип чексиз таалайым...

Рулда эмгек ыргагың,
Айткансып улуу сыр барын.
Трактор минип келатсаң,
Кубанат толкуп курбалың...

Сен десем сезим ынакпы,
Сен жакка тосом кулакты.
Укканда ырың кумарлуу,
Окшотом шыңгыр булакты.

## УУЛУМА

«Көр дүйнөнүн уусун бойго тараткан,
Көрөр күнүм өкүнч беле, жараткан»...
Деп чоң атаң мончок жашын кулатып,
Тоо кийиктей өмүрү өткөн Кабактан.

Куур тонун самтыратып чоң апаң
Отун алып, жай чилдеси саратан.
Өрдөн ылдый өгүз айдап баратып,
Тикен тилип, таман этин канаткан.

Жарык күнү өтүп кара түн менен,
Эркин иштеп, эркин басып күлбөгөн.
Өмүр жашы кылым башын серпсе да,
Кагаз карап, калем кармап билбеген.

А сен болсоң беш жаштагы, каралдым,
Өмүр гүлдүү өчпөс таңда жаралдың.
Күтүп улам, жаркып турган келечек,
Досу болгун жакшы тилек адамдын.

Дагы айтарым: турмуш койнун арала,
Эмгек кымбат энчи болгон балага.
Заман учкул, ракетадай баратат,
Алп өнөрдөн артта калба садага.

# БИРДИК,
# ДОСТУК,
# ТЫНЧТЫК—
# МАКСАТ-
# ОЮБУЗ

## ДОСТУК БАРДА

Чын бакыттар достукта эмей, кайда анан,
Адам анын алп кемесин айдаган.
Күчү мына — күнгө жетип, көл толкуп,
Күмүш жаап, алтын болгон айланам.

Көп керемет көрүп бүгүн көз менен,
Кылгын жаштык күндөрдү эчен эскерем.
Достук барда, максат оюм бийиктеп,
Кучагымда Чолпон жылдыз өчпөгөн.

Актап дайым ата журттун намысын,
Мөңкүп агып, мөңгү дайра — намысым.
Достук барда жолум кенен, оюм — түз,
Жер жаңыртып, эмгек сүйгөн дабышым...

## ТҮНДӨРГӨ КҮН ЖОЛУН САЛГЫЛА

Инилер оюнга тойбогон,
От коюп дүкүйгөн чийлерге.
Жалындар асмандап ойногон,
Ак чачып караңгы түндөргө.

Тентектер кыялы азоолор,
Жылытып колдорун жалынга.
Күткөнсүйт эртеңки жашоолор,
Турмуштун толкундуу шарында.

Ошондо тентектер, инилер
Өрт болуп кайрадан жангыла.
Ширелип эрдикке дилиңер,
Түндөргө күн жолун салгыла.

## КАЙДАСЫҢАР КАРЛЫГАЧТАР

Эстечи, жашыл өзөндө,
Кумдарга сиңген из кайда?
Бир баскан сулуу көчөмдө,
А силер кайда, биз кайда.
Кайдасыңар? Карлыгачтар-курдаштар?!

Чырпыктай кезден жетилип,
Чынарга боюн теңешкен.
Күлүгүң суудан кечирип,
Көрүнчү кайра белестен?!
Кайдасыңар? Карлыгачтар-курдаштар?!

Үмүттөр күйгөн шам болуп,
Уядан учкан түлөктөр.
Максаттар аткан таң болуп,
Толкундан бүткөн жүрөктөр.
Кайдасыңар, Карлыгачтар-курдаштар?!
Кайдасыңар?!.

## ДОСТОРУМА

Досторум, билем оюң ак көңүлүң,
Сагынсам силерди эстеп шат көңүлүм.
Тартуулап, бакыт жүгүн келер таңдар,—
Дайым жаз, келечек күн, таттуу өмүрүм.

Дайра суу, белестерден аттап улам,—
Силер деп бүчүрүмдөн шарт жарылам.
Силер маа бийик медер аска болуп,
Төгүлдү мөмө тою шактарымдан.

Уксаңар, жан сырымды, дос — тирегим,
Ичер суум дайым бирге деп билемин.
Күчүм зор силер барда жер көтөрүп,
Күн көздөп, кош канатым, кош жүрөгүм.

Достук!.. деп сөздөр уксам жаш, карыдан,
Толкундап тоо суулардай аңтарылам.
Самаган тилектерим орундалып,
Сайраган куштар кетпейт бактарымдан...

Досторум, билем дилиң, ак көңүлүң,
Сагынсам силерди эстеп шат көңүлүм.
Тартуулап, бакыт жүгүн келер таңдар,—
Дайым жаз, келечек күн, таттуу өмүрүм!

## ЖОЛДОР УЗАК

Баатыр элим милдет тагып балаңа,
Айттың анан: — Асман, жерди арала.
Аралайын, кыйындыкка барайын,
Гүл тагайын күйүп жаткан талааңа.

Максаттар көп, жол узак,
Мара көздөп жөнөйүн.
Кана, курбум, сен узат,
Эрдик жасап өмүрдө,
Эмгек терин төгөйүн.

Ырың ырдап, үндөш болуп доорума,
Даңк барагын ачып алтын томуңа.
Сүйкүм элим, сүттөн таза пейилде,
Жылдыз болуп төшөлөйүн жолуңа.

Максаттар көп, жол узак,
Мара көздөп жөнөйүн.
Кана, курбум, сен узат,
Эрдик жасап өмүрдө,
Эмгек терин төгөйүн.

## САПАР ТАРТЫП КЕЛГЕН САЙЫН

(Жаңы жыл элестери)

Мээримдүү күлө баккан адат менен
Тоо тирер токчулугуң самап келем.
Үмүттөр — эзел өчпөс жаңы жылым
Мүнөтүң бакыт учкул канат белем.

Эл сезип койнуң толгон жеңиш сырын,
берекең ашып-ташып деңиз — сының
жарк эттиң айтып асыл тилектериң,
нурдантып Ата Журттун оюн-кырын.

Жолуңда өмүр азык түгөнбөгөн
Жомоктой табигатты жүгөндөгөн.
Өрөөнүң толуп данга, жемиштерге,
Тоолоруң толуп мага түмөндөгөн.

Жаңы жыл... Терезем нур жарык күйөт,
Алп ишиң аалам билет, тарых билет.
Эркке бай, эмгекке бай таңдар атып,
Бапестеп бакыт жүгүн алып жүрөт.

Ак шоола, ак сүт чачып алыстарга,
Ширетип жүрөктөрдү намыстарга.

Туурумда өлбөс дарак гүл жайнатып,
Туу ойнойт эмгек мөөрөй жарыштарда.

Таазимим артып мөмө бутагыңа,
Күч алып канат байлап учарыма.
Сапарың жаңы айланып келген сайын,
Бөлөнөм жылуу мээрим кучагыңа.

# АК КАЙЫҢДАР

Күүсүн термеп сансыз кыял канаттын,
Неге мынча көркүң менен караттың?
Ак кайыңдар — ак сүйүүлөр, өмүрлөр,
Бутак байлап бийиктикти саматтың!
Ак кайыңдар, ак кайыңдар!
Сүттөн бүткөн жалындар!

Жер керемет сени ардактап төрөгөн,
Бирок карзын миң эселеп төлөгөн.
Ак кайыңдар — азем көрктүү сулуулар,
Жүрөк кылын толкун күүгө бөлөгөн.
Ак кайыңдар, ак кайыңдар!
Сулуу жигит, айымдар!...

Тамыр жайып жашыл дүйнө көздөгөн,
Жаркындыгын айтуу кыйын сөз менен.
Ак кайыңдар — гүл тагынган жаштыктар,
Элестериң көз каректен өчпөгөн...
Ак кайыңдар, ак кайыңдар!
Өрттөн бүткөн жалындар!

# ӨРТ ӨЧҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН ЫРЫ

(Хор)

Өз ишке өмүрдөн чоң сүйүү артат,
Баарыбыз бир формачан темир калпак.
Зуу этсе машинебиз кызыл түстө,
Бакыттын ырын тартат, жүгүн тартат.

К а й ы р м а: Бир, эки, үч заматта,
Биз минип канатка,
Өрт чыкса өчүрүп,
Сактап көп байлыкты,
Күн ойнойт кабакта.

Кармашсак жалын менен, өлүм менен,
Күү чалып көз алдыда өмүр деген.
Аралап алоолонгон кызыл отту,
Көңүлдөн деңиз кайрат төгүлбөгөн.

К а й ы р м а: Бир, эки, үч заматта,
Биз минип канатка.
Өрт чыкса өчүрүп,
Сактап көп байлыкты,
Күн ойнойт кабакта.

Диркиреп суу атылса өрттү көзөп,
Бороондой кырсык кетип, кырсык өчөт,

Шамдагай, коркпос өмүр, тездик күтүп,
Өз ишин өрт өчүргүч ыйык сезет.

К а й ы р м а: Бир, эки, үч заматта
Биз минип канатка.
Өрт чыкса өчүрүп,
Сактап кен байлыкты,
Күн ойнойт кабакта.

## БАСАР ЖОЛУМ ЖӨНҮНДӨ

Өмүрдө — өрүш жол бар, кыя жол бар,
Бийикке максаттарга бара турган.
Туюктан таба билсең туура жол бар,
Буйдалбай мара чегин ала турган.

Барайын жеңил эмес, катаалына,
Ук, мекен, өмүр жолдо сыналайын.
Жайнап гүл жашыл тартып жашарыңа,
Тереңден сузуп мүрөк суу алайын.

Кайгы бар, бакыт да бар балбылдаган,
Жарыгын ал бакыттын жайнатайын.
Багынтып кыйындыкты ар кыл дабан,—
Туу белде, торгой үнүн сайратайын.

Бул менин өтөр жолум, басар жолум,
Бул менин кыл чокуну ашар жолум.
Бул менин Ата Журтка берген антым,—
Миң туулуп, миң кайталап жашаар жолум...

## МӨМӨ ТӨКТҮҢ ДАРАГЫМА

(Согуштан кайтпай калган агам
Жакып Рысдөөлөтовдун эстелигине)

I

Ак кайың, аппак чынар, бермет талдын,
Арасын тирүү кездей жердеп калдың.
Өлсөң да, өнүп чыгып, бейкут күндө,
Бешигин тирүүлөрдүн термеп калдың...

II

Сыймыктан, жоокер агам ошонуңа,
Ишенгин, дооруң ырга кошоруна.
Ишенгин, элестериң кайталанып,
Таалайлуу таңдар күлүп тосоруна...

III

Айлыңдан алыс кетип кайрылбадың,
Көрбөдүң бир бооруңдун кайгырганын.
Бирок да Күн нур чачып эрдигиңден,
Түбөлүк бакыт таңдан айрылбадым.

Кез болсо жүрөк такап жарагына,
Көнбөдүң зордукчунун талабына.

Өлсөң да өнүп чыгып бейкут күндө,
Кыпкызыл мөмө төктүң дарагыма...

Майданда сен көтөрдүң тоону дагы,
Эл унутпайт, эл мактайт боорум аны.
Уютуп таштан бүткөн жеңиш чебин,
Уладың максат күткөн жолум ары...

## IV

Болсун деп аба таза адамдарга,
Бак тилеп, эртеңки өмүр замандарга.
Жалындарда кыйылган кырчын өмүр,
Жалының бар бүгүнкү кадамдарда...

Жетсин деп жеткинчектер тилектерге,
«Жеңиш!» — деп бүткүл боюң ширеп терге.
Кыйын күндө кыйылган көктөм өмүр,
Кылым мактар сырың бар жүрөктөрдө.

## V

Ак кайың, аппак чынар, бермет талдын,
Арасын тирүү кездей жердеп калдың.
Бастырбай жоо бутуна сүйгөн жериң,
Бешигин тирүүлөрдүн термеп калдың...

## УЯЛАП БУТАГЫҢА ЧАБАЛЕКЕЙ...

Талаада жалгыз дарак, жашыл дарак,
Шуудурайт керимселге чачын тарап.
Сөйкөнүп өтсө тоонун тентек жели,
Дирилдейт жалбырактар болуп канат.

Сага мен сыр бөлүшүп айтарым бар,
Казыктан[1] өсүп чыктың — кан тамыр ал.
Эми сен көркүң төгүп көңүл менен,
Жаш кездин мээнеттерин кайтарып ал.

Төрт мезгил: жай, күз, кышың жана жазың,
Талаага кароолчудай каранасың.
Ысыкта ыракатың көрүп жатат,
Алп билек дыйкан аттуу санаалашың.

Көркүң көп жайда кымкап ороносуң,
Көтөрүп көп куштардын зоболосун.
Суу байлар кулакта өскөн жашыл дарак,
Уялап бутагыңа чабалекей,
Түбүңө кара жылан жолобосун!

---

[1] Колхоз дыйкандары кулак байлап жер сугарганда өсүп чыккан дарак.

## ЭЛ — ОКЕАН...

Космос сырын ачып жаткан элдерим,
Өмүр күнүм, тирек, бактым сен менин.
Түрмөк күүлөр жүрөктөрдө уялап,
Түбөлүк ыр — жасап жаткан эмгегиң...

Өзүң менен бирге болдум жашымдан,
Өмүрүмө элес тактың жашылдан...
Эл деген — эл, толкун өтпөс тоо — тирек,
Кыйындыкта кыялды ишке ашырган...

Сенин оюң, бирдик кебиң ар убак,
Сезимдерди касиетине аруулап.
Туу желбиреп асманымда, колумда,
Тунук дайра өмүр болуп агылат.

Элим менен — жанып өчпөс үмүт, дем,
Эргип келем, калбайын деп күлүктөн.
Эл — океан, анын мен бир тамчысы,
Кан тамырым жүрөктөргө бириккен...

Элим күлсө, менин да шат кабагым,
Элим айтса, алып тынчтык жарагын...
Эмгек ырын миң кубултуп, достук деп,—
Эрдик иштин добулбасын кагамын!...

Ата Журтта айдап малын, айдап дан,
Эмгек менен калпып сары каймактан.
Эл чоң дайра, а мен анын тамчысы
Мөмө төгөр, чөл дарагын жайнаткан...

Ыйык көрүп көккө тийген чынарын,
Ыйык татып шыңгыр аккан булагын.
Мекен карзын кымбат санап өмүрдөн,—
Мен элимдин желбиреттим тууларын...

# КАРЫНДАШЫМА

Сыйласаң өтүңүз деп күлүп төргө,
Чалкычу агаң тилек, үмүттөргө.
Сени эстеп бакыт күтөр балапаным,
Серпилген канаттарым бийиктерге.

Үнүңдү уккан сайын агалаган,
Жакынсып жылдыз төрүн аралагам.
Кыялың, күлкүң — баары эске келет,
Бир кезде бир уяны пааналаган.

«Ардагым, ата ордуна кармаганым,
Аскар-тоом жерде күндөй жайнаганым»...
Деп келсең, мээрим төгүп, ичим ысып,
Чынында мен да сага арбаламын.

Булбул куш таң гүлүндө турган конуп,
Зып этет көз алдымда көп жыл болуп.
Кээде сен көрүнчү элең көпөлөгүм,
Кырдагы кызыл гүл же ак гүл болуп.

Келиптир максат, оюң самаганың,
Кыйры кең турмуш койнун аралагын.
Сыймыгым ташып бүгүн кубанч сезем,
Сый көрүп уялыңкы караганың.

Карегим, бул турмуштун ойноок сели,
Серпилип урбаса деп ойлоп сени.
Кээде мен убайымга түшө калам,—
Байралып балапандай коргоп сени.

Турмушка бирге келген сен бир жазым,
Ал жазды кимдер гана сагынбасын...
Алыста аман жүргүн, унутпаймын,
Ардагым, тилектешим, карындашым...

# БИЛИП КОЙ

Сен тыңша жердин жүрөк тамырларын,
Сезесиң тынчтык тилеп кагылганын.
Суулары өмүр берип адамзатка,
Билесиң мүрөк болуп агылганын.
Жактырып,
Жаның менен
Жалын менен
Чоң сыймык! Чырпык сайсаң мекениңе
Тынчтык деп
Тынчтык күнгө табынганың.

Жер эне нени баштан өткөрбөдү,
Көп жомок, тирүү тарых өткөндөрү.
Карчылдап кастык, достук найза учунда,
Кар жааган качып жердин көктөм мээри.
Ал элес,
Кайрылбасын,
Жайнап жазым
Магдырап мукам ырга жер — энеке
Торгойлор
Сайрай берсин көктөмдөгү.

Балапан сүйөт жерде уяларын,
Бала да самайт өсүп кубанарын.

Көл толкуп, камыш шуудур, талаа нурдуу
Бейкутту тоо да эңсээрин сурабагын...
        А демек,
            Достук чыңап,
                Кайрат демеп
Береке, бакыт берген тынчтык менен
        Билип кой
            Жайнап өсүп түбөлүккө,
Туу болуп,
Турмуш, өмүр уланарын...

## ЭНЕ ЖӨНҮНДӨ ЫР

Миң сан түркүн кооздукта таанымал,
Жыпар гүлдүн жылуу соккон наары бар.
Жүрөгүңдөн атып чыккан ак сүйүү,
Жер шарынын оту болуп жагылар.

Күн көтөрөр, сыйкырдуу күч колуңда,
Сүттөн аппак тазалыктар оюңда.
Айтсам чынын кайраттуулук, жигердик,
Ай, энеке, ширелишкен боюңда.

Жазды көрсөм дүйнө кайра төрөлгөн,
Сулуулук көп каректерге чөгөргөн.
Эмгек сыйың кайталанып жашарып,
Энекем сен түбөлүк жаз көгөргөн.

Күздү көрсөм тоодой түшүм жыйнаган,
Кубаныч артат жүрөктөргө сыйбаган.
Күз айындай мелт-калт эткен берекем —
Көз алдымда энем турат кыйбаган.

* * *

...Согуш мезгил, эчен кайгы санаттын,
Уусун татып, жүрөгүңдү канаттың.
Бирок сенде эрдик жаасы тартылып,—
Керек кезде,— душман төшүн жара аттың...

Ошол кайрат, ошол жалын сендеги,
Күч деп ойлойм — күн нур сепкен мендеги.
Жаным эне, сага тартуу, сага сый,—
Бакыт, урмат, бар жакшылык жердеги...

Көкүрөккө Күндү кадап, Ай кадап,
Алган сымак сезим сен деп байланат.
Өмүрүңдү мактап уулуң,— энеке,
Сен деп бүгүн бийиктерде айланат!

Ак сүт актар, жүгүң берчи алайын,
Көтөрөйүн, көрк жылдызын тагайын.
Бир терметкен бешигиңе энеке,—
Миң термелип, жаз ирецин жабайын...

* * *

Энем ыйык — таза жолум, шеригим,
Эгиздеши, түгөйлөшү жеримин.
Керемет күч, бүтпөс күнүм, нур жүзүм,
Кең асманым, чолпон, тирек, көңүлүм.

Энем ыйык — уксам ырын, обонун.
Канат бүтүп кайрат күчкө толомун,
Термеп мени максаттардын бешиги,
Тээ алыскы бийиктерге кономун.

Энем ыйык — сапырылган сүт көлүм,
Өмүр бою сен ырдалып бүтпөдүң...
Бир гана эмес, миң жетермин баркыңа,
Менде болсо тоодой үмүт күткөнүң...

* * *

Эненин сүйкүм мээрим элестери,
Кимдердин жүрөгүндө эмес деги?!

Бакыт күн өчпөс өмүр чырагындай,
Балам!... — деп,— басса-турса сени эстеди.

Оо бала!.. Өлбөс өмүр кылымдаган,
Апакең алдей айтып, ыр ырдаган.
Ал ырда: өмүр, эмгек, келечегиң,
Сүйүүсү, ак тилеги энекеңдин
Жылдыздай маяк болуп жымыңдаган.

Эс тартып, мурут чыгып калса дагы,
Эмгекте эрдик оту жанса дагы.
Кагылам карааныңдан кулунум деп,
Ырыс көл, өскөн шаарым, туругум деп,
Түйшөлүп сагынбады канча дагы...

Оо эне!... Мээрим эне, жалындаган,
Айтчусуң: — Уулум мурда кагылбаган.
Алыста кардың ачып калдыбы деп,
Же кесел бөгөт жолун салдыбы деп,—
Бала үчүн түйшүк, санааң арылбаган.

Тажабас, алтын эмгек өмүр салтың,
Баарыга — эне сүйкүм, эне жакын.
Эмесе, өмүр жолун басканыңан,
Эмгекке эшик түрүп ачканыңан,
Түбөлүк сыйлай билгин эне баркын...

## «АЛИППЕМ»

Алганда билим кенчин биринчи ирет,
Ардактап тереңинен сүйгөн жүрөк.
Алгачкы менде калган элестериң,
Алиге унутулбай эсте жүрөт.
Эсте жүрөт,
Өсүп, гүлдөп
Талбагын, окугун деп алга үндөп.

Тартуулап сени берген менин өлкөм,
Үйрөткөн ар нерсени нуруң көркөм.
Чынында энекемдей эмгегиң зор,
Курчутуп ой-сезимдин гүлүн эккен.
Гүлүн эккен,
Сен — «Алиппем»
Жүрөккө таалай нуруң таасир эткен.

## ЖҮРӨГҮМӨ ТӨКТҮҢ СҮЙҮҮ ЖАЗДАРЫН

Ушул тоолор койну кенен, береке,
Жылдыз жанган чокулары нурданып.
Мен да бүгүн аралайын эмесе
Мунарланган бийигине бир барып...

Мобул аска өзүнчө бир керемет,
Тула бойго көл ташкынын батырган.
Күү, ырлары жаз мончогун себелеп,
Жүрөктөрдө терең сыры катылган.

Атам анда шумкар болуп канаты,
Апам анда жоогазындай буралган.
А береги жашыл жылга карачы,
Килем төшөп уч-кыйры жок суналган.

Оонап анда жаңы конуш балдары,
Кой таштарда ойноп эркин секирген.
Жайлоо күнү батпай кымыз, айраны,
Улуу тоодо улар учуп бекинген...

Карыялар акыл айтар бел болуп,
Кыз куумайда үзөнгүлөр кагышкан.
А береги «Айбалага» эл конуп,
Саяпкерлер далай жорго салышкан.

Бирок бир күн солк эттирип дүйнөнү
Согуш чыгып, күткөн үмүт буулду.
Селкилерде сүйүү жүрөк ачышкан
Узатышып өрткө далай уулду...

Ошондо да кебелбестен тоолорум,
Кабак түйсө, кыйрап жоосу дүрбөдү.
Акыр мына баатыр жеңиш тойлорун,
Салтанаттап, бүт дүйнөгө сүйлөдү.

Журтум — тоолор — жер шарынын бийиги,
Асыл заттуу алтын беле таштарың.
Күүгө бөлөп таза сезим — дилими,
Жүрөгүмө төктүң сүйүү жаздарын...

## ЖОЛ — ӨМҮРЛӨР

Ай, замандаш, жоктур достук ченеми,
Жолго чыккын даңгыраган береги.
Жол — турмушуң, жаз күндөрү жайнаган,
Жылдыздарга тийип жашыл тереги
Жол — өмүрлөр
Үмүт, максат чектери
Сени алпарат, бийиктерге, бакытка,
Кызгалдактай
желбиреген желеги.

## БАТЫШ ЖАКТА БАСЫЛГАНДА ОТТУУ КҮН

Гүлү солуп,
Күнү бүтүп фашисттин,
Жарк дегенде салют үнү атылып,
Кайгы салган кара түнүн качырып,
Жер энеке күлүмсүрөп жайнады,
Тынчтык ырын жан-сезимге батырып.

Душман туусу
Жыгылганда журтумдан,
Ак кептерим жайып алыс канатын,
Эркин чалып асман-жердин арасын,
Жер эненин ийип эмчек сүттөрү,
Сүйкүм бакты балтыр бешик баласын...

Жырткыч келсе
Кечээ бизди тебелеп,
Ыргып, бирок, колдон кандуу жарагы.
Бүчүр чачып үмүттөрдүн дарагы,
Жер энеке азык күткөн журтуна,
Марттык тилеп, мээримдикти самады.

Гитлер кырып,
Адамзатты жазыксыз,
Гүл талаада кандар акты салаалап.

Бирок дүйнө фашизмди каралап,
Жер энеге гүлдөр тагып саймадан,
Ойноп бөбөк кыт-кыт күлдү аралап.

Батыш жакта
Басылганда оттуу күн,
Бардык дүйнө жакшылыкка курчалып.
Бардык дүйнө жеңиш деген күү чалып,
Жагалданды жаркын өмүр жаздары,
Жер эненин учу асманга узарып.

Ошол күүсү,
Ошол деми жеримдин,
Кубат берип, өмүр кайра жашарып,
Өкүм сүрүп достук пейил тазалык,
Жер энекем өз огунда түрлөнүп
Өсүп барат, жарат бүтүп, жасанып...

## ОКТЯБРЬ — АЗАТ ТАҢЫ

Бактысыз күү чалганда,
Батып кайгы, арманга.
Басынганын айтпагын,
Байчечекей балдар да?..

Тоолор мекен — энеке,
Тоодон кетип береке.
Түйшүк салып өмүргө,
Түшкөн муң-зар көлөкө.

Сынып кайрат, белдери,
Сыздап дүйнө элдери.
Кызык өмүр, акыйкат,
Кыйын болуп келмеги.

Кен байлыктар топ болуп,
Кетеринде жок болуп.
Келди Октябрь душманга,
Кызыл жалын ок болуп...

Кел берилеп, кол берип,
Кенен бакыт жол берип.
Кулумсүрөп Октябрь,
Күн нурунан мол берип...

Гүлдөп кыргыз аймагы,
Гүлдөн тагып сайманы.
Чоң таалайга термелип,
Чокуда туу термелип...

«Авроранын» залпынан,
Азат таңдар жаркыган.
Эрдик оту балбылдап,
Эл эмгекке чалкыган.

Мүрөк суусу шар аккан,
Мөмө жайнап дарактан.
Жарчы болуп Октябрь,
Жаңы өмүрдү жараткан.

Мына, бүгүн карасак,
Сан жеңиштер санасак.
Көл, чокуда курулуш,
Талаа жемиш, талаа шак.

Октябрдын жеңгенин,
Октябрдын бергенин.
Эске салсак чоң тарых,
Элдин коргоп келгенин.

Эчен жылдар алмашып,
Эрегиште кармашып.
Алдык далай мөрөйдү,
Калса дагы кан кашык.

Тынчтык болуп сүйгөнү,
Аралап бүт дүйнөнү.
Ардак кылып Октябрь
Достук кебин сүйлөдү.

Ысмын атап Лениндин,
Көркүн ырдап жеримдин.
Октябрга, Ленинге,
Алкышы көп элимдин.

# ЖЕР МОНОЛОГУ

(Тынчтык сересине)

(Поэма)

Эч жазыксыз, шагыраса сөөктөрү адамдын:
Сыздап жүрөк, ырбады улам, бүтпөй тагы
жарамдын...
Сүйүү журту уяласа кең койнума, боорума,—
Мен айыктым, себеп болуп, көкөй кескен ооруга.

Ай, адамдар, айттырбагын азап-муңдун
кайрыгын,
Бүтө элек, айыга элек өткөн жарат-айрыгым.
Алтын баштар чым жазданып, түпкүрүмдө,
терeңде —
Болбосо дейм кан жыттары, найза тагы
денемде!.

## I

Мен — жермин!
Койнумда — чалкыган байлык кендери.
Миллион жылдар, узак шартта,
Жараттым мээнет менен,
Эмгексиз турмушка келмек белем...

Келечек күнүм дегенде,
Далай азап дайраларын кечтим.
Бийиктетип өмүр билигин,
Бирде жанып, бирде өчтүм...

Алгач мен жаралганда,
Калбады турмуштук издерим.
Үмүткөр болуп болочоктон
Тиричиликти,
Бакытты,
Чындыкты издедим...

Акыры мына,
Эмгек менен алтын үйлөр курулду.
Адам акылы чамгарактап,
Адам даңкы Жылдыздан угулду...

Мен — Жермин!
Башымдан далайды кечирген.
Бирде тоңуп, бирде эзилгем...
Тыңдасаңар мени,
Айтам мындай кеңешти:
Ташкындап сый,
Басылып ый,
Жаралаба денемди.
Сыйла мени,
Сыйлагандай энеңди.

Мен — Жермин!
Өз огумда дайым айланып,
Жыям мына, кылымдардын байлыгын...
Акпаса деп, адамзаттын кандары,
Айтам мына, кылымдардын жардыгын:
Ок... ок... — дебей,
Чечип дүйнө тынчтык тагдырын,
Сүт деңизге,
Кара кыл түшпөй,
Үмүт жиптерин үзбөй,



Жүрөк кылдары күүлөрүн толгоп,
Ынтымакка сезим чулганып,
Өрт чалбаса экен,—
Өмүр күндөрү ырдалып...

Жалындап жүрөк, жакшылык тилеп
Дир-дир этип ийийт эмчегим,
Нурданайын, көрктөнөйүн,
Кылыч чаап, окту жасабай,
Эмгек колуң берчи, элим!...

Артып күлкү,
Азап көрбөй жаш-кары.
Баатырдыктар баян болуп,
Багынтса дейм бийик чоку, асканы.
Көрүнсө дейм бөбөктөрдүн,
Гүлдүү жерде, эркин ойноп басканы...
Тоолор, талаа, булуттарга, турмушка
Көрүнсө дейм күлкү таштап,
Көз отторун чачканы...

Ылайланбай аккан сууларым,
Учурсам дейм көлдүн кууларын.
Сулуу көрүп өңүн булактан,
Күлүктөрүн чаап саяпкер,
Күйүп турса дейм оттор туяктан!

Мөлтүрөп мөмөм,
Нан жыты болуп аймагым,
Көрсөм деймин убайын,
Тынч күндөр берген сайманын
Боюма чөгөрүп болот калкан,
Душманга оор болсо дейм салмагым...

II

Жер болуп жаралганы,
(Уксаңар планета адамдары)
Зордук-зомбулук,

ірксиз, эзилгендик,
ʒамбирек, найзалар...
ʹшулар болду менин душманым...
:ара ниеттер боорумду эңшерип,
:өрдүм далай ак жолумду бузганын..
ирок буга, кайнаса каным кошулбай,
ıдалдыкты жактырдым,
ıкыреттик досумдай,
)шентип,
ıзаттык күнү дегенде,
Лээримдүү карадым мен элге,
ıкыры ырыскыга малынып,
:үчүмө кирдим жараттарым айыгып...
ıл күч келди
)ктябрь желпип тууларын!...
'өктүм кенди,
'өктүм сулуулукту,
ıртып сүйүү кумарым.
)ндү мына,
)мүр берген,
.убат берген гүл, багым!
ʿер, байлык, суу,
уржуйга эмес,
ʿумушчуга!
.едейге!
,ыйканга!
зилгенге!..
ʿер, байларга эмес,
ʿалпы элге!..
ʿарыгы жанып, акылга бай, сырлары терең,
луу Ленин чыгарган,—
шул декрет угулар менен!
илдим да генийдин генийин!
өрдүм бакыт ташканын...
[урга бөлөндү,
озоргон бетим, токой, тоом, таштарым...
)шондо жарпым жазылып,
ıарчып жүздөн көл-шал болгон теримди,

Алдым дедим ач көздөрдөн кегимди...
Уккан сайын,
Улуу Октябрь сөздөрүн...
Көрүп жаттым,
Жаңы доордун жаңы бакыт көчтөрүн!
Аалам күүсү чексиздерге жеткирди
Акылмандын өлкөсүндө:
Азат, теңдик, адилеттик өскөнүн!..

## III

Атым — Жер!
Жүрөгүм тынымсыз каккан.
Көл, деңиз, океандарым,
Көккө урунуп чалкып жаткан...
Бергенсип жашоо элесин:
Ыйлоону эмес, ырды,
Кыйноону эмес, сыйды...
Билем, адамдар бейпил күндө гана,
Үрөн-бутагың өсүп, шапар тебесиң...

Мен — жермин!
Металл уюп, сансыз кендерим.
Өмүр үчүн жумшалса деп,
Бардык байлыгым элге бергемин!
Бирок ач көз агрессорлор —
Бомба жасап,
Өлүмгө шашат...
Боёп алышып, жырткычтык өңдөрүн...
Дүйнө билмек акыры —
Өз көрүнө өздөрүн көмгөнүн...
Ай адамзат!
Хиросимага түшкөн атом баягы,
Айтчы, кана, кайсыл жанды аяды?
Кырчын өмүр кыргын болуп заматта,
Өспөй калды күйүп тамыр,
Жашыл чөбү, дарагы...

Мунэтоси Фукагава[1] муну ырдайт
Муңдуу карап өз сүйгөнү калааны[2]

«...Алдыңдан, таман астыңдан,
Бир дабыш кулак жаргандай,
Бар тынчын жандын алгандай...
Дүрбөдү түгөл жан бүткөн,
Дүрбөлөң чууну ким күткөн?!

Көз ирмемде жарк этти,
Көздү ачырбас нур жалын...
Кызыл от, кызыл күл болуп,
Каптады бүткүл калааны...
Карыны, жашты, баланы
Ачырбай көздү бир жарык,
Бар эсин жандын турду алып.
Алаамат болуп кайрадан,
Кызыл от, түтүн жайнаган,
Атылып чыкты асманга...
Булуттар кызыл көктөгү,
Кайрадан от — сел төктү эми.
Көз ирмем убак шол кезде,
Жазыксыз жаткан адамдар,
Жазыксыз тирүү өрттөндү...

Шумдукту көргөн ошондо,
Төгүлүп чачы бир жаш кыз.
Күйдүргөн көздү жарыктан,
Качат ал, көзүн басат ал...
Паанасын таппай шашат ал...

Чыдатпай от — сел, ак жарык,
Кийминин баарын өрт чалып...
Ак жүзүн жалын аймалап,

[1] Фукагава — Япониянын акыны. Ал атом бомбасынан кыйраган Хиросима жөнүндө («1946-жыл, 6-август») деген ырлар циклин жазган.
[2] Калааны — Хиросима шаары деген мааниде.

Түнөрүп көктө күн турду...
Кыз үнү[1] болсо, таш жарып...»
Мына, көрдүңөрбү, атомдун кыргынын!
Тийген нугунан,
«Жаркыган» нурунан,
Чөп чыкпай калды...
Жарым жан болуп адамзат,—
Чач чыкпай калды!..

Ооба,
Атом күчүн эмгекке буруп,
Октябрь өлкөсү сонундарды куруп.
Жайнатты атом ГЭСин...
Атом кемесин...
Анткени алар көздөгөн:
Тынчтыктын сересин!..
Тынчтыктын мөмөсүн!..

## IV

Атым — Жер!
Жамгырым бакыт даны.
Марттыкка досмун башынан.
Керемет дыйкан эмгеги,—
Эксе эмнени,
Айтамын: алмаңды, балыңды, сүтүңдү —
Бардыгын ташып ал!..
Анан тилээрим мындай:
Тирүүлүк турмушту, жаштыкты,
Гүлдөсүн деп ар убак.
Жар салгым келет дүйнөгө тынбай.
Дем алса дейм, тазалыктан адамзат!
Нур төгүлгөн жолдорун,
Кандуу кылбай, каардуу кылбай...

---

[1] **Кыз үнү** — атом бомбасынын нурдуу таасиринен бүткүл кийим, денеси күйгөн жаш кыз муниципалиет үйүнүн эшигинин алдына жетип, дубалга сүйөнө кулап түштү.

Водород уусун элеп,
Күйбөсө экен өрт чалып,
Кулпунган терек,
Желбиресе дейм Жер үстүндө
Кызыл желек — Тынчтык желек!..
Эй, адамзат!
Кыроо чачтуу,
Ыйык энемин билгенге,
Мээрим төгөмүн дилдерге,
Бирок, кээ бир жыландар,
Булгады абаны, тоонун сууларын...
Аларга наалат айтып,
Өпкөлөп ыйладым...
Мындайча ырдадым:

Майыштырба кубат — күчүм белимди,
Буза көрбө купкуу кылып өңүмдү...
Бактерия, ядро курал, атомду,—
Жогот, адам, жогот жерден өлүмдү!

Континенттер кан тамырың үзүлбөй,
Жер сыймыгын алгын колдон түшүрбөй.
Планеталар акылыңа суктанып,
Болсо дешет, улуу турмуш өчпөгөн,
Баарын курган адамзаттын күчүндөй...

Өмүр жолум байкап карасам:
Сезимимде жалын бар, муздар бар...
Жүрөгүмдө шаңым бар, ызгаар бар...
Ызгаар кетип Ленинден,
Октябрым болду жалыным!
Октябрым болду жаңы ырым!

Ай, адамзат!
Мен — жермин!
Акжолтоймун жеңиш салттуу,
Айтарым көп сага кайрылып:

Сыйла,
Көгөрт,
Жашарт!

Жашагың келсе мени жай кылып...
Мен да сыйлайм сени,
Өчүрбөй үмүт отторун,
Каалаганың жасайм, жоктон бар кылып!

# КАЙРА ТИРИЛГЕН АКЫН

(Советтер союзунун Баатыры, Лениндик сыйлыктын лауреаты Муса Жалилге)

I

Жырткыч келсе гүл даракты жапырып,
Өрттөп туусун, күлүн көккө сапырып.
Акын өлдү, жалтанбаган жоодогу,
Тирилди, бирок,
бүркүт шаңшып тоодогу.

Тирилгени — ачык асман, көк асман,
Таңдар атып, Жер жылдызын саматкан.
Бүгүнкү өмүр максат күтүп жеңиштүү,
Чыйыр издеп, бийиктерде бараткан.

II

Кара жылан — каптап келген туманда,
Айланды акын өрткө, селдүү кыянга.
Жоо колунан өлдү, жерди жазданып,
Тирилди, бирок,
жоогазын гүл таш жарып.

Тирилгени — күлкү каптап жеримди,
Сүртүп жатам талаада эмгек теримди.
Тынчтык күндө ырын ырдап акындын,
Жазып жатам жазыла элек черимди!

## ДОСТУК ШААРЫ — ФРУНЗЕМ

Көргөн жан таң калат,
Көчөң гүл, алма бак.
Ала-Тооң шаңкаят,
Атыр жыт аймалап.

К а й ы р м а: Жашарткан карысын,
Жакшы ыр, күү дабышың.
Дооруңа жарашкан,
Достуктун шаарысың.

Бешигим сен менин,
Билимге термедиң.
Каалаган кесипке
Канатым сермедим.

К а й ы р м а: Жашарткан карысын,
Жеңиштүү арышың.
Жетелеп өрүшкө
Шаттыктын шаарысың.

Максатың бийикте,
Жык толгон үмүткө.
Салтың бар гүлдөгөн
Бийикте, бийикте.

К а й ы р м а: Фрунзем — намысым,
Өрнөк иш жарышың.
Балбылдап отторуң
Бакыттын шаарысың.

* * *

Ай, Фрунзем, сезим үнүм,
Жаштык шаарым тилегим.
Ак сүт түнүң, эмгек күнүң
Бакытым деп билемин.

Өчпөс эрдик элестериң,
Өчпөс оттон көрөмүн.
Көздөп жеңиш белестериң,
Көккө илинген желегиң.

Сүттөн бүткөн алтын шаарым,
Сүйүүм сенде өчпөгөн.
Өзүңдө өткөн жаштык шаңын,
Өмүр бою эскерем.

Мекен жүгүн алыс тартар,
Мээрим күч бар койнуңда,
Сени кайра миң жашартар,
Милдеттер көп мойнумда.

Ай, Фрунзем, ырдар үнүм,
Асыл максат тилегим.
Ак сүт түнүң, эмгек күнүң,
Бакытым деп билемин...

## ЧЫРПЫГЫҢ ЧЫНАР БОЛУП...

Түндөрүң ак сүт чачып бал-бал жанат,
Серпилип бийиктерге сезим канат.
Бир күнкү тийген жарык аппак шооलаң,
Миң күнкү күч кайратым кабат-кабат...

Бутактап улам жаңы түйүндөгөн,
Дүрт эткен жүрөктөгү сүйүүм белең...
Фрунзем — эне жытым, куттуу төрүм,
Күндө жаш гүл тагынып күлүңдөгөн.

Таалайдын татып сенден өмүр балын,
Өзүңдөн өлбөй турган мээрим алдым.
Фрунзем — бүгүнкү шат көркөмүңөн,
Кулпурган келечегиң көрүп алдым...

Алдыда үмүт толгон күнүм белең,
Ак дилден айтып жүрчү сүйүүм белең...
Фрунзем — өчпөс ырым, илим төрүм,
Чырпыгың чынар болуп дүрүлдөгөн...

## КӨҢҮЛҮМ ЭРГИП

Күркүрөп үнүн жазбаган,
Куласа бийик аскадан.
Киринип, дене чың болуп,
Көңүлүм эргип назданам.

Турна көз тунук сууларым,
Неге сен мынча туйладың.
Фонтандай болуп атылсаң
Мээриңе батып жыргадым.

## КУБАНТЫП КОЙСО ЭКЕН

(Балдарыма)

Бакытым менин балдарым,
Балапан канат каталек.
Ар убак алар ардагым,
Айтышат: апа, ата деп.

Ойлоймун булар өссө деп,
Ойлору болуп тунуктан.
Жалынын нурдай төксө деп,
Жаркырап чыгып булуттан.

Балапан ойноок балдарым,
Бал сүттүн даамы кетелек.
Бакчасы сүйкүм ар дайым,
Барамын күндө жетелеп.

Кулундар алар — кагылам,
Күлүгү шердин болсо деп.
Үмүткөр болуп жалынам,
Үйүнө бакыт консо деп.

Үмүтүм акыр акталып,
Үмүтүм чексиз уланар.
Алп ишин элдин аткарып,
Ата-эне көрсө кубанар.

# ӨМҮР ЖӨНҮНДӨ ЫР

Өтөр жолун, басар жолун жаңылап,
Өмүр дайра өмүр суудай агылат...
Бирде тынып, бирде толкуп, көбүрүп,
Өчпөс оту күн нур болуп жагылат.

Анда эмесе жыргалынан алайын,
Түндөр болсо күн нур болуп жанайын.
Күчүм канча, үнүм канча турмушта,
Гүлүн күтүп, күү, ырына канайын...

Өмүр жолдун улам алдын карасам,
Кызык болуп толкунунда баратам...
Тээ алыстан жылдыз кармап алчудай,
Неге мынча жарык күндү жаратам!

Себеби бар; кызык, таттуу күндөрүм,
Күүсүн чалып, бал турмуштун күндө миң.
Замана да, жаштыгым да жактырат,
Сезимдерде келечек иш жүргөнүн...

Кеткен сайын мүнөт учуп арадан,
Келип жатат керемет күч самаган.
Келбесе деймм ушул таза өмүрдө,
Кекчил болуп акка кара санаган.

Болбосо дейм келин, кыздын ыйлары,
Оңбосо дейм жашыл арча кырдагы.
Куйбөсө дейм гүлдүү талаа, булбул куш,
Күлкү күтүп күндөр, айы, жылдары...

Күйүт баспай жүрөктөрдү, энени,
Күчү ташсын чырпык бөбөк береги.
Айланайын уул, кызым ушул деп,
Артып турсун ата мекен кереги.

Өмүрлөргө миң ыраазы жүрөктөр,
Максатка бай учса уядан түлөктөр.
Көркүн берип биздин достук замандын,
Көп болсунчу, баатыр жигит, чүрөктөр.

Биз айтабыз бул өмүрдү бактылуу,
(Оңой эмес, кыял жүгүн ат кылуу)
Турмуш агым агымынан ашып биз,
Алып улам ачууну эмес, таттууну.

Алып дагы ак сүт эмгек каймагын,
Ичте болбой ишке болгон арманың.
Жамгыр мөлт деп келген сайын жаз күнү,
Максат боосун дагы бекем кармагын...

Ооба мына, өмүр таңын кайталап,
Мага, сага милдет жүгүн айтаалат.
Анда эмесе ардак кылып ошону,
Кана досум, көтөрөлү аркалап.

# КАЗАК КАЙРЫКТАРЫНАН

## Досума

Жашыл арча жытын төгүп, казак, кыргыз
жерине,
Жалбырак да, шактан учуп, түшүп турса
жериме.
Төрт түлүктөр бир жайлоодо, күтүрөсө бир
жайлап:
Айтчы, курбум, ушул элес достук эмей эмине!

* * *

Эзелтеден кыргыз салты, казак салты
жышааны:
Желе тартып, конушу бир, кыз беришип, кыз
алуу.
Максат күтүп тоодон бийик, бакыт тилеп
өмүргө,
Улуу күндө, эмгек менен улуу жерде узануу.

* * *

Астанаңды билем курбум, АЛМА-АТАНЫН
түндөрү ай,
Кутман ойноп күндүзгүдөй, күлүп карап
түндөгү Ай,

Эгиз окшоп Фрунземе эмгек шаңы жаңырып,
Кабат үйлөр, кооз сайма, жаз жаратып түргө
бай.

* * *

ИЛЕ дайра толкуп жатса, тоо этегин
жазданып,
Илебинен күн нур жанып, күчү бийик таш
жарып.
Коштоп аны НАРЫН дайра колтукташып
боорундай,
Күйгөн эчак, күндүзгүдөй, түбөлүк күн — ак
жарык...

* * *

БАЛКАШ бүгүн күн кучактап, көк асмандай
мелтиреп,
Кылым мактаар, сезим жаттаар эмгек күүсү
чертилет...
Коштоп каны көк айнегим — көркөм, сулуу
ЫСЫК-КӨЛ
Куш канаттай толкундары тоо чокуга
серпилет...

«..Саулем, саулем... Саулем...» деп сен ырдаган
кырдагы,
Кыз кыймылын четин туурап, көз алдымда
ыргагы.
Дирилдеди сезимимде, уюп калды элеси,
Чын достуктан, чын чечилген махабаттын сыр
кабы.

* * *

ДОМБУРАНЫ коштоп, КОМУЗ, күү деңизи
чайпалып,
Эт жүрөктөр эрип кетти, гүлдөр түркүн
жайкалып.

Баратабыз бакыттарга — кең максатты төтөлөп,
Баатыр күндүн агымында, эмгек деген алпты алып...

* * *

Жашыл арча жытын төгүп казак, кыргыз жерине,
Жалбырак да шактан учуп, түшүп турса жериме.
Төрт түлүктөр, бир жайлоодо күтүрөсө бир жайлап
Айтчы, курбум, ушул элес достук эмей эмине?!

## «Жаркент» арашаны

Капчыгай өйдөлөп баратат,
Асфальт жол аркандай чубалып.
Арча жыт адамды саматат,
Күрүлдөп суу агып!...

«Жаркент» деп атыңды жар салып,
Жакшына бир көрсөң аймагы.
Айыккан оору адам даң салып,
Албырып шамдары!...

«Жаркентте» тамчы суу, дары суу
Дайрадай ташкындайт, көбүрөт.
Жуунса — жашарып карысы,
Жер байлык төгүлөт.

Өмүрдүн үзүлбөс жиптерин,
«Жаркент» суу — арашан улаган.
Жалтанбас, баатырдык күч демин,
Жаркенттен — суранам!

Тоо башы булутка малынат,
Тоо башы — дары суу — арашан...
Тоолорго адамдар агылат —
Карасаң! карасаң...

## Атыңды атап эскерет

**(Казакстандын Гвардия районундагы Чокон Валиханов атындагы колхоздо тургузулган 105 жоокердин эстелигине)**

Жоо майтардың болуп сүрдүү бирөө миң,
Мекен бетин кан жырткычтан тазалап.
Билдиң акыр өлсөң да өмүр сүрөрүң,
Бир айылдык бир жүз беш өрт азамат.
Өтсүн жылдар,
Сенин ысмың, элесиң,
Кийинки өмүр — муундарда жашамак.

Өткөн согуш өртүн билбейт деги ким,
Күүлөр мактаар күндөрүң бар, айың бар.
Сезимдерге төгүп мекен мээримин,
Тирүүсүңөр, бир жүз беш от жалындар.
Ырга кошмок,
Ыр канатын жаңыртмак,
Абай жүргөн, Чокон сүйгөн айылдар.

Жашообуз көп, максат чегин табат де,
Боёк сүртүп, ак таң чыгыш тараптар.
Бирге жашап кан тамырда, каректе,
Тирүүсүңөр, бир жүз беш гүл, дарактар.
Атыңды атап,
Тирүүлүгүң эскерип,
Иле дайра ырын төгүп агат шар.

## Акын Сара

Мейли жай, мейли күздүн тоңгогунда,
Айтышып «Эчки өлбөстүн» бойлорунда.
Курч сөзүң жалын болуп кары, жаштын,
Алоолоп күйгөн жүрөк, ойлорунда.

Бат тарап сенин ысмың учкан желден,
Бал тилиң самап далай уздар келген.
Атыңды алыстарга даңазалап,
Алтынды каза берген чыккан жерден.

Казактын чексиз ак дан талаасындай,
Сезимге сөз берметин тагасың бай...
Томогоң алып койсо акындыгың
Тоолордун ташкын аккан дайрасындай.

Өмүрлөр өтсө дагы акын Сара,
Дооруна үндөш дайым, жакын Сара.
Унутпай урпактары, жылдыздары,
Күлүктөй арыш керген закым Сара.

Жетпесе бул заманга арман колуң,
Жетти бейм эл-журтуңа албан оюң.
Тирилтип сага кайра жүрөк берди,
Керемет күн оттору жанган дооруң.

## Кел... досум!

Керемет. Ала-Тоонун гүлүн өптүм,
Кең ырыс, бакыт балкып, күлүп өстүм.
Көргөндө көңүл кушу көкөлөдү,
Койнунда толкун термеп бөпөлөдү.
Кел, досум, кыргыз көлүн көрүп өткүн!

Комузу күүсүн сайрайт, тилин безеп,
Кыздары ырга, бийге берип кезек.
Дан жыты талаалары, токой, тоосу,

Тартылып таалай берген алтын боосу.
Кучагын жаят, улам, мамык төшөп...

Тоосундай максаты чоң, элим эпкин,
Мен дагы берген туусун желбиреттим.
Күн эмес, саат сайын жаңыланып,
Кең байлык өрүш өскөн таңы жарык.
Кел, досум, кыргыз төрүн көрүп өткүн!

# ЧЕРКАС[1] ЧЕБИ

## I

...Ай, Черкас чеби, Черкас коргону!
Келдим сага,
Тынч күндөрдүн тынчтык мүнөт чагында.
Турат кылыч, турат айры бир илик.
Болгон ал да, жоо кыйратар сабында.
Кол пулемёт, ыштуу түтүк замбирек,
Турат пистон, турат октор,
Баткан далай жалынга...

Медсестра таңып жоокер жаратын,
Бир жагынан,
Жоого сунуп мылтыгын.
Өмүр, өлүм өчөшүп,
От алоолоп турганда
Алган эмес бир тыным...

---

[1] Черкас — Казакстандын Сарканд районундагы коргонуу чеби. Мында 1918—1919-жылдарда совет бийлиги үчүн кандуу кармаштар болуп өткөн. Бул кандуу салгылашта далай азаматтар курман болгон. Акыры кызыл баатырлар тарабынан Черкас чеби корголуп, жеңишке ээ болушкан. Азыр бул жерде Черкас коргонуусун элестеткен чоң музей бар.

Күлгө айланткан, келген жоону уйпалап,
Турат мына, жерди аңтарган гранат.
Көз алдымда туу алоолоп,
Көөдөй түспөл,
Өрт булуту чубалат...
Көкүрөк тосуп курч найзага,
Чыккан көздөр атып алга,
Арстан болуп ураалап!

## II

Черкас чеби — эр өмүрү,
Боз топурак камыр болуп жуурулган.
От тамыры өчпөй мында
Душман далай жулунган.
Болот кылыч чагылгандай
Жарк деп нечен суурулган...
Жаңы заман түлөктөрү,
Сактап бийик бактысын.
Черкас чеби — эр өмүрү
Ленин ысмын туу кылган...

## III.

Азыр мына келатабыз,
Черкас жерин, ыйык чебин аралап.
Ошондогу замбиректер ор казган,
Дүңгүрөп кулак тундурган,
Жан гана эмес, аска, ташты жаралап,
Ошондогу боз чөп, дөңдүн ордуна,—
Ошондогу казган окоп, жол мына...
Ошондогу балык жон, чыйыр ордуна,
Ошондогу душман бекип,
Курган жер үй, тор мына...
Сүрдүү болуп чепте берки жондогу,
Жоокерди көр, пулемётто колдору.
Жарга камап, жарагы күч душманды,—
Бошотту ана жердештерин ордогу...

Ал кездеги, ошол[1] мөлтүр жаш жигит,
Бүгүн ак чач, тоо кабактуу,
Күрөш менен өткөн өмүр жаш чагы...
Зуулдап кыштар, зуулдап токсон жаз дагы...
Черкас чептей бекем жашаган,
(Ошол Кирилл жаш адам)...
Сүйлөйт кызык баяндап,
Өткөн өмүр тизмегин:
«Азыр деле, Черкас чебин карасам,
Ойлор менде ташып булак, арашан!...

Өз башымдан майдан отун кечирген,—
Черкас күрөш, чыкпай калды эсимден...
Анда менин алоолоп от жүрөгүм,
Ага арналды, тоодой кайрат жигерим.
Анда кайнап, ар намысым деңиздей,—
Ага арналды күчүм, жаштык билегим!...

Али эсимде, тулпарлардын
Жаадай учкан,
Дүбүрттөрү, чаңдары...
Комиссардын кайрат берип,
Тууну ыргалтып, ураалап үн салганы...
Али эсимде, мыкчый кармап жүрөгүн,
«Жашасын Ленин!», «Жашасын Октябрь!»
— деп,
Өмүр өчүп баратса да,—
Жер жаңырткан эрдин кайрат салмагы!...
Ошол өчкөн өмүрлөр,
Кайра жанып күн болуп.
Кайра ачылып гүл болуп,
Талааларда ак дан болуп жайнады...
Суудa сүздү,

---

[1] **Ошол** — Саарканд районундагы «Черкасская оборона» атындагы айыл чарба артелинин ветеран-колхозчусу. Черкастык баатырдык коргонууга катышып далай эрдиктерди жараткан карыя Кирилл Захарович Гайворонский азыр да өз колхозунда жашайт.

Көктө сызды,
Жылдыздарга жетип байрагы...
Бакыттарга толду Черкас аймагы...

## IV

Черкас чеби,—
Тороп жоону,
Калган күрөш издери.
Өткөн эрдик,— от өчпөгөн
Тирүү эстелик биздеги...

Черкас чеби — эр өмүрү,
Даңкын атап, ысмын алып бай колхоз,
Өткөн тарых күндөрүндөй,
Бүгүн мына, баатыры көп
Бакыттарга ортоктош...

## V

Сени көрүп,
Түрмөктөлүп,
Аппак канат ойлорум...
Черкас жерим,
Баатыр чебиң
Сени дайым эскергеним —
Ырдестемди койгонум...

# БӨБӨКТӨР
# ТОЛКУН
# ЫРЫМ-
# ЖҮРӨК
# СЫРЫМ

# КОШУНАМДЫН БАЛАСЫ

Келе калса кошунамдын баласы,
Кужулдашып ойноп калат карачы.
Тоо эндиктей тамылжыган садага,
Жан эритип, жакшы тилек санаасы.

Айтып калат: — тынчтык, аба сүйгөнүм,
Көп курсак ээ, эмгекчинин үйлөрүн.
Жаным эрип — ооба, секет,— деймин да,
Элестетем тынч өмүрдүн гүлдөрүн.

## ЭР БОЛОТ ГО

Сокен дайым бөбөгүн
Сооротконун көрөмүн.
Туурап кээде апасын,
Айтат: — менин жөлөгүм.

Уктагын дейт жана да
Уйкулуу көз балага.
— Эс ал, ойноп чарчадың,
Энең кеткен калаага.

Кээде минтет терметип:
— Чоңоёрсуң эр жетип,—
Деген сөзү денемди
Кетет көлдөй терметип.

Сокен жакшы садагам,
Жүзгө чейин санаган.
Эр болот го деп ойлойм,
Эл ишине жараган.

## «АПА!»

«Жарк» этип өмүр барагы,
Жакинтай төрткө карады.
Кыялын билип байкасам,
Кыйлада экен талабы.

Сурап калдым атайын:
— Берчи, кагаз жазайын.
Кидиң-кидиң чуркады:
— «Китеп кабым» ачайын.

Кагаз, калем колунда,
Кайтып келип орунга.
— Байке, мен да жазайын,
Бир сөзүм бар оюмда.

Бирок аны какпадым,
«Билимдүү»... деп мактадым.
«Апа» деп жазган бир сөзүн,
Көңүлгө бек жаттадым.

## ЫЙЛАБАЙМ

Келатам суу алып,
Кедеңдеп кубанып,
        Алкады апакем,
        Чакасын!.. Чоң экен.
Мактады атакем,
«Эмгекчил бала экен!»
        Агайым Жунуш да,
        Жөнөсө жумушка,
Аны ээрчип ыйлабайм,
Ата-энем кыйнабайм...

## КАДАМ ШИЛТЕП

Билген эмес бөбөгүм,
Бир эмчектен башканы.
Канат жайып кас туруп,
Кадам шилтей баштады.

Билген эмес ардагым,
Бир күлкүдөн башканы.
Карап улам жан жагын,
Там-туң этип басты ары.

Тай-тай бөбөк, тай, бөбөк,
Таалай багы шай бөбөк.
Кыт-кыт күлүп басканың,
Кумар черин жазганың.

## ТААРЫНЫЧ

Атасына Керимбек,
Жакшы көрөм сени деп

Жагалданып барды да,
Көз айнегин алды да.

Тагынарда: — кой, балам,
Уруксатсыз кармаган

Уят болот балага,
Уяттуу бол садага. —

Десе атасы унчугуп,
Деди бала мурчуюп:

— Сени жакшы дегем мен,
Анда жаман көрөм мен...

## БӨБӨКТӨР ЫРДАШАТ

Айлана күлүп шат,
Алмалар ийип шак.
Алма жүз бөбөктөр,
Алгалап ырдашат.

Ырдаса ырдасын
Агасы тыңдасын.
Мээрине бөбөктүн
Ата-эне жыргасын.

# МОНЧОГУН ТӨГҮП ЖИБЕРДИ

Алыстан көркөм көрүндү,
Аркайган бийик Ала-Тоо.
Гүлүнөн жыпар төгүлдү,
Эңиштеп адыр, бийик зоо.

Чокуга булут сүрүлдү,
Күмүшүн жаап алгандай,
Арчалар азем жүгүндү,
Ала-Тоо күүсүн чалгандай.

Энекем жайып көп курут,
Кургасын деп тиленди.
Меймандап келген ак булут,
Мончогун төгүп жиберди...

## БУЛАГЫ КҮҮЛҮҮ ЖЕРИМДИН

Ким болду экен ырдаган,
Тигил сулуу жылгадан.
Бирде бийик, бирде пас,
Бир да үнү тынбаган.
Анын үнүн алыстан
Асман чийип чалкыган,
Аскалары тууураган.

Муну да бөбөк билип ал,
Билгендин терең сыры бар.
Булагы күүлүү жеримдин,
Ырчысы болуп элимдин.

# АЛЧА ТИГИП КОЙБОСОМ

Жаз келди деп, жадыраса абакем,
Кабак, сыны күнгө тете, айга тең.
Балбан билек, күржүйүңкү мүнөзү,
Жетилгенсийт бакыт берген эмгектен.

Мына, мына комбинезону алдагы,
Аны кийип тракторун айдады.
Жемиш багын кубангандан аралап,
Жеңем болсо үрөндөрүн камдады.

Аны туурап тентек иним Торкобек,
Абакемдей жердин бетин чиймелеп.
Атайылап ак таруудан себет да,
Айтат минтип: — Тоокторум, тийбе! — деп.

Бах, чиркин ай! Балалыкты ойлосом,
Оюну көп, оюну бирок чоң эмгек.
Айтат иним: — Алча тигип койбосом...
Абакемдей арык, суусун белендеп.

## ААРЫЛАР

Ушул, ушул аарылар,
Ачууланса каары бар.
Шимип талаа гүлдөрүн,
Ширин, шербет балы бар.

Бал челегин өзөндөн
Байкап балдар, таанып ал.

## САГЫНАМЫН

Сагынамын энекемдин
Сары каймак, күрүчүн,
Садагам деп көкүл сылап.
Таң чолпондой күлүшүн.

Сагынамын энекемдин
Сансыз жомок түндөрүн.
— Эрмек, күнүм, эстүү бол,— деп
Эркелеткен күндөрүн...

## ААРЫЛАР

Ушул, ушул аарылар,
Ачууланса каары бар.
Шимип талаа гүлдөрүн,
Ширин, шербет балы бар.

Бал челегин өзөндөн
Байкап балдар, таанып ал.

## САГЫНАМЫН

Сагынамын энекемдин
Сары каймак, күрүчүн,
Садагам деп көкүл сылап.
Таң чолпондой күлүшүн.

Сагынамын энекемдин
Сансыз жомок түндөрүн.
— Эрмек, күнүм, эстүү бол,— деп
Эркелеткен күндөрүн...

# ЖЕТИМ КОЗУ

Жетим козу, жетим козу,
Чыккан кезде жаздын кошу,
Чоңойсун деп баккан элем,
Упчу даамын таткан элең.

Ылаң өлгөн кара койдун,
Бүгүн көрсөм басып ордун,
Менин баккан мээнетимди,
Төлүң менен актап койдуң.

# БАРДЫГЫН БИЛГИСИ КЕЛГЕН БАЛА

(Бөбөк кыялы жөнүндө ой жүгүртүүлөр)

## I

Өтүп жатты... мезгил, күндөр арыштап,
Бөбөгүмдө арбын суроо табышмак.
— Айтып бер,— деп — агын суулар жөнүндө,—
Кээде мага, кээде энеге жабышкак...

* * *

— Абаке, айтчы батыраак,
Жээгинен мончок чачырап,
Агышын суунун карачы
Желпинет муздак абасы.
Бапестеп багып өстүргөн
Бар бекен анын баласы?

* * *

Бар болсо эгер каткырып,
Бакчада ойноп жүрөбү?
Тал чыбыктан ат кылып,
Талпынтып биздей минеби?
Же болбосо, абаке,

Укмуш сыр болуп агымы,
Уйкусуз түндү сүйөбү?

* * *

Өзөн сайда ашып-ташкан көбүрүп,
Суу сүйлөдү күзгү болуп төгүлүп:
— Тиричилик баарына —
Жашка, мейли карыга,
Суу — өмүрдүн булагы,
Суусуз гүлдөр турабы,
Суулар акса мекенде
Сулуу жаштык курагы.

* * *

Суу — турмуштун келбети,
Суулар өмүр бермети.
Суз кыялда калтырат
Суусуз калса жер бети.

* * *

Өзөн сайда күзгү болуп төгүлүп,
Суу сүйлөдү дагы минтип көбүрүп:

— Жакшы көрөм мекен балдарын,
Жакшы көрөм сайган талдарын.
Жакшы көрүп баркым билгенди,
Жакшы көрөм эмгек ардагын.

* * *

Жакшы көрөм тамчы — баламды,
Тамчым жокто күнүм караңгы.
Тып-тып этип, бийик мөнгүдөн.
Алгач шилтейм басар кадамды.

* * *

Булак болуп, эркин атылам,
Жан жыргатат менден татыган.
Өзөндөрдө ырдайм, күрүлдөйм,
Миң куралып, сымап тамчыдан.

* * *

Эркин ойноп, жердин койнунда,
Эргийт денем батып сонунга.
Эч уктабай күндөр, түнүндө,
Эл кызматы дайым оюмда.
Агызсам да үйдөй таштарды,
Кулатсам да бийик аскарды,
Бүт тагдырым, өмүр тизгиним
Кайраты мол адам колунда...

Шаар, кыштак жүрөк тамырым,
Агат андан алтын жарыгым.
Күн нур жанып, ташкан сүтүмдөн,
ГЭСтер иштейт толкун күчүмдөн.

ГЭСтер, ГЭСтер... эмне иш кыларын
Атайылап сенден сурадым.
Аяр кылып терең ойлонуп,
Айтчы баарын, иним, ынагым?..

## II

Өтүп жатты... мезгил күндөр арыштап,
Бөбөгүмдө дагы суроо табышмак.
Айтып бер деп айбанаттар жөнүндө
Кээде мага, кээде энеге жабышкак.

* * *

— Эмнеге эле түлкүнү куу деп коёт,
Коёнду айтса коркоктугу кеп болот.

Балапанды байкуштар деп аябай,
Эмнеге эле ит, куш илип жеп коёт!?

* * *

— Бүлүк салып элге, эки арага,
Акты түртүп көөдөй түнгө — карага.
Калкты алдап, калп сүйлөгөн кескини,
Калкың айтат куу түлкү деп, садага!

* * *

Тыңшай калып жырткыч келе жатканын
Чоңойтуптур коён көздүн алкагын.
Шалпаң кулак байкас албай тикенден
Жырык болгон жытын искеп арчанын.
Күлүк болгон күндө качып ит, куштан,
Чарчоо билбей чуркаса да канча арым.
Көп коркунуч болуп жашоо күндөрү,
Көңүлүндөй жумшак мамык жүндөрү.

* * *

Айтайынчы, иним, дагы чечмелеп,
Адептүүлүк болсун дайым эсте бек.
Кулаалыдай көрүнгөнгө бир тийип,
Тентек болбо, өскүн болуп сөзгө бек.

* * *

Бул турмушта далай жакшы адам көп,
Өр талашкан, эрдик, жеңиш кадам көп,
Кеп болбогун келечекте, чырагым,
«Кулаалыдай тарп издеген жаман» деп.

Балбан дайым, макал сөзү эң бийик,
Өчпөс болуп, мунарында шам күйүп.
Турмуш жолун туюп калгын тирегим,
Акыл күтүп, агымында бир жүрүп.

* * *

— Ай, абаке, ошентейин, билейин,
Айтканыңды жүрөккө бек түйөйүн.

III

Өтүп жатты күндөр учуп арыштап,
Бөбөгүмдө дагы суроо табышмак.
Айтып бер деп, Ай жөнүндө сурады,
Анын сөзүн абакеси улады.

* * *

— Ай жаркырап шоола нурун төккөнү,
Жерди сүйүп, жер энени өпкөнү.
Айлуу түндө ойноп айыл балдары,
Алма сымак албырсын дейт беттери!

* * *

— Айтчы, абаке, Айдын бетин карасак,
Анда турат адам сымак кара так.
— Эл айтышат чынбы, же бир уламыш —
Ал желмогуз кордук салган чыдагыс,
Аалам-журтту, жерди далай ыйлатып,
Акыр түшкөн темир торго чыгалгыс.

* * *

Таштай катып кара ниет тилеги,
Калган дешет Ай бетинде иреңи.
Баамдап ошол байыркынын жомогун,
Байкап, иним, барктап угуп билели.

* * *

Бөбөк бир аз көзүн ирмейт, козголот,
Ойго батып, кыял эргип оштонот.

Чырмап аны жомоктогу укмуштар,
Таалай энчи табигатка дос болот.

* * *

Күлүк кыял, күмүш кабак жайдары:
— Барбы тигил Айдын тууган балдары?
— Бар садага, жылдыз санат жетпеген,
Бал-бал этип бакыт мүнөз жаңганы.
— Сулуу,—дешет—теңдеши жок дүйнөдө
Барсак кантет бирден кармап алганы?...

* * *

Бул суроого мен да кайра ойлоном,
«Эркин көрчү эртеңкини ойлогон.
Кыйын тура тең келбеген канаттуу,
Кыял чиркин бир орунга койбогон!»

* * *

Ушуну ойлоп, жооп бере баштадым:
— Алыс дешет жылдыз дүйнө асманын.
Айтат эл да: кирпик кагып, жымыңдап,
Ай энеге милдет өтөп жатканын.

* * *

Миң бир эсе чоң дейт жылдыз көлөмүн,
Учуп-күйүп салып оюн өнөрүн.
Ай да минтип жалынат дейт нур төгүп:
«Кагылайын жылдыз балам, өбөгүм!»

* * *

— Ай, абаке, айтпачы эми бөлөгүн,
Балдар келди, муз тебүүгө жөнөдүм.
Айды көктө, жылдыз уулун ызааттуу,

Болот канат болуп күлүк биз аттуу,
Чоңойгондо өзүм барып көрөмүн.

## IV

Жайлоо күнү атыр төгүп айлана,
Тескей бети толгон түркүн саймага.
Өңөрүп мен оюнкараак бөбөктү,
Келе жатсам, суроо берди ал мага:
— Атай мерген атамын деп кийикти,
Айтпадыбы ал эмнеге күйүктү?!

* * *

Ошол кезде арткы шыйрак майпайып,
Элик ташка чыга калды маңкайып:
— Өзүм айтам, бирок мага тийбегин,—
Деди ал сүйлөп, адам сымак — тил мээрим:
— Калч-калч этем мылтык үнүн укканда,
Жактырсам да тоодо мерген жүргөнүн.

— Балаң барбы? — деди иним акырын,
Элик байкуш токтото албай акылын.
Боздоп ийди: — Чаарчыгым, балам — деп,—
Ал жок эми көргөн күнүм каран,— деп.

* * *

Жамгыр сымак жашын дагы кулатты:
— Жакында эле эңсеп келсем булакты,
Жанымдагы жан жүрөгүм баламды,
Таш жамынып Такы мерген жыга атты.

Жарык санап жашоо турмуш жылымды,
Энекелеп чаарчыгым чыңырды.
Жан талашып, жер кучактап кан атып,
Алып кет... — деп анан жаны кыйылды...

Тумшугумду ташка жанып алдым да,
Кубатыма бир кайрылып бардым да,
Беттен сүйүп, окко бутум үздүрүп,
Качтым алыс. Бирок, эстен тандым да...

Так ошондо тартып зардын кыйынын,
Жүрөк күйүп, сыздым жердин кыйырын.
— Айтчы, эликжан, айтчы менден жашырбай
Кантип бүттү мерген аткан сыныгың?

* * *

— Тил кеберсип жатсам ыйлап алсырап,
Турган экен зоокадан суу тамчылап.
Тамчы сууга тоссом күндө жонумду,
Бүттү мындан сынган бутум — жан чыдап
— Айдап чыккан ар кайсы оору илдетин,
Ал тамчы суу мумуя болуп жүрбөсүн?

* * *

— Ооба, ошол. Кийин билдим аны мен,—
Деди элик,— өмүр жолу, багы кең!
— Элик досум, эми бизден жашынба,
Боорлошуң бөбөк турат кашыңда.
Мекенимди бекем коргоп эми мен,
«Мергендерге» тийгиздирбейм сени мен.

Адам сымак сүйлөп турган жанагы
Алыс калды агыш элик карааны.
— Болгон ишти таятама айтууга
Бол, абаке, жайлоого эрте баралы!

## V

Улам татып кургатылган өрүктөн:
— Терек узун, кайың аппак неликтен?

Айтчы? — деди небере
Ийик ийрип, кунөстөгөн энеге.

— Сүт боёгун сүртүнгөнү кайыңдын,
Ак ниетин коштогону айылдын,
Асман мелжип, көркүн төккөн береги,
Терек узун, түптүз өскөн себеби —
Бөбөктөр да турмуш жолдо түз өсүп,
Өмүр күнү чексиз болсун дегени...
— Жашыл дарак, берекем,
Жайында жатар көлөкөң.
Акылым сага айтарым:
Быйылкы жазда байкагын!

Бала чырпык кантип өсүп-өнөрүн
Иштеп көрсөң билем баарын көрөрүң.
Дагы татып чөнтөк толгон өрүктөн:
— Айтчы,— деди өрүк таттуу неликтен?
Анда өрүк сүйлөдү:
— Багбан барктап сүйгөнү,
Бутактарым чачырап,
Бүчүрүм жаш гүлдөдү.

Жарк деп багбан кетмени,
Жанымдан эч кетпеди,
Ачуу терин агызып,
Күндүз белин чечпеди.
Өнүп жерге бозоргон
Таттуу болдум ошондон...

Эне минтти: — Кагылайын карегим,
Колундагы көп өрүктүн данегин
Эгип койчу эшигиңдин алдына,
Тартуу кылат мөмө тоюн алдыңа!
Күн кечтеди. Бөбөк карап турбады,
Данек эгип атайы арык кырдады.
Балким өсөр бакса баары жетилип,
Мөмө төгүп, багбан сыры чечилип...

## VI

Өтүп жатты мезгил күндөр арыштап,
Бөбөгүмдө дагы суроо табышмак.

— Жылкынын, уйдун, аюунун,
Балдары бар, ээ, баарынын.
Сүйлөшүп куштун нечени,
Апаке, ата дешеби?
Айтчы, абаке, тарыхын,
Күн неге чачат жарыгын?

* * *

— Апаке деп, аюунун мамалагы,
Кулуктук кулун, тайдын самаганы.
Сайрашып, далай куштун балапаны,
Жаңыртат апакелеп айлананы.
Мээримге жан-жаныбар жыргасын дейт,
Нур төгүп күндүн ысык кайнаганы.

## VII

Өссө экен деп укум-тукум, мөмөбүз,
Биз да, бөбөк, сени жакшы көрөбүз,
Эсен чоңой, көтөр тоону эл айтса,
Көптү билип, көп иш кылып ченегис.

* * *

— Бул турмуштан үйрөнөйүн баарысын,—
Деди иним жүрөккө от тамызып,
Көз алдыма көл, дайраны агызып...

## ТИЛЕЙМИН

Суулардан алып жалынды,
Сулуу нур жерге тагылды.
Байыркы тентек өзөндөр,
Баш ийди, колго багынды.
Жазга айлант, уулум сен дагы,
Жамгырлуу жаштык чагыңды.

Жетилип чынар бутагы,
Жыга албас эч бир күч аны.
Магдырайт Айдын нуруна,
Максатка толгон кучагы.
Жакшы экен жашоо өмүрдүн,
Жалтанбас эрдик узагы...

Сен дагы жайып тамырың,
Жашоонун чачып жалынын.
Таалайды берип элиңе,
Тартуула Күндүн жарыгын.
Тирегим, тоом болоруң,
Тилеймин сенден, жарыгым...

## ӨСӨ БЕР

Кубанткан энесин,
Толкутуп денесин.
Таалайым сагынткан
Татына элесиң.

Жыргалдуу турмушта,
Жетилип келесиң.
Күзгүдөй максатка,
Канатың кересиң.

Куудул сөз сүйлөсөм,
Борсулдап күлөсүң.
Улууга-кичүүгө,
Адептүү мүнөзүң.

Эжеңдин кеңешин,
Урматтап угасың.
Унутпай бөлмөңдү,
Тазалап турасың.

Узанса атакең,
Көөрүгүн басасың.
Окутса апакең,
«А», «Б» ны жазасың.

Мал келсе кечинде,
Байлайсың козуңду.
Ар дайым эсиңде,
Көк музоо досуңбу?!

Өсө бер эмесе,
Эмгекте береке.
Мекенге баатырча,
Жарарсың керекке.

# САЙРАГЫН, БУЛБУЛ КУШ

Короодо көп өрүк,
Гүлдөгөн көгөрүп.
Өстүргөн Өмүрбек
Ардакка бөлөнүп.

Бакчага барганда,
Жыттанат көп алма.
Булбул куш сайраса,
Суктанат балдар да.

Толкундап Өмүрбек,
Сайрагын булбул дейт.
Сыймыктуу тек карап,
Күлмүңдөйт, күлмүңдөйт.

Булбул куш ансайын,
Безенет, үн созот.
Өмүрбек атайын,
Мындай деп ыр кошот:

— Сайрагын, булбул куш,
Кошулсун үнүбүз.
Көбөйсүн, көрктөнсүн,
Алма, өрүк, гүлүбүз.



## СУР КОЁНГО

Ай, сур коён, сур коён,
Бөжөктөрүң ондогон.
Секиришип жарышып,
Серең этип ойногон.

Таттуу бүрүн беденин,
Таап келип беремин.
Чоңойсо дейм батырак,
Кичинекей бөжөгүм.

Балдар сүйүп мактаган,
Сүйүнчүм бар батпаган.
Көбөйсүн деп жандуу бурч,
Мектебиме алпарам.

## АЙ, ТРАКТОР, ТРАКТОР!

Топ-топ болуп айылда,
Тракторду көрөбүз.
Ардак кесип жагына,
Азыртадан көнөбүз.
Денең чоюн, кубат мол,
Ай, трактор, трактор!

Жарчысындай эмгектин,
Шаңга бөлөп талааны.
Өзгөрт жердин келбетин,
Тынч эмгектин жарагы.
Денең чоюн, кубат мол,
Ай, трактор, трактор!

## БАЛА ЭЭРЧИТКЕН АПАМДЫ КӨРДҮҢБҮ?

(Тамаша)

Бөгөп жолду бербеген,
Көчө толо эл менен.
Келе жатты Маратбек
Боргул басып тердеген.

Сөзүн таппай сүйлөргө,
Кубанып карайт үйлөргө.
Кыялы назик жаш бала
Окшоп кетет гүлдөргө.

Жакындай басып энеге
Кол шилтеп, болбойт дегеле.
— Апаке, айтчы? — деп коёт,—
Тээтиги сүрөт ким эле?

Анда минтет апасы:
— Ленин ал! Элдин атасы.
Бул сөзгө бала кубанат,
Көңүлдө жок капасы.

Бир кезде тигил топтогу
Оюнду көрүп токтоду.

Адашып калып энеден,
Апасын бала жоктоду...

Кезиксе адам шашкалак
Токтотуп аны жаш Марат:
— Бала ээрчиткен апамды
Көрдүңүзбү? — деп калат.

Анда тиги кезиккен:
— Кызыксың го ушул сен,
Эмнеликтен, кай жерден
Адашып калдың энеңден?

Билбейт бөбөк мостоёт,
Көзүнө кээде жаш толот:
— Бала ээрчиткен апамды,
Таап бергин,— деп коёт.

Бурулуштан аңгыча
Чыга калган милиция
Таап берди апасын
Издеп жыйырма минутча.

— Бирок, апаң ээрчиткен
Баласы гана жанында? —
Деп Мараттан эшитсем
Жооп берди: менмин да!..

# АК ГҮЛДӨР, КӨК ГҮЛДӨР

Кичине эмесмин,
Гүланга теңештим.
Гүл багып үйүмдө,
Гүл менен тең өстүм.

К а й ы р м а: Ак гүлдөр, көк гүлдөр
Асырап көп күндөр.
Карачы татына,
Кааласаң көркүн көр!

Суу куям маалында,
Сындырбайм талын да.
Апакем жалынат,
Ал болсо — жанымда.

К а й ы р м а: Ак гүлдөр, көк гүлдөр,
Асырап көп күндөр.
Карачы татына,
Кааласаң көркүн көр.

Күн нуру күлүңдө,
Күлкү бар күнүмдө.

Кыш күнү жайнасын,
Кызыл гүл үйүмдө.

Кайырма: Ак гүлдөр, көк гүлдөр,
Асырап көп күндөр.
Карачы татына,
Кааласаң көркүн көр.

## АЛМАДАЙ МӨМӨ БАЙЛАГАН

Түшүндө Турат алмадан,
Кучактап онду кармаган.
Ойгонуп кетсе таңында,
Онунан бири калбаган.

Таарынды бала энеге:
— Кызыксың, апа, дегеле.
Алмадан турсам кучактап,
Албайсың андан неге эле?

— Аа, берекем, айланам,
Акылың жаздай жайнаган.
Ал түшүң тура максаттуу,
Алмадай мөмө байлаган.

## ДОСТУК ҮН МЕНЕН

(Хор)

Алтын шам жанды тигинде,
Акак түс бутак биринде.
Жылдыздар бизге көрк берип,
Жымыңдайт аяз түнүндө.

К а й ы р м а: Ырдайлык достук үн менен
Ынтымак, өмүр гүлдөгөн.
Жыбырап ёлка мончогу,
Жымыңдайт көктө күн менен.

Эмгектен гүлдөп чарбагы,
Эски жыл элдин ардагы.
Жарыгын чачып кайрадан,
Жаңы өмүр гүлү жайнады.

К а й ы р м а: Ырдайлык достук үн менен
Ынтымак, өмүр гүлдөгөн.
Жыбырап ёлка мончогу,
Жымыңдайт көктө күн менен.

Ой, кырдын күмүш чапаны,
Көз жетпейт, алыс сапары.

Кубулжуп жашыл балаты,
Кубантат Аяз атаны.

К а й ы р м а: Ырдайлык достук үн менен
Ынтымак, өмүр гүлдөгөн.
Жыбырап ёлка мончогу,
Жымыңдайт көктө күн менен.

Жаңы жыл сунуп кош колун,
Жылмайды карап досторун.
Улуу жыл болсун ааламда
Учуруп айга «Востогун»!

К а й ы р м а: Ырдайлык достук үн менен
Ынтымак, өмүр гүлдөгөн.
Жыбырап ёлка мончогу,
Жымыңдайт көктө күн менен.

## БЕШИК ЫРЫ

Алдей-алдей ардагым,
Бал тилиңе канбадым.
Кейип кетет бешигиң,
Кылбай эч бир кечирим
Кээде сорсоң бармагың.

Термеп сени эзелден,
Соо болсо деп кеселден.
Тилек, оюм билдирип,
Упчуң жакын илдирип
Мамык болуп төшөлгөм...

Ук, бөбөктай жайдарым,
Сырттан жели айдарым...
Күлүп, бизди жыргатып,
Күлүк ырын ырдатып
Капалыкты айдагын...

Шылдыр-шылдыр шылдырак,
Оюнчугуң кылдырап.
Көз отторуң жайнаса,
Былдыр тилиң сайраса,
Көңүлүмдү тындырат.

## ӨМҮР НУР ЧАЧЫРАП...

Ак дайра талыгып,
Агалбай чамынып,
Ак терек дүпүйөт,
Ак карды жамынып...

Күмүш жаап өзөндү,
Шурулар аземдүү.
Кузгундайт талаада,
Куюлтуп нөшөрдү.

Магдырап ысыкка,
Батуучу кызыкка.
Зуу этет кыш жели,
Зуулдап музыка...

Арчалар кырдагы,
Айтылып сырлары.
Ыр ырдайт зым, түркүк,
Чертилип кылдары...

Кыш аяз качырап,
Куштарды качырат.
Жарк этет жаңы жыл
Өмүр нур чачырап...

Жер шарда тоголок,
Жеткинчек торолот.
Байлыкка чулганып,
Бакыт күн оронот...

# ЖОЛБОРС ЖӨНҮНДӨ ЛЕГЕНДА

(Вьетнам элиники боюнча)

## I

Байыркыдан бөбөктай,
Мен айтайын угуп тур.
Каалгып сүзгөн булуттай
Карга да ак болуптур.

Түлкү, кундуз түсүчү?
Азыркыдай болбогон.
Тоодой сырын түзүүчү,
Жомогу бар ондогон.

Жолборс анда аркырап,
Арыш керсе адырдан.
Темгили жок жаркырап,
Жүнү алтындай чагылган.

Токойдо бүт айбандар
Күркүрөгөн жолборсту,
Эч бир жандан жеңилбес
Падыша деп ойлошчу.

Жүндөрү бүт нак алтын,
Жалындаган көздөрү.

Билиш керек эр баркын,
Акыл, нуска сөздөрү.

Муруттарын сылайт да,
Буга Жокең демденет.
— Акыл күчтөн чынында
Кимдер мага тең келет?

Ата салтым илгертен,
Алп күчү бар шер экен.
Нак алтынга боёнгон
Кийими барбы мага тең.

II

Шыйпаңдатып куйругун,
Тизе бүгүп суналып.
Түлкү келди жолборско,
Үнүн назик чыгарып.

— Ач карышкыр, тоту куш,
Күйкө сулуу — жан багар.
Коркок үлүл, үпүп уз,
Тарп аңдыган каргалар.

Мындай дешет ушактап:
«Бар экен сенден ашкан эр».
Мууздаш керек тузактап...
Камынып жоого төрөм-шер.

Жолборс анда чамынды,
Көрсөт эрте аныңды.
Башын жулуп алайын
Кызыттың түлкү канымды.

Түлкү күлдү шыңкылдап,
— Дүйнөдө адам акылман...
Болсо экен дейм ал ушак,
Калбайт тирүү катылган.

— Эмне үчүн адам акылман,
Эртелеп билип келейин.
Жоокер болсо катылган,
Азабын колго берейин.

Жолборс чыкты жолуна,
Териси күнгө чагылып.
Келтирип жоону оңуна,
Турса экен бала камынып...

## III

Жашыл ыраң жайкалат,
Күн төбөдө чаңкай түш.
Шуулдап токой чайпалат,
Сол тарабы кенен түз.

Колунда узун шапалак,
Буйволго чеккен буурусун.
Бир жаш бала жер айдап,
Жумуш кыйын, күн узун.

Башта камыш калпагы,
Далдайса да жарашат.
Өтпөй күндүн аптабы
(Көңүл черин таратат).

Бала кээде кыйкырат:
— Чу-чу, турба, жаныбар.
Өрөөн гүлдөйт, кулпурат,
Эгин өсөт эл жыргаар...

Буйвол кээде муюшуп,
Чыга калса бороздон,
Бала атайын урушуп,
Айтат: — Сени жоготом!...

Болуп талаа эрмеги,
Буйвол, камчы... буурусун.
Суусап бала чөлдөдү,
Жумуш кыйын, күн узун.

Бир кезекте эс алып,
Келсе мөлтүр булакка.
Жиберчүдөй таш жарып,
Үн угулду кулакка.

Аңдып аны караса,
Жолборс экен чамынган.
Буйвол байкуш балача,
Жан соогалап жалынган.

— Жебейм сени, коркпогун,
Арчы көздөн жашыңды.
Жолборс серпип оң колун,
Колтук жүнүн кашынды.

— Айтчы буйвол, күч толук,
Айбандардын зорусуң.
Бирок жеткен макоолук,
Адамга кул болушуң...

Жер айдадың баятан,
Суудай терге чөмүлүп.
Тажабадың таяктан,
Калгансыңбы көнүгүп.

— Кээде ачуулуу, жөнөкөй,
Адам алсыз, кичине.
Таң каламын көз жетпей
Акыл, эмгек ишине.

Дүйнөдө бүт жаныбар,
Коркот андан, баш иет.
Акылмандык жайы бар,
Анысы укмуш касиет.

Чайнай турган оңбогур,
Бала түшсө колуна.
Күү-гүү этип көк союл,
Ойноктоду жонуна.

Топуракка жуурулуп,
Кээде кызыл кан агат.
Мончок терге жуунуп,
Дир-дир этет салаалап.

Алтын жүнү чагылган,
Болуп темгил кара так.
Муңдуу үнү жаңырган,
Уккан жанды каратат.

Балада өнөр көп экен,
Көзгө илешпей октолот.
Союл тийсе солк этип,
Жолборс көзү оттонот...

Ансайын бала күчөнүп,
Кызыкты эми баштады.
Оозун таңып жолборстун,
Отко сүйрөп таштады.

Кызыл жалын чачырап,
Алоолонсо, талаада.
Жолборс ыйлап бакырат:
— Жолуктум деп балаага.

Бир кезде ыргып чамынган,
Күчүн күчкө ширетип.
Алтын жүнү чагылган,
Курч жалынга шыр этип.

Чоло жер жок капталы,
Ышкын түптөй сапсары.

Жан кейитет чыдатпай,
Көк союлдун тактары.

Кошо куйүп боз аркан,
Бошонду жолборс араң жан...
Боорунда жол-жол темгилдер
Калыптыр ошол замандан...

# АДЕПТҮҮЛҮК,
# ЭМГЕК —
# КӨРКҮ
# АДАМДЫН

## ЭЖЕКЕМДЕЙ БОЛОМУН

Эжекемдин өрнөгүн,
Эмгегинен көргөмүн.
Даңкы кыйын экен деп,
Далай көңүл бөлгөмүн.

Эжекемдин өрнөгүн,
Кайратынан көргөмүн.
Кызылчасын казышып,
Кыйла жардам бергемин.

Эжекемдин өрнөгүн,
Орденинен көргөмүн.
Ай ушундай болсом деп,
Артык көңүл бөлгөмүн.

## ТӨРӨЛҮПМҮН

өрөлүпмүн тээ алыскы бийик жерде, чокуда,
урмушту да бийик жерден терең карап окууга.

өрөлүпмүн кыя белден, чоң ашуудан өтүүгө,
мүр жолдо кең жол салып, чоң максатка
жетүүгө.

өрөлүпмүн мен кыш айда, жазды элиме
берүүгө,
еңиштерге далай-далай күрөш менен келүүгө.

## КҮН КӨТӨРҮП БАРАЙЫН

Көз уялтар кут денеңди
Керемет күч сулуулап.
Оо, улуу Күн, баратасың
сапар улап зымырап.
Сенин мээрим илебиңен,
Жаш канаттар жетилип,
Жашоолордун өлбөс күүсү
шыңгыр, даана угулат.

Сени сүйөт жыттуу жалбыз,
бийик учкан көпөлөк.
Сени сүйөт залкар тоолор —
далысына бөпөлөп,
Сени сүйүп шүүдүрүм да,
нуруң тийсе касиет,—
Кетет алыс түрмөктөлүп
булут болуп көкөлөп,

Жада калса чарчоо билбес,—
кумурска да сүйүнгөн.
Жумуш десе, ачып кабак,
миң секирип түйүлгөн.
Жаадырашып, дене жазып,
кубанч күлкү тартуулап,

Сансыз таажы, жыпар жыттуу
гүлдөр сага тигилген.

Оо, сулуу Күн, адамзаттын,
тиричиликтин өмүрү.
Сезет сени, сыйлайт сени
Бар жандуунун көңүлү.
Сезет сени зор бакыттай,
чексиз улуу максаттай,
Пайда болуп дайраларда
ашып-ташкан көбүрүү.

Кана эмесе, Күндөн мен да
өз энчимди алайын.
Керек болсо миң кубулуп,
Күн нур болуп жанайын.
Аалам тыңша, жүрөк тыңша,
адам атым билгизип,
Алсыздарга, алыстарга
Күн көтөрүп барайын!

## КАРЫЗМЫН

Поэзия — басар жолум, арымым,
Доорум сүйүп, алпечтеген заманым.
Жүрөк чертип тийсе мээрим жарыгың,
Жарк дей түшөт менин бүркөө кабагым...

Өзүң болдуң өрүшкө учар канатым,
Сенде бардай дүйнөдө жок сулуулук.
Кээде чалып, кең асмандын арасын —
Толкуп кетем, толкунуңа урунуп...

Поэзия — тунук сүйүүм, өмүрүм,
Ак жол издеп, ак жалының тамызгын.
Сени ойлосом көп тынч албай көңүлүм,
Мен элиме өмүр бою карызмын...

## ТУРАЙЫН КЫЙЫНДЫК ЖОЛУНДА

Дүрт этип бир жанып кайрадан,
Өчпөйүн эне жыт бооруңда.
Турмушта шакардай кайнаган,
Болоюн кыйындык жолунда.

Караны каректе үзүлбөй,
Алыс жол, тер керек күлүккө,
Ооруңду колумдан түшүрбөй,
Ардактап коёюн бийикке.

Бул сырым — чын сырым жүрөктөн,
Тээ алыс канатым жазайын.
Мекеним мени алга сүрөткөн,
Кебелбес кениңди ачайын.

Энемдей мээримдүү бөпөлөп,
Күүлөрүм миң толгоп таштадың.
Көрк төгүп, чынардай көкөлөп,
Болоюн жапжашыл жаздарың...

Дүрт этип бир жанып кайрадан,
Өчпөйүн, эне жыт боорунда.
Турмушта бышыгып кайнаган,
Турайын кыйындык жолунда!

## МЕКЕН — ЭНЕ ТИЛЕГИ

Жер шары айтты: — «Булук салды фашизм,
Тагы калды, күчөп далай жаратым...»
Энем айтты: — Эстегенде өрт ичим,
Кан майдандан кайтпай калды канатым!

Жер шары айтты: — «Мөмө болуп айланам,
Жаркылдасын Жердин жылдыз оттору!»
Энем айтты: — «Учпаса экен кайрадан,
Кан эңсеген каракчынын октору...»

Коштоп дайым мекен, эне тилегин,
Жаша, тынчтык жашаар күнүм— тирегим.
Сезимдерге уяласын шаттык ыр,
Сен жылытып, Жер дүйнөнүн жүрөгүн.

## АРТЫП ТУРАТ САГЫНУУЛАР

Кочкор суу мага кымбат бала күндөн,
Күргүчтөп күндөн алган жалыны бар.
Бубактап булут болуп чыккан буусу,
Ар кимде артып турат сагынуулар...

Жан үрөп самап барсам сүйчү мени,
Ырахат шыбыраган түнкү жели.
Шоокуму чалып бийик симфония,
Үнүндө кыз-келиндин күлкүлөрү.

Тоо койну толгон күмүш мактанычым,
Көл кылдың Орто-Токой сактагычын...
Өзөнүн кенен Чүйдүн жаңыртышып,
Бактылуу алыс сапар аттанышың...

Бал тамчың байкап калдым күз күнүңөн,
Бак көрдүм, тынчтык көрдүм түшүмүңөн.
Кандырып казак жерин араладың,
Мөлт этип, өзбек кыздын жүзүмүнөн...

Кочкор суусу — самап тамчың баргым келсе,
Баладай ыргып чөмүп эркелерим,
Сырдашып дыйкан келсе, дилин берсе,
Эл сүйгөн эмгек күүсүн черте бергин.

Токоюң толгой тартып тоо ыргагын,
Береке кызыл батпай тоо кырманын.
Жериме көркүң бердиң, толкун бердиң,
Дагы эле келет сүйүп, сени ырдагым.

Кочкор суу — мага кымбат бала күндөн,
Күргүчтөп күндөн алган жалыны бар.
Бубактап булут болуп чыккан буусу,
Ар кимде артып турат сагынуулар...

## ТУУГАН ЖЕРГЕ ТОЛГОНУУ

Зыпылдап чабалекей канаттары,
Жан достой көркүн төгүп дарак дагы.
Таштасам тууган жерге кадамымды,
Шарт этет балалыктын барактары.

Жыт алсам жайлоо сымак абасынан,
Чыккансыйм жыпар гүлдүн арасынан.
Күлкүсүн атакемдин баба дыйкан,
Угамын ак буудайдын талаасынан.

Таңынын сулуулугун көрүп турам,
Тоосунда токой болуп өнүп турам.
Чынында тууган жерден кубаттанып,
Дүрт этип, ыр жамгырын төгүп турам.

Комуздун күүсү кетпей кулагыман,
Өмүрдүн басар жолун сурап улам.
Энемдин ыр, күлкүсүн, берекесин,
Көрөмүн шылдыр аккан булагынан.

О, мекен жылдыздарың көрүп нечен,
Ыр самап кээде сага келип кетем
Сөзүнө кээ бирөөнүн тоңсом дагы,
Тууган жер! Мээримиңе эрип кетем.

## МЕКЕН МӨМӨЛӨРҮ

Сары өрүк, алча, жүзүм ширин белем,
Миң самап күн шооласын кулүндөгөн.
Ах чиркин! таңдай жарып таттуу болгон,
Бал даамы алтын жердин, улуу сыйдын —
Бар белем касиет, күчү билинбеген...

Көтөрүп бирин эмес, миңин жүктү,
Сезимге уялатып биримдикти.
Биз дагы, гүл мекендин мөмөлөрү,
Жемишин төгүп дайым туулган элге,
Билгизип турсак экен шириндикти...

## БИРИНЧИ КАР

Күз үлпөтү күлүп келген маалында,
Аппак кардын аппак нуру канымда.
Жер энеге миң эркелеп мен дагы,
Жабалактап жаагым келет сабында.

Каалгып учуп, жумшак назик канатың,
Жетегинде жетпей калат санатым.
Ай көрпө кар, биринчи кар, түшүм кар,
Ардак кылып тосуп алуу — адатым...

Ырыс талаа ыйык акың кайтарат,
Шекер сымал төгүл, ак кар кайталап.
Сезимдерге аппак үмүт уялап,
Сезимдерге ак той, тилек бал тамат.

* * *

Максат издеп, бакыт издеп,
        Жайкы нур таң атарда,
Жаш канаттар бекем туруп,
        бийик учар катарга.
Өмүрдү арнап өр турмушка,
        кыйындыкка, кыш күнгө,
Каркыралар тизмектешип
        кетти алыскы сапарга.

Өтүп жатты жаз күндөрү,
жамгырлары көнөктөп.
Күз күндөрү күлпөт жайып,
той жемишин төгөт деп,
Үмүт жайды мекенине
ташып эмгек сүттөрү,
Каркыралар канат жайып,
качан учуп келет деп.

Сагынч артып талаа түздө
каркыралар шаңына,
Жер тамыры жибип жатты
булак, дайра — канына.
Кайыңдар да, эңсеп улам,
кыркар тарткан элести.
Карай берди каркыранын
сапар тарткан таңына.

Самады көп сайма төрлөр
түлүктөрү семирген.
Самады нечен жашыл жондор,
жайнап өскөн көбүргөн.
Сагынтышпай келсе дешти
максат жүгүн көтөрүп,
Самап эчен ата-энелер
мээрим оту төгүлгөн.

Келди акыры айланышып,
каркыралар айлына,
Ар биринде өнөр куту,
өнөр күүсү бар мына!
Сагынч арткан талаа, төрлөр
жана аппак кайыңдар,
Жарпын жазды — жаңы нурга,
Жаңы күүгө, жаңы ырга...

## КЕЛАТАМ

Унутпай бийик белдер ашарымды,
Унутпай чексиз жолдор басарымды.
Көңүлгө канат тактым кыял минип,
Унутпай жер айланып жашаарымды.

Замандаш, алтын тууруң, үйүңдө сен,
Миң сырлуу мага карап күлүңдөсөң.
Жактырып алыс сапар алганымды,
Көп милдет тагдырымдан түңүлбө сен.

Ар милдет: дайра бурам чөлдөгөнгө,
Жол салам муз тоолордон өрдөгөнгө.
Күн отун түбөлүккө берип турам,
Бакытты көө түндөрдөн көрбөгөнгө.

Алдымда аска-зоока бийик жатат,
Ак кар, муз дөбөлөрүн үйүп жатат.
А бирок, алар колго багынышып,
Сүт чачып, көл, дайралар ийип жатат.

Тынчыбай сезим, жүрөк билектерим,
Бийикте максатымдын тилеп төрүн.
Жашоодо элим үчүн, өмүр үчүн,
Келатам жаратууга мүрөк көлүн.

## АТА ЖУРТ ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОП...

Алтын чынар Ата журтка карасам,
Талбас эмгек, талаа бакыт, талаа шаң.
Күткөн үмүт гүл жыттарын аңкытып,
Күмүш жапкан Күн үстүндө баратам.
Өлбөс болуп, кайрадан жаш төрөлүп,
Кыялымда кымбат күүнү жаратам...

Эмгек жарак жок эмес, бар колумда,
Кез болуп мен дүйнөдөгү сонунга.
Көркүнө көрк кошуп сулуу мекендин,
Көл түбүнөн каухар сузам оюмда.
Жаштык күүсүн сүрөп ыйык журтумдун,
Жалын болуп, жангым келет боорунда.

Коркпой эзел келген жоонун астында,
Айланып мен жалын бүркkөн ташкынга.
Кыш бороонун сүрүп таштап алыска,
Бөлөсөм дейм Ата журтту жаз нурга,
Дан берметин дайра кылып агызып,
Таалай гүлүн таккым келет таш, кырга!

## БААТЫРЛАР КӨЗГӨ ЭЛЕСТЕП...

Кирпиги алтын жылдыздар,
Шооласын жерге таратты.
Белесте бийик аскалар,
Эриксиз мени каратты.

Шыр этип улам алоолоп,
Элестейт көзгө нурлары.
Асманга атып күйгөн от,
Алтынга бөлөйт жылганы.

Тоодогу күйгөн костёрго,
Токтолбой бардым мен дагы.
Саламым айттым досторго,
Кубантты оюн, ырлары.

Кыялы ширин чер козгоп,
Ильичтин шайыр балдары,
Өмүрү өскөн гүл окшоп,
Колунда мекен байрагы.

Көңүлү куунак жеткинчек,
Бийлешип түркүн ойногон.
Бир гана четте Керимбек,
Кыялга батат ондогон.

«...Пионер деген жалын ат,
Өмүрдө кымбат жогору!»
Толкундап бала каранат,
Вожатый таккан жагоону.

Курч көзүн улам жиберип,
Ойноктоп күйгөн жалынга:
— Элести сактап түбөлүк,
Жалында костёр, жалында! —

Дейт дагы кайра ойлонот:
— Баатырдык деген эмине?
Душманды өрттөп, болуп ок
Өмүрүн арноо элине.

Краснодондук баатырлар,
Жүргөнсүп анын жанында.
Павлик, Кычан аты бар,
Сиңип калган канына.

Эр жүрөк өскөн Зоячы?
Канынан гүлдү жаратты.
Бизге да досум, карачы,
Үйрөттү эрдик адатты.

Эскерди бала далайды,
Эскерди өткөн досторду.
Сактаган алар таалайды,
Сактаган достор! — деп койду.

— Сайрандуу тынчтык бул кезим,
Кандайча эрдик жаратам? —
Канатын күүлөп курч сезим
Ойлонду бала баятан.

Көз алдына келтирип,
Атасынын жылдызын,

Баатыр болсом деп тилейт,
Мактагандай кыргызым.

Ким билет, дагы күн өтөр
Жаз айы эчен кубулар.
Керимбек азыр пионер,
Дүйнөгө аты угулар.

# ЭЛ ЖАНА ЖЕР ТАМЫРЫ ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОР

## I

Тереңдерге сүңгүйт,
Карагай, эмен, кара жыгач тамыры.
Кубаттанат,
Бутактанат,
Көрктөнөт,
Өсүп жашоо арымы.
Тиричилик кыймылы жанданат,
Тийген сайын суу илеби,
Күн илеби — жарыгы.

Айталычы кашка бедени
Ал тамырлап гүлүн төксө,
Жер денесин темирдей бекемдеп,
Күчтүү кубат бедели.
Ажырабай чырмалышкан,
Айдалса да жердин тереңи.

## II

Демек, досум
Ушундан улам
«Жер тамырынан

Эл тамыры» көп
Дегенге келели:
Эл деген эл,
Көл, деңизден күчтүү толкуну,
Тамыры бир, бийиктеген чынары!
Тартылып күн илеби,
Максат суусу агып бир нукта,
Канат каккан көктө булутка!

Бир кагып тамыр жүрөгү,
Бирге болуп татаар мүрөгү.
Жаз көктөмдөй бажырайган,
Сансыз болуп эмгек тамыры.
Белдер болсо бир ашып,
Кендер болсо бир казып,
Күр-шар этип бара жатат,
Ырыс,
Таалай,
Тынчтык күткөн агымы...

## III

Аңтара берсек, турмуштун барагын,
Ак ниет элге көтөрүп өлүм жарагын...
Далай канкорлор өткөн
Азапка салып,
Өмүрдү көктөм.
Тамырын кыркып
Шалбаа, токой гүлдөрдүн,
Көтөргөн чаңын талаанын...

Андайлар эми болбосо экен.
Адамзаттын:
Жигит, кыздын,
Жаштын — карынын,
Жаздын, күздүн,
Гүлдүн жана баланын,

Күн каптап турса экен кабагын!..

Кан тамырлар ойносо экен,
Тынчтык айтып жүрөктөргө...
Жер тамыры солбосо экен,
Тынбай дыйкан кадамы,
Күчтөр толуп билектерге...

## ФРУНЗЕНИН БАКТАРЫ

Бир жай келип атам абдан мактады:
— Токой тура!.. Фрунзенин бактары.
Кайда кеткен, кайда кеткен көрүнбөйт,
Көчө толо чаңгыл тарткан таштары.

Апам дагы күлүп карап: — Аскабы!..
Дейт,— үйлөрдү кыбыр болуп басканы.
Бактарынын бутагындай ийилчээк,
Сылык тура мөлтүрөгөн жаштары.

Ооба, ата-эне, мен да аралап баскамын,
Фрунзенин жашыл көйнөк бактарын.
Сүйөм бекем, сүйөм жакшы көрөмүн,
Бак гана эмес, ээн жаткан таштарын...

## ТАЗАЛЫК

Тоо суусундай мөлтүрөгөн тазалык
Дайым болсо чынар гүлдөп жасанып.
Өсөт тура кирпигине кир тийбей,
Эрке желге боюн түзөп жашарып.

Чынар сымак улам кайра жасанып,
Тоо булактай күмүштөнүп тазарып.
Мекен үчүн эмгектенер өмүрдө
Болсун дайым мөлтүрөгөн тазалык.

## ДОСУМ

Менин досум жаркырак,
Күн нурундай чачырап.
Бакыт жолун көрсөтүп,
Зор эмгекке чакырат.

Таалай нуру туптунук,
Көркү жайнап кулпуруп.
Досум менен жолум бир,
Алга карай умтулуп.

Океандай эң терең,
Оюмду гүлгө бөлөгөн.
Акылымды асмандын,
Ай-күнүнө теңеген.

Аты китеп досумдун,
Ардактаймын, окуймун.
Кечип өтөм дайрасын,
Тереңинен окуунун.

# КЕРМУРУТ ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

(Тамсил-поэма)

## I

Билесиңер балдар!
Кумурскалардын өңдөрү кара,
Бирок ойлорунда жок ала...
Күнгө тотуккан денелери,

Чыйрак өстүрүп энелери.
Көздөрү жайнап турат,
Кундуздай болуп чачтары.
Таалайы — ишине ашыгат,
Таң атып, Күн нур чачканы.
Жаман көрүшөт,
Жатып алма, иштен качманы.

Шаңдуу угулуп, эмгек күүлөрү,
Кызык өтөт жашоо күндөрү.
Жер алдына шаарды курушкан,
Жети кабат болуп үйлөрү.
Кыш айында дуулап оюнча,
(Албетте, тартиби боюнча)
«Метродо» жүрүшөт,
Балдары дайым сайрандап.

Аны өздөрү курушкан,
Жылдап, айлап...
Кайраттары кайнап.

## II

Жылмайып келгенде жаз,
Жатып албай болуп мас.
Жапырт билек түрүнүп,
Жаз жытына сүйүнүп.
Эмгекке белсене киришти,
Таштабайт алар,
Баштаганда бир ишти.
Кумурскалардын төрөсү Темирганат,
Мындайча жарыя салат:
«Кымбаттуу балдар, туугандар, достор!
Силерде бар селдей күч-кубат,
Керек болсо,
Тоону козгоор.
Жаз менен кошо жарышып,
Мээнет терди агызып.
Бак тигели, шаар куруп,
Чөлдүн өңүн гүлгө буруп.
Жер үстүндө жашоо
Кандай сулуу, кандай тунук!
Жыргайбыз
Бирдикти чыңап,
Бакытка, таалайга тунуп...»
Макул болушту улуу-кичүүлөр,
Ак сакалдын акылын угуп.

## III

Мына эми,
Саамалык иш башталды.
Оодарышып, казандай таштарды.
Техника менен дос болуп,

Тоолор титиреп козголуп,
Күнгө жарк деп экскаватор тиштери.
Машина,
Трактор,
Самосвал,
Жүк көтөргүч —
Бардыгы тынбай иштеди...
Балбан билек кумурскалар,
Бардык ишке усталар.
Кайратын эки эселеп
Ташкындады күчтөрү,
Таң калды карап тургандар:
«... — Баракелде!
Эмне деген күч деги!...»

Жабылып жаз жарышына,
Бек туруп алар намысына.
Түзөтүп дөңдү күйүп жаткан,
Бурушту жамгыр суусун булуттагы,
Буурадай чөгүп бугуп жаткан.
Куурайсыз калган кумдуу чөл
Күлүп жиберди жайнап келбети,
Күз болгондо төгүлөт бермети...
Ошентип, кыртыштар тилинди,
Түркүн жемиш,
Түркүн мөмөнүн
Эгилди уруктары,
Дос болуп жамгыр булуттагы.
Чын эле, бөбөктөр,
Балбан билек кумурскалардын
Баба дыйкан экендиги билинди,
Үйрөнүшүп «Дыйканчылык» илимди...
...Акылдуу экен анын кеби,
Бир күнү Темирганат мындай деди:
«Уккула, туугандар,
Түркүн жемиш, түркүн мөмөлөр эгилди.
Эми ойлонуш керек,
Курсак тоюнар дан-эгинди».

Жүгөрү,
Арпа,
Күрүч,
Сулу,
Буудайдын
Кереметтүүсүнөн
Бирден дан таап келүүгө буйрук берилди.
Бул жөнөкөй дан эмес,
Себилээр менен жерге,
Тоо болуп кетет түшүмү
Адам кадагы аныктап ченебес!

Дыйкан жигиттер сапар чегишти,
Кайбиреөлөр жээктеп деңизди.
Өткөн жылдар темин баскан,
Эмгек ыры көлдөй ташкан,
Кызыл жүздүү кырмандарга келишти.
Мында туугандары бар экен,
Амандашып көрүштү.
Алмаздан бек ынтымак үчүн,
Ата журту — гүл турак үчүн,
Ар дайым бир жеңден кол чыгарууга
Анттарын да беришти.
Ийилчек [1] барды жүгөрү данына,
Кермурут[2] келди мурут чыйратып,
Көздөрүн жылдыздай жайнатып,
Арпа,
Сулу,
Буудай жагына.
Күлүң-күлүң этсе
Тиштери жаркырайт.
Көңүлү толкуп жигиттик чагына,
Көңүлү толкуп жашоо күн, багына.

---

[1] Ийилчек — кумурсканын аты.
[2] Кермурут — кумурсканын аты.

Мына, керемет дан келатат
Аппак өңү, аты буудай,
Кобурап коёт тил кирип мындай:
«Иштесең жазда тынбай,
Түшүм болом күздө
Ачуу териңди сыйлай,
Кең талаага сыйбай...»

Кермурут — кумурска,
Эт жүрөгү элеп-желеп,
Болбойт ага жалкоону теңеп.
Касиет барбы,
Калдайган данды,
Кайышпай көтөрүп келет.
Булчуңдары буржуя түшөт,
Көөдөнүндө кубат күчөп.
Көздөрүндө жалындап от,
Көрктүү эмгек көлүндө сүзөт.

Оо, укмуш!
Төгүлүп тер-мончоктору,
Көтөрчүдөй ийнине койсок тоону,
Чиркин ай, бир буйдалбай келатат.
Эл иши, намыс деген кыйынбы,
Эр жүрөк неме өз күчүнө,
Мээнетине сыйынды.
Кызарып кетсе да жону,
Талып кетсе да колу,
Жеңүүчүдөй «бөгөт», кыйынды.

Алдынан чыгып көкөлөп,
— Ай-иий,— деди көпөлөк.
Анда Кермурут токтой калды,
Аарчып терин
Ага назар салды.
Көөдөнү улам көтөрүлүп,
Көпөлөк үнү көктү жарды:

— Тер басып, кыйналып не керек.
Оо, дөдөйүм,
Байкуш, кумурска!
Окшойсуң акылы жок келес,
Мындай мээнет, азапты
Ата-бабам эзелтен көргөн эмес.

Андан көрө жыргабайсыңбы,
Жеңил жашап, ырдабайсыңбы.
Алтын үйдү куруп бергиле деп,
Ата-энеңди кыйнабайсыңбы?!
Ха-ха-ха-ки-ки-ки,
Көпөлөк жасап чыгарып үнду
Көз жашы чыкканча күлдү:
— Жашаш керек менчилеп,
Кучактап гүлдү, кучактап күндү!
Анда Кермурут айтты:
— Эмгексиз келбейт бакты!
Эмгектин наны
Кандай ширелүү,
Кандай таттуу
Көөдөк көпөлөк
Жооп табалбай катты...

Кермурут болсо сапарын чекти,
Тамылжытып коюп эки бетти...
Көпчүлүк кумурска курган
Көк ирим дайралуу
Көпүрөдөн өттү.
Мына,
Кырсыкты ойлоп болбойт кайдан,
Өтүп баратып чөп күйгөн сайдан,
Кемерге кептеле калып оң буту
Кызыл ашык кырс деди.
Баш айланып, көз тунарып,
Бойдон кетип кубат, дарман.
Бирок ушул маалда,

Сугалак чымчык келип калган,
(Ажыраткысы келип үрөндүк дандан)
Чыр-чыр этип талаша кетти.
Бирок, Кермурут эр экен,
Соо буту менен бир тепти:
— Бул дан элдики,
Байлык төккөн жердики.
Ойлойсуң го кумурска азыр жаралуу,
Бирок көз огум сага кадалуу.
Кокус жамандык ишин кылсаң маа,
Бир бутум сыздап турсам да,
Эки көзүңдү оюп аламын,
Эбелектеп жерде жылсам да.

Чымчык чын эле коркуп кетти,
Коно коюп арсак ташка четки,
Койкоюмуш этип кашын серпти;
— Ээ, түшүнбөйт экенсиң тамаша кепти,—
Деп анткор күлдү да,
Кайдадыр салпактап учуп,
Сапарын чекти...

Аңгыча ызылдап аары келип калды,
Көп чыгарат эмеспи таттуу балды.
Көрөр замат кумурсканы,
Көйнөгүн айрып жиберип,
Жан кейиткен жаратты таңды.
Кумурсканын айлына кабар кылып,
Ал жактан «тез жардам» да келип калды.
Иймейген эки баласы бар экен,
«Атакелеп» айкырыкты салды.
— Эмне болот биздин күнүбүз,
Эчак өлгөн эне — гүлүбүз...
— Кагылайын, балдарым, кор кылбайт бизди,
Эмгек — бакыт, эмгек — биздин сүйүүбүз.
Андан көрө батыраак курулсун
Жер үстүндөгү
Шаарыбыз, чарбабыз, үйүбүз...

## IV

Кумурскалар күтүп ынтымак,
«Мейман келсе дайым» — деп турат.
Адал жашап, арам басышпай,
Өмүрү жаш, өнөр, күч сынап.
Ошондуктан барды Кермурут
Таалай данга таскак урдуруп,
Ойлоп койбой кокус бут сынат.

Эгилгенде буудай ак даны,
Кетти жердин күйүп катканы.
Жашыл түргө өңү айланып,
Сансыз аары аны каптады.
Арпа, күрүч, түркүн жемишке,
Толуп кетти чыйрак достордун
Кырмандары менен каптары.

Эгилгенде буудай ак даны
Сары алтындай жайнады муруттары.
Шимирди мөлтүр берметти булуттагы,
Күндү көздөй тартылып кучагы,
Жүрөктөш кылды бардык жанга
Кереметтүү күч аны!
Күн нуру менен чайканышты,
Ай нуру менен айкалышты.
Элестетип ак буудай толкун деңизди,
Кумурска досторго,
Шампандай шуулдаган максым ичирип,
Ак токочту арбын жегизди.
Береке балы ташкындап жатты,
Бардык кумурскалар үчүн
Эмгек чачып өмүр сүтүн,
Жер үстүндө балкыды бакты!

## V

Кыйындыкка барган Кермурут
Өз элине өмүр, жаш тилеп...

Күчкө толуп ташбилек.
Айыкты буту калыбына келип,
Ашкан балбан, айлакер делип.
Үй-бүлөсү, балдары менен.
Турмуш жолу дандырап кенен.
Ырыс көлү ташкындады,
Бир кезде тарткан
Мээнеттин жыргалын көрүп...
Ал эми чыныгы досу — аарылар болсо,
Кумурскалар өстүргөн гүлдөргө конуп,
Таттуу ширесинен соруп,
Таттуу балын камдашты.
Кыш келип, кар басты...
Кумурскаларды чакырып мейманга,
Бул жерге Кермурут да келип калбаспы!
Сөз кылышты өткөндөрдү,
Таранчы, көпөлөк сындуу көпкөндөрдү.
Мына кызык... терезеден карашса,
Чымчыктар жүрөт эрбеңдеп.
Жем талашып бири-биринен,
— Мен көргөм — деп,
— Мен мурда келгем — деп...

Калч-калч этишип,
Аяздуу кышында,
Чокойлору жок
Кээ бирөөнүн бутунда.
Ай, байкуштар ай,
Жалкоолукка көнүшүп,
Бирин-бири жек көрүшүп,
Акыры көрдүңөрбү,
Аяздуу суукта калышты,
Акылга түйбөй,
Ак эмгек, намысты.
Ал эми көпөлөкчү,
Көпөлөк да селейип катты,
Жайкысын соргон ширени татты.
Кыш камын ойлобой,

Кыш күнүндө жыргап ойнобой.
Терезесиз жылчыкка корголоп,
Терең кайгыга батты...

Кумурскалар коркпос от жүрөк,
Топтолушуп дайым шат жүрөт.
Адептүүлүк болуп сүйгөнү,
Ак ниеттик ойго түйгөнү.
Кермуруттун ташып атагы,
Өлбөс болуп ырда жашады.

Ошентип, балдар,
Ким адилет,
Ким эмгекчил,
Ким ак ниет —
Жай олтуруп талдагыла,
Жамандык ишке барбагыла!

## ОЙНОЙЛУ ДА, ОЙЛОЙЛУ

(Хор)

Шайырдык күүсүн таштабай,
Ойношуп «жоолук таштамай»,
Жакшына көркөм көрүндү,
Жаш балдар черин жазганы ай!

К а й ы р м а: Ойнойлу, достор, ойнойлу,
Үлпөт күн аны тойлойлу.
Оюндар жакшы бирок да,
Окууну дагы ойлойлу.

«Ак терек менен көк терек»,
Учурдук далай батперек.
Ойлосок кызык ушулар,
Өмүргө кубат, шат берет.

К а й ы р м а: Ойнойлу, достор, ойнойлу,
Үлпөт күн аны тойлойлу.
Урматтуу эмгек, окууну,
Унутуп, бирок, койбойлу.

## АК ТЕРЕКТИН АЙТКАНЫ

Ийилип терек баштары,
Чийилип сулуу каштары.
Адамча сүйлөп ак терек
Армандуу көзүн жаштады:

«Айтсам да далай тийбе деп,
Ак канжар менен чиймелеп.
Атантай, Абыш, Жөкүндөр
Аттарын жазды биргелеп...

Аташып мени: картайган,
Сүрөтүн салып тартайган.
Жакшылап бакпай жашымда,
Жабыркап жерге жантайгам.

Азыркы көчөт теректер,
Эртеңки күнгө белектер.
Асманга жетет бойлору,
Асырап бакса бөбөктөр.

Ушундай менин тилегим,
Ушуну күтүп жүрөмүн.
Айылдын көркү болсо экен,
Ак терек бузбай иреңин»...

# АДЕПТҮҮ ӨССӨ

## I

Ашыгып Жумаш окуусунан келди,
Аарчып коюп чекесинен терди.
Китеп кабын кыйшайта кармаган,
Кийген пальтодон топчу калбаган.
Жакалары жагжайып кеткен,
Жаак темгилдер кашкайып беттен.

Бөлмөгө кирди чытып кабагын,
— Даярбы, апа, даамдуу тамагың?
Батыраак кесмеден жылытып жибер,
Башталып калды түштөн кийинки
. . . . . . . . . . . . . . «сабагым».

Эне ойлоду барсын деп баласын,
Жаман көрөт иштин чаласын.
Келечегин тилеп тымызын,
Санга бөлдү учкул санаасын.
Айтты акылын күлүп жайдары;
«Айланайын, эрке баласың...

Айым, күнүм, секет, ардагым,
Атакеңден жалгыз калганың.
Билгизбедим, бирок турмуштун,

Туткасынан бекем кармадым.
Адептүү бол, ишкер өсө көр,
Алтын билим, акыл алганың...»

Деди дагы, берип тамагын:
— Жайдары бол, түйбөй кабагың,
Атакеңдей күлүп, жаркылдап,
Асыл болсун өмүр барааның.
Көксөп турам сен деп ар дайым
Көрүнөт деп качан караанын...

II

Мына, кежир Жумаш сабак эмес,
Кечки оюндан келди.
Бурт эткен чаң кылып этек-жеңди,
Ботинкасын майрыйта баскан,
Тепкилеп жатып, паараны, жерди...
Энесин алдап, «сабак» деп кеткен,
Кирдүү темгилдер кашкайып беттен.
Көнүмүш адатыбы бул анын,
Ыргытты эле пальто, тумагын.
Куланып кетти жүктүн жаздыгы,
Эне ойлоду «баланын жаштыгы».

— Жумаш, ирettүү бол, садагам,
— Койчу энеке, акылың, жадагам.
— Сарайдагы балтаны алып,
Белендечи отундан жарып?
— Коё көр андай кырсыкты эне,
Кокуйлаткан балтаңыз тайып.
— Идиш-аякты жууп, үйдү шыпырчы?
— Мени айтасыңбы, кошуна кызыңчы...
Булар кыздын иши анык.
Андан көрө, энекебай,
Даярдап койчу пальтомдун топчусун тагып. —
Деди да, кийимчен чалкасынан жатты,

Эне болсо мындай ойлорго батты...
«Эмне кылам колум тийгизип,
Өтсө болду тагдыр сүйгүзүп.
Өгүнчөрөөк папиросун менден катам деп,
Алган кезде жоон санын күйгүзүп
Бир аз төпөштөм койсом,
Жашын көлдөттү жалгызмын деп,
Мени да шолоктотуп күйгүзүп,
Чоңойгондо үйрөнөөр баарысын,
Терең ойлоп, адамдык намысын»...

## III

Аңгыча сырттан ышкырык угулду,
Буга Жумаштын көңүлү бурулду.
Ыңгыранып жатса баятан,
Ыргып турду ордунан,
Ышкырыктын чыккан соңунан
Ышкырып чуркап жөнөдү.
Келип калыптыр курдаш Төлөгү,
Паара тепкендеги өнөгү...

## VI

Энеке!
Карга да баласын сүйөт,
Калбыр болуп ал үчүн өпкө, жүрөк,
Бирок адептүүсү ар бир баланын
Ачып турат өмүр жамалын.
Орундатсын ойдогудай,
Эне сөзүн жана сабагын.
Ооба, ойносун бала шаттанып,
Окуу, эмгектен турсун мактальп.
Кармай көр жакшы тартипте
Жан-жүрөгүң баланы,
Ушуну күтөт доордун талабы.

## ЭМИ ДА АРКА БЕЛИМСИҢ

I

Ардактап бала эмизген,
Айланам эмчек сүтүңдөн.
Пейилиң бүтүп деңизден,
Жүрөгүм аны түшүнгөн.

Сагынсам эне сени мен,
Кучагың нурдуу, жылынам.
Гүл жыттар аңкып жеримен,
Күлкүңө шайыр урунам...

Түтүнү тууган үйүмдүн,
Чубалган эне, колуңан.
Бала кез тентек күнүмдүн,
Шарына кээде жолугам...

Жомогуң кирип түшүмө,
Чимирик болгон ийигиң.
Тең келбейт апа күчүңө,—
Теңесем тоонун бийигин...

II

Элжиреп сенин жүрөгүң,
Балама дедиң барыңды.

Согуш күн... эсте... билемин.
Эрлердей кайрат-алыңды.

Уктабай апа түнүндө,
Фронт!.. деп тигип кийимди.
Кызгалдак өмүр күнүңдө,—
Кыйлага ишиң билинди.

Ookаттын чыдап жогуна,
Казыштың канал тер кетип.
Уулуңду басып бооруңа,—
Кээде сен эрке терметип...

Дөшүгө балка ургулап,
Эгин сээп, соко айдадың.
Кээде сен кенди бургулап,
Калпыдың тоонун каймагын...

Ызгаары келсе турмуштун,
Жолотпой аны балаңа.
Ак дандан тоону тургуздуң,
Ак буудай баккан талааңа!...

Адамдын болбой жакыры,
Көбөйтүп малды, түлүктү.
Фашистти жеңдик акыры,
Баарыга салган бүлүктү!

III

Күчү мол өмүр жашыңдын,
Күлгүнү кетип жалынга.
Сырлар бар апа чачыңдын,
Агарган ар бир талында...

Кайталап өткөн жылдарды,
Карекке улам келесиң.
Кандайдыр апа мен үчүн,
Калдайган бакыт кемесиң.

Ташкындап көлдөй берекем,
Жайкалган жашыл төрүмсүң...
Эсен бол асыл энекем!
Эми да арка белимсиң...

Канчалык барсам алыска,
Канат, дем болуп бергениң.
Туюкка чыйыр салышта,
Туптунук кылган эмгегиң.

Эмендей өсүп тереңде,
Жайылып бутак өзөгүң.
Айтылып апа сен элде,
Арымың бүтпөс сеземин.

IV

Энекем — бүтпөс чыгарма!
Эрип мен мээрим сөзүңө.
Баткым бар терең кыялга,
Башымды жөлөп төшүңө...

Эмгектен келген таттуубу,
Наныңдан ширин аймагам.
Тирчилик берип бактылуу,
Бүткөнсүң кооз саймадан.

Аппак Ай алтын себелеп,
Толукшуп турган кезиңди.
Сүрөткө тартсам чебер — эп,
Эргитер дайым сезимди?!

Саргайып жашыл сабагың.
Жалбырак жерде дилдиреп.
Эзелки айдай кабагың,
Эмнедир бырыш билдирет.

## V

Жарк этип кээде чагылган,
Жамгыры карга айланып.
Комуз үн — булак жаңырган,
Тагдыры көлгө байланып.

Апаке жылдар сенин да,
Из таштап кызгылт жүзүңө,
Аппак гүл кезиң буралган,
Айланды кары күзүмө...

Арчадай, бирок жаш көрөм,
Аралап койнуң алыска.
Убара болом, изденем,
Ак жолум сендей табышка...

## VI

Кечки күн боёп тоо башын,
Айланып жерим анарга.
Толкундуу кызгылт жоогазын,
Тотуккан жүзүң шамалга.

Апакем сулуу нурданып,
Ай сымак батып барасың.
А бирок, бакыт чулганып,
Жетилттиң Мекен баласын...

Мөмөлүү болуп жолдоруң,
Көз ирмейм жылдар закымдап.
Сен берген максат ойлоруң,
Чолпонго барат жакындап...

Энекем көрөөр жыргалым,
Өмүрдө өчпөс кымбатым.
Өзүңдө улуу сыр барын,
Өтүнөм дүйнө, тыңдасын...

# АК КЕПТЕР ЖАНА ЖЫЛАН

## I

Ак кептердин
Асман мелжип сызганын,
Жактырат жер,
Жактырат эл, заманы.
Көздөр чалса,
Жылан сойлоп чыкканын,
Ичиркенет адам эмес,—
Жердин жапай дарагы...

Анткен себеп, кара жылан,
Ак кептердин —
Ак ниеттин душманы,
Ысык күндө уюп турат,
Ичке каткан муздары...

Кептер болсо жамгыр тилеп,
Гүлдү самап жердеги,
Конуп адам колуна,
Конуп оң, сол ийнине,
Ташып турат булак болуп,
Жылуу мээрим демдери...

## II

Доллар,
Алтын деп ызылдап жылан.
Тилине ажалын,
Ичине канын жыйган.
Жер — дүйнөнү тарытып,
Күүнү коштойт ыйдан...

Адам деп айтсын деп,
А тамгалуу калпак кийген...
Ал — атом,
Ал — кыргын,
Ал — эзүү,
Жер бетине азапты үйгөн...
Көздөрү чыгырык болуп айланып,
Кынына канжар илген...

Ал эми кептер болсо,
Жолун тороп, кара жыландын
Тилин сууруп таштоого,
Жайып канат,
Зыпылдап барат...

## III

Жерден суурулган жыландын,
Кара чаар тартып денеси.
Кас душмандыгын билгизет,
Соолтуп сууларды, жашыл ыраңды,
Сойлогон жерин күйгүзөт...

Ал эми достор!
Аппак тартып кептер денеси,
Актык ишин даана билгизет,
Кайгы жууса, кубанч жүзүңдү —
Канатына миңгизет...



## IV

Адамзатка ынтымак тилеп ак кептер,
Асманы ачык, чексиз жайылган.
Жүрөгүндө достук булагы,
Жер көктөмүн жайнатып,
Өрдү көздөй агылган.
Канатына нурду сүйкөп,
Кооз гүлдөн тагынган...

Соймоң этип, чыкса жылан,
Жер силкинип дүр этип.
Боюн жыйрып жалбырактар, камыштар,
Аска кулайт күр этип,
Бала качат, бакыт качат,
Адам каны дүрүлдөп,
Ак кептерим келе калса;
Жылас болуп кара жылан,
Жүзүм турат күлүңдөп...

## V

Анда эмесе, жогол жылан!
Учкун, кептер, алыска!
Сениң жолуң — бакыт, таалай!
Айдап түндү,
Көздөп күндү,—
Максатыңдан калышпа!...

## ЖЕТИЛГЕН КАНАТ

(Мектебиме)

«Алиппең» окуп алгач мен,
Ардак дос жандай сырдаштым.
Бийикке туусун көтөрдүң,
Билимди сүйгөн курдаштын.

Алтын үйүм күндөй күлүп улагаң,
Мөмө токой жемиш жытын бураган.
Аймагыңда, аймагыңда, алма жытың
бураган.

Мектебим — энем гүл берип,
Билим сүт, дайраң агыздың.
Ай, Күнгө күүлөп канатым,
Өчпөгөн отум тамыздың.

Көптөн күткөн сагынычым артылып,
Эстей берем, жүрөк сага тартылып.
Эстей берем, эстей берем жүрөк күүсү
тартылып.

Көзгө шай сүйкүм көрүнүп,
Көркө бай сенин карааның.

Чачырап нуруң алыска,
Чагылган болуп жанамын.

Бакыт жазы, ыр күлкүңү оронуп,
Өстү мына, өз балдарың торолуп.
Өстү мына, учту мына,— жаш канатың
торолуп.

## АДАМ ҮЧҮН

Тагдыр мени жандырбагын эркимен,
Кең дүйнөгө ракет болуп серпилем.
Жамандыкка жаа огундай тартылып,
Жакшылыкка комуз болуп чертилем...

Агылып мен тентек дайра тамчыдай
Өмүр жолдо сапар атым камчылай.
Тоодон бийик толкун болуп келатам,
Тоскоолдорго ойрон-бүлүк салчудай.

Ооба, чыны, элге деген сезимим,
Термеп күндө таңдан бүткөн бешигин.
Ак көңүлүм арамзаага бийлетпей,
Ачкым келет айкөлдүктүн эшигин...

Бирөө күлсө, шаңды берип шаңына,
Бирөө ыйласа, тирек болуп жанына.
Канат болуп, каалагандай учуруп,
Калкыйм кээде океандын шарында.

Тирүүлүккө артып акыл кумарым,
Кирсиз татып, бул жашоонун булагын.

Адам үчүн жанган добул күүмдүн,
Билбей кетем кең дүйнөгө сыярын...

Тагдыр мени жандырбагын эркимен,
Кең дүйнөгө ракет болуп серпилем.
Жамандыкка жаа огундай тартылып,
Жакшылыкка комуз болуп чертилем...

## НАМЫС

Булуттар күндү чүмкөп койсо дагы,
Жырткычтар күчкө бекем толсо дагы.
Намыс деп, кыргыз бекем жашап келген.
Колунан укмуштарды жасап келген.
Басынбай кайрат чыңап, керек болсо,
Манасы баатыр чыгып,— азат берген.

Ошентип кылымдарды аралаган,
Жол кезип, жер дүйнөнү сабалаган.
Намыс деп, өмүр кыйып майдандарда,
Жалтанбай жан жүрөгүн жаралаган.

Керекте төбө менен асман тиреп,
Кыргыздар балбан билек, баатыр жүрөк.
Өмүрдө чын досундай, сырдашындай,
Өлсө да намыс ары бирге жүрөт.

## БИЙИК ТООСУ БОЛУП КАЛ

Тоо мөңгү да тозуп өңү кубулат,
Эрийт күнгө мончок жашы жыбырап.
Мезгил бүтүп, күнү бүтүп картайса,
Атак алган ак чынар да жыгылат.

Бирок, атың сүйлөш үчүн бул турмуш,
Сен өлбөгөн чынар тургуз, гүл тургуз,
Адам кетет... өлбөйт бирок, эмгеги,
Атың барда бакыт тургуз, күн тургуз!

Күлгүн болуп шаңга толгон айланаң,
Гүл да солуйт, кырда кызыл жайнаган.
Күүсү мокоп, сай таштарын жамынат,
Күкүк суулар жазда ташып кайнаган.

Бирок, гүлдөй солуп калбай курбалым,
Сапарыңда сайрат өмүр кылдарын.
Мезгилиңдин бийик тоосу болуп кал,
Сүйгүнчүктүү сүйлөп адам сырларын.

## АТКАР, ЭНЕМ!

Мекендин уулу болуп милдет өтөө,
Билгенге кымбат, ыйык табылбаган.
Ал милдет: Ата Журтта миң бир эсе,
Керемет күч жаратуу жалындаган.

Нур төгүп, көз ирмемде сүттөн аппак,
Ойготуп караңгыны түн уйкудан,
Ааламга күн жаратып, тынчтык сактап,
Адамга бакыт берүү уютулган.

Алгын деп ар күнүмдүн шекер балын,
Ата Журт ардак кылып тартуулаган.
Арналып ага, бирок, сезим — каным,
Жашоодо жакшы эмеспи салт улаган.

Эч сынбас, тозбос, чөкпөс, кебелбеген,
Журтумда касиеттүү күчкө айланып.
Бар сыйын адамзатка белендеген.
Түбөлүк берекелүү күзгө айланып...

Эртеңки үмүттөрдү берип турсам,
Элим деп, мөңгү болуп эрип турсам,

Ар үйдө очок өчпөй, өмүр өчпөй,
Жашартып жаз саймасын төгүп турсам.

Демек, мен мекен сүтүн актаар белем,
Эрдик иш журт намысын сактаар белем.
Сен сынап бар өмүрүм, бар күчүмдү,
Кана, эми чоң турмушка аткар, энем!

## «МАКТАНЧААК»

Абакемдер суу байлап,
Арыкта суу ылайлап.
Агып жатса... кайың тал
Аземденет бүр байлап...

Бактын башын жапырып,
Кетүүчүдөй атылып,
Орош бир чоң бутакта,
Ойноп жатты асылып...

Бел ийилбей зыңгырап,
Аркы өйүзгө ыргымак.
Анын кыйын өнөрүн
Айтып балдар ыр кылмак.

Курбуларын чакырып,
Кулак түрсө жапырып,
Ыргыды эле мына деп,
Ылайга түштү бакырып.

## ЖАЗДАЙ ГҮЛДӨП КЕЛЕБИЗ

Неге мынча өмүрдө,
Жазды жакшы көрөбүз.
Себеби, жаз көңүлгө,
Эмгек ырын тартуулап
Толкун сепкен ченегис...
        Ошон үчүн саймалап,
        Жаздын көркүн беребиз.

Неге мынча өмүрдө,
Жазды сулуу көрөбүз.
Себеби, жаз өмүргө
Кымбат болуп ар күнү,
Жыпар төккөн ченегис...
        Ошон үчүн шат жашап
        Жаздай гүлдөп келебиз...

## БАГЫНБАДЫМ...

Өмүрдүн карай салсам өткөн жолун,
Элестейт балалык кез, күлкү оюн.
А бирок согуш деген бир суук сөз,
Сезимге кан дүргүтүп, тумчуктуруп,
Жебедей жаралаган тула боюм.

Туш болуп өрт согушка балалыгым,
Кыскарган бал-сүт оюн аралыгым.
А бирок аскар тоодой кайрат менен,
Тылда да эмгек деген ардак менен,
Как жардык кара нээттин кара кылын.

Анда да арка болуп улуу Ленин,
Ар күнү айтып турду акыл кебин.
Бак кыйрап, үйлөр эчен куласа да,
Уу чачып, жырткыч сабы чубаса да
Баатыр эл коргой берди гүлгүн жерин.

Акыры жеңип чыктык согуш каарын,
Жүрөктө Ленин болуп намыс-арым
Дем кылып, алп акылын, жеңиш күүсүн,
Дем кылып Ленинизм ыйык туусун,
Кастарга тизе бүгүп багынбадым...

## ТИЛЕК...

Болоттой курчтук жанып көңүлүмдө,
Кезсем дейм жоо үмүтүн көзүн арткан.
Достуктун жолу бирге, үнү бирге,
Кечсем дейм дайраларын күр-шар аккан.

Алмаздай өткүрлүк бар жүрөгүмдө,
Кырксам дейм тоо тикенин тамырлаган.
Болсо дейм тоо күчтөрү билегимде —
Эл, жерим кубанч менен кабылдаган...

## ЖАРЫК БОЛСО ЭКЕН

Укканда жүрөгүмдүн түрсүлдөшүн,
Жаткансыйм мекениме эсеп берип.
Кыярды буудай сымак жүзүм менин,
Мекенге бергеним аз эсептелип...

О, чиркин! Өмүр кайда, аккан дайра,
Мекенге берерим бар кайгырбайын.
Жүрөктү тыңшаарым чын кайра-кайра,
Журтумдун бир талабын кандырмайын..

Укканда жүрөгүмдүн түрсүлдөшүн,
Жаткансыйм журтум сага эсеп берип.
Элиме жүзүм жарык болор бекен,
Мекенге бергеним мол эсептелип...

## КҮН ЖЕЛЕСИ АЛБЫРСА

Менде болуп дүрт деп жанаар жалыным,
Өчпөсө дейм, жамгыр төгөөр чагылган.
Закым болуп, алыс кетээр жарыгым,
Күн желеси албырса дейм алдыман...

# СОҢ-КӨЛ ЖАНА МЕН

### Сырдашуу

### I

— Айтчы, ардагым Соң-Көлүм,
Дасторкондой жайылып Чоң-Төрүң.
Неге мынча мел-мел этип жайыксың?
Төрт түлүктү түмөн күтүп, жайыпсың?
— Угуп турчу, уулум кебимди,
Сырымды айтууга жүрөгүм берилди.
Береке,
Бейпил,
Бетеге,
Түз болсун деп айланам,
Төрт түлүккө толсунчу деп жайнаган,
Табийгаттын басып азем жолдорун,
Мен бир гана адам үчүн жаралгам.
Шаттык,
Күлкү,
Бакыт ырын
Угайын деп адамдан...

Балдар күлүп каткырып,
Тайын минип ойносун деп.
Жигер күчүн арттырып,

Жигит, кыздар тойлосун деп,
Керемет бай,
Кенендикти сүйөмүн...
Ошон үчүн
Кең пейилдүү жүрөгүм...

## II

— Айтчы, ардагым Соң-Көлүм,
Көз карекке көркүң тартылып.
Неге мынча сүйкүм келбетиң?!
— Элим көрүп жайлоо үзүрүн.
Магдырашып жыпар жытыма,
Ырлар уюп көңүлдө
Жалынса дейм сулуу төрүмдө:
«Кагылайын келечегим, күчүгүм,
Кагылайын үрөн-бутак, бүчүрүм.
Ак мөңгүдөй буусун төгүп ийиген,
Даамы кетпес таткан сүтүңүн...
Көкөлөй бер бийик чынардай,
Көрбөй-билбей согуш түтүнүн»
Мына ушундай жакшы санаа, тилегим,
Ошондуктан,
Көркүм артып, сүйкүмдүктү сүйөмүн...

## III

Карай калсам Соң-Көл кылаасын,
Жатат мына чалкып бийикте.
Суроо камдайм, улам ойлоном,
Кыялданып пегас күлүктө...
— Айтчы, Соң-Көл чыныңды,
Сапырылып кээде толкунуң,
Бийик төрдө жаткан сырыңды?!
«Бермет чачып жамгырдай,
Айга жүзү ымдашкан
Жымыңдаган алыскы,
Жылдыз менен сырдашкан.

Асман көлү, Ай көлү,
Ала-Тоонун мөлмөлү...»
Дешет сени көргөндөр,
Айтчы, Соң-Көл чыныңды?
Айтчы, Соң-Көл сырыңды...

Соң-Көл бир аз дене термеп тымызын,
Тил катты маа айтып сырын, сунушун.
— Муз каймагым кышта кетпеген,
Бийиктемин, ырас айтканың.
Күнгө тийип, чокум аскарым,
Кээ бирөөнүн колу жетпеген.
Аларды мен,
Бийиктикке канат керсе деп келем
Кыш күнүндө таштай катып,
Муздаса да илебим.
Адамдарга коргошундай
Эрип турат жүрөгүм!...
Адамдарга аппак сүттөй,
Айта турган тилегим.
Жылдыздарга тийип аска миздерим,
Өчпөсө деп өрнөк болор издерим.
Тоо башында, бийиктикте жаралгам,
Шаттык,
Күлкү,
Бакыт ырын
Угайын деп адамдан...
Салтанатын кылымдардын,
Көрөйүн деп замандан
Бийик төрдө жаралгам...

IV

— Неге мынча тунук, кирсиз тазасың?
Суусун болуп, адам черин жазасың?
Билдиресиң билбегенге,
«Сыр түйүнүн билип ал,

Өчпөс тарых сүйүү бар»
Көркүң эзел чөгөрбөй,
Байлыгым мол дегендей,
Койнуң толуп шат кыймылга,
Каз-өрдөгүң катасың...
Кандайдыр бир мээрим чачасың...

* * *

— Сурап калдың атайын,
Айтып сырды, черим жазайын...
Тунук болгон себебим:
Адам ичи ылайланбай,
Ар ким көрсө кубангандай....
Достук артып бир-бирине,
Тууган болсун дегеним...
Мээримдикте өмүр өсүп,
Арамдыктын күнү өчүп,
Кабак-каштар дайым жаркылдап,
Укум-тукум чөбүрөшүп,
Улуу максат тосуп алып элимди...
Кристаллдай тазалыктар,
Кайрат эмгек уюп-учкул сезимге,
Каптаса дейм жеримди...
...Суусун болгон себебим,
Адам жашоосун кызык көрөмүн...
Чаңкап турса кандырып,
Бар мээримди төгөмүн...
Томсоргонду жек көрөмүн эзелден,
Ошондуктан, каз-өрдөккө,
Камкор болдум эчен мен...
Атпаса дейм мерген сөрөй,
Аккууларды, чый-чый эткен балдарын...
Өчпөсө дейм өмүр толгон шаңдарым...

Сурап калдың тереңдикти,
Ооба, чындык тереңмин.
Байкабаска, барк кылбаска,

Балчык болуп балыгым жок,
Барып турган кереңмин.
Акылдуунун терең болот ойлору...
Багын ачып, жылдыздантат аймагын!
Сузуп алып эмгек каймагын,
Мээрим чачып айланага
Мөлтүрөтөт өмүр дандарын...
Ошон үчүн күн жанса деп бактыман,—
Төрөлгөндөн терeңдикти жактырам!..

V

— Соң-Көл сулуум, айтчы дагы чыныңды,
Арманың көп... Качан таптың сыйыңды?
— Суусуну кургап мөмөлүү шактын,
Ачылбай келсе, ал кезде бактым.
Октябрь ысмын угаарым менен,—
Гүлдөрүм жайнап, ырысым таптым.
Кумсарып өңү, өзөнүм, сайдын,
Кууpaca шилбим, эсимден тандым...
Бактылуу күндү туярым менен,
Көйкөлгөн көйнөк шиберим жайдым...
Зар ыйлап Соң-Көл кыздары далай,
Аларга боорум сыздады далай...
Кыйноону тартып, айланды күңгө,
Кыргыздын мөлтүр уздары далай...
Ызалык оту ичине сыйбай,
Көлдөгөн нечен көз жашын тыйбай...
Алардын бири Ак Мөөр сулуу,
Армандуу айткан ыр сабы мындай:

«Соң-Көлдүн башы тал менен
Соодагер өтөт мал менен.
Солкулдап ыйлап баратам,
Солуган Жантай чал менен...

Кең-Колдун башы тал менен,
Кербендер өтөт мал менен.

Кейиште кетип баратам,
Кемшейген Жантай чал менен!»...
Суусуну кургап мөмөлүү шактын,
Ачылбай келсе, ал кезде бактым.
Ленин ысмын угаарым менен,—
Гүлдөрүм жайнап, таалайым таптым...

## VI

— Соң-Көл сулуум, айтчы дагы чыныңды,
Эмгек өтөп элге берген сыйыңды?
— Аккан дайрам[1] ала кетип алыска,
Буруксуган жайлоо жытын, кыз жытын...
Көгүчкөндөй бийлеп толкун канатым,
Сүйөм,
    Коргойм,
        Ырдайм толкуп,
            Тынчтык салтын
                Адатын!...

Тамчым жетип ак пахтанын түбүнө,
Күчүн сүрөйм Нарындын.
Талааларга гүл тагып,
Тарткан зымда,
Жүрөктөрдө,
    Сезимдерде,
        Агылдым..

Байлыктарды, эмгек үзүрүн,
Байрак кылып бийик тагындым.
Кубанч төгүп ар улуттун үйүнө,
Дабыш коштум,
    Сүйүү бердим,
        Достук коштум,

---

[1] **Аккан дайра** — Соң-Көлдөн Нарын дайрасына куйма агып түшөт. Ал Соң-Көл суусу деп аталат.

Кайрат бердим...
Сыр дайранын үнүнө...
Сыйла мени
Ала-Тоонун элдери!
Өлбөс бүгүн, сулуу Соң-Көл эмгеги!

* * *

Мезгил мага: милдет кылып айттыбы,
Күрөш менен сүрөп алга арткыны.
Бул турмушта учкун болуп жылт эткен
Берсем элге,
Күндү, гүлдү өмүрдү,
Берсем деймин азапты эмес, бактыны...

Заман мага: Максат жүгүн арттыбы,
Иштейм аны сүттөй көңүл актыгы.
Анан мындай: байлык күрөп элиме
Берсем деймин
Эч көөнөрбөс өнөрдү,
Берсем деймин ачууну эмес, таттыны...

## НАН

Ай талаа багбан эккен гүлүн алып,
Жүрөгүм андан тунук сүйүүнү алып.
Ак наным, ак тилегим, тынчтык ырым,
Сен менен күчүм бийик, күнүм жарык.
Ук адам,
Уккун курдаш,
Ук замандаш,
Нан ыйык татып ширин каймак даамын
Аярла, баркын билгин, ардактагын...

Карачы, касиети, сыры мына,
Нан жыты бур дей түшсө мурунума,
Өмүрдө миң жыл жашап тизе бүгөм,
Ак дандын адам үчүн ыйыгына...
Ук адам,
Уккун курдаш,
Ук замандаш
Нан улук, татып ширин каймак даамын,
Ыйык тут, кесирлүүгө карматпагын...

Баатыр эл баалап нанды кыйын күндө,
Чеп болуп мекенине турган мүлдө.
Күкүм нан гүл азыгы болгондугун,
Унутпа, тирелсе да нан үйүңдө.

Ук адам,
Уккун курдаш,
Ук замандаш
Нан бакыт, татып ширин каймак даамын,—
Ыргытпа, ыйык туткун, ардактагын...

# АТА ЖУРТ

Сезип сенден кайнап турган күн табын,
Көңүл чалкып, көрдүм кайрат вулканын.
Кирпигиңден туюп турдум Ата Журт,
Жайнап өстөн,
Сенден өскөн,
Буудайымдын буурул мурут кылканын.

Жука, назик, жашыл жибек кийинген,
Жер кучактап жемиш бутак ийилген.
Жүз нурланып, жүгүм артып максаттуу
Мөмө шагың,
Жайнап даның,
Жүрөктү айтпа... сени көрүп сүйүнгөн.

Максатым кең турпагыңа жуурулган,
Үмүт үзбөй урматын күт уулуңдан.
Бийик тартып, жылдыз чарпып толкунуң
Журтум — энем,
Элиң менен,
Билем, билем ырыскың мол куюлган.

Эмгек этип таалай табар уяңдан,
Көрктүү үйлөрдү көрдүм бийик кыяңдан.
Топурагың кымбат болуп баарынан

Наарын чачып,
Көркүң ачып
Токой өнүп: кайың, талдар буралган.

Ай, Ата журт! Келечегим ойлогон,
Кубат алгам, кучагыңа ойногом.
Тийдиби аркам: жигитчилик, чын эрдик
Журтум — Энем,
Сага деген
Милдетимди ар убакта ойлоном!..

# ЖУМГАН КӨЗ МЕНЕН

(Юмор)

Жыйнаштырып китептерин, дептерин,
Барактады күндөлүктүн беттерин.
«2» турат Жумаш андан уялат,
Ай атакем... билбесе деп эч шегин.

Баятадан ойлоп «терең акылды»
Күлмүң этип ал атасын чакырды.
— Ай атаке, жумуп эки көзүңдү,
Жазар белең, фамилияңды, атыңды?

— Жазбаганда ошол дагы кеп бекен
Канча каала колун коёт атакең.
— Анда эмесе күндөлүгүм бетине,
Жазып көрчү көзүң жумуп бепбекем...

## СЕРҮҮНДӨТҮП КЕЛЕМИН

Жапжаш экен дебегин,
Өскөн чырпык терегиң.
Сексендеги энемди,
Серүүндөтүп келемин...

Кере-кере дем алып,
Кардын муздак абасын.
Көөдөнүнө жыйгансыйт,
Ден соолуктун дабасын.

Карап чексиз талаага,
— Караңгылайт көздөрүм.
Эрмек болуп садага,
Энекеңди көздөгүн...

Деген акыл сөзүнө,
Уюп сезим жүрөгүм.
Улууну урмат кылууну,
Ардак иш деп жүрөмүн.

Алма сымак күздөгү,
Ажарланып жүздөрү.
Жарашкансыйт энекем,
Жайнап күрүч тиштери.

Ай булуттан суурулуп,
Энем мени туу кылып.
Жетелесем акырын,
Айтат ар кыл акылын...

Сырдаш болуп башынан,
Сырт абасы таза дейт.
Урмат кылсаң энеңди
Узун өмүр жаша дейт.

## ЖАШ ДОСТОРДУ КАНАТЫМДА УЧУРАМ

— Ай, ак чардак! Көлдүн сен да чүрөгү,
Толкун ойноп сага канат түрөбү.
Бөбөк оту мээрим болуп жагылат
Билинбеген бир наристе аруулап,
Билесиңби, дос экенин жүрөгү?!

— Ооба, билем сүйүп жакшы көрөмүн,
Таш ыргытпай, нан ыргытса бөбөгүм.
Зыянкечти кырып, тоону аралап,
Кайып учуп канат мотор сабалап,
Жашыл көлдүн жаркын көркүн беремин.

— Ай, ак чардак! Ала-Тоонун чүрөгү,
Татсаң мына, таза Мекен мүрөгү.
Күүлөр таштап канатыңда кайрыктар,
Достук аттуу түгөнбөгөн байлык бар,
Ак бөбөктүн аппак болуп тилеги.

— Үмүт үзбөй балдар чардак кушунан,
Пейил төксө берип өмүр тузунан.
Жагалданып, жаа огундай тартылып,
Бороон күчү карууларда камтылып,
Жаш досторду канатымда учурам.

## ЖЕТИЛСЕ ДЕП...

(Аяз ата менен сүйлөшүү)

— Минип өмүр кемесин,
Артып жашоо белесин,
Аяз Ата жыл сайын,
Ардак менен келесиң.
Элге-жерге тартуулап,
Эмне белек бересиң?!

— Ырыс ташкан сүр менен,
Ырчыларга үн берем.
Байлыктарды жайнатып,
Багбандарга гүл берем.
Өнөр ашкан адамга,
Өмүр аттуу күн берем.

Жактап алкыш, алкоону,
Жаман көрөм жалкоону.
Жакшы эмгекте кийгизем,
Жаңы костюм, пальтону.

Алып максат тизмегин,
Актан колду үзбөгүн.
Жакшы окуган баланын,
Жадыратам жүздөрүн...

Балдай даамы кетпеген,
Бакыт, эмгек деп келем...
Согуш атын өчүрүп,
Жашайм тынчтык кеп менен.

Тоодой болуп дандарым,
Жайнап алтын шамдарым.
Жетилсе деп тилеймин,
Жер шарынын балдарын...

# МАЛАБАЙ ЖАНА ЖАШЫЛ ШАР

(Жомок-поэма)

## I

Малабай өзү жаш,
Бирок тили таттуу,
Кыялы жаз.
Телевизорду күндө карап,
Мультфильм дегенде,
Дүнүйөсү түгөл болгонсуп,
Анардай жанат.
Ичкен аягын жерге коёт,
Окуялар менен ортоктош болот
Океан, деңиз, дарыя, көлдөгү,
Жаныбарлар дүйнөсү бөтөнчө жагат,
Алар жөнүндө билүүнү самап.

* * *

Кээде элпек,
Кээде тентек
Энесинин тилин албай,
Бар деген жакка барбай,
Кээде көжөлүп олтурат,
Бут башында куурайды албай,

Телевизорду улам карап,
Мультфильм дегенде,
Жалдырайт, ичилбейт тамак.

* * *

Күндөрдүн биринде
Уюткулуу оюнга делберип,
Чарчаган кезде,
Уйкуга кетти термелип.
Мына кызык,
Түшүндө баратты куштай сызып.
Жаадырап жайнап,
Чоңдугу үйдөй болгон,
Жашыл шардын жибинен кармап
Алаканга салгандай бардык аймак.

* * *

«Достук!»
Жазылган ушул сөз жашыл шарга,
Малабай ырдап коёт батып шаңга.
Каалгыйт ак булуттар,
Асты тарапта мамык өңдөнүп
Шыбырашат бири-бирине...
«Бали!» дешип, шарга ой бөлүп.
Тоолор жактырат анын баратышын
«Көрчү — деп — эрдик жаратышын!»

* * *

Аңгыча алды жактан,
Көөдөй уюлгуп жаткан.
Кара булут каптай калды,
Малабай жолун таппай калды.
Чарт-чурт этип чагылган
Үндөр угулду,
Таштар кулап,

Тоолор жаңырган.
Жашыл шарды жана жайдары
Удургутуп деңизге айдады.
Малабайдан ал кетип,
Кол карышты шардын жибине.
Секирейин десе, аскалар алды,
Найза миздей,
Терең жардай, тигине.

* * *

Шар жибин кургакка бурган менен
Күч жайнап кайрат кылган менен
Коркуу басып денесин,
Улам эстеп,
Улам айтып энесин,
Кыйкырды жер жарып Малабай
Намыс дегенге карабай...

* * *

Энекелеп көз жаш төксө,
Тоолор да укпайт болгонсуп керең,
(Коркутпайт кимди өлүм деген).
Ошондо эненин ак куудай чачы жазылып,
Канат байлап учууга шашылып,
Кайрат жыйды карылыгына карабай:
«Олда, балакетиңди алайын, Малабай
Курсагың ачып кетти го...
Кубанычым,
Кутман үйүңө кайрылууга жарабай» —
Деди да тартылып жаадай,
Кара булутка жетип таамай,
Аны менен тил катып сүйлөштү
Эненин ачуусу кайнаса,
Бороонду тескери айдаса,
Зоолор жаңырып үндөштү.

* * *

Эне байкуш улам кайгырат,
(Небереден кантип айрылат)
Коштоп анын көз жаш мончогун,
Асман кылычтары жарк-журк этип,
Аалам жүзүн дүңгүрөтүп,
Кулак курчун тундуруп
Добулбастар кагылат!
Бала издеген эне үнү,
Андан бийик, андан ачуу жаңырат.
«Кара булут каарын төгүп,
Өчтү күйгөн чырагым.
Каным кайнап, көңүл чөгүп,
Кыйылды бейм чынарым.
Кара булут кайгы бороонун,
Өмүр кыйып ажал обонун.
Коркутуп учкан баламды,
Көрсөткүң бар залалды.
Жок, антелбас жолуң тар,
Жомок сөзүн чын кылар,
Булак болуп шыңгырар.
Жортсом дүйнө жолум ак
Максат, тилек, оюм ак.
Кана, бергин Малабайды,
Жаш өмүрдү жапа чектирип
Кара ниеттик санабайлы...»

* * *

Бирок тигил кара булут,
Кабак чытып дүмүрөйүп үндөбөдү.
Экинчи ирет эне ага сүйлөбөдү.
Бороон боздоп, жашыл шарды,
Буракандан ташып жаткан,
Коркунучтун күүсүн тарткан,
Күчөдү улам, айдап көк деңизге
Жеттим дегенсип жеңишке.

* * *

Шар жибин кургакка бурган менен
Күчтү жыйнап чоң кайрат кылган мене
Кубаты жетпеди Малабайдын
Энекелеп дагы ыйлады,
Энекелеп колун булгады.
Корксо болуп көзү чарадай.
Бороон ызгый берди,
Аңтарчудай жерди,
Малабайды деңизге ала качып,
Жетпей калды чоң эне
Жашыл шардын жибинен чала басып.

* * *

Шалдайып кол,
Алдан тайган небереси
Баш айланып деңиз ташып,
Кетти ана,
Эстен тана
Күү-шаа эткен толкундарга аралашып.
Жер көтөрө эне боздоп,
Күн да жаады үнүн коштоп:
«Кара булут каарын төгүп,
Өчтү күйгөн чырагым.
Каным кайнап, көңүл чөгүп,
Кыйылды бейм чынарым...
Ай, тентегим, тентегим,
Жактырбай сен адам элпегин.
Кеттиң мына жарык дүйнөдөн
Ширин эле тилиң сүйлөгөн.
Кызык болуп оюң-жоругуң,
Кылымдарга канат күүлөгөн...»

* * *

Санга бөлүп учкул санааны,
Ыза жанып алсыз жүзүнөн.

Тээ алыска эне карады,
Чексиз толкун, деңиз чайпалган,
Чекит болуп тигил алыстан
Караан келет араң байкалган.
«Акулабы кокус,— дейт эне,
Канжар болуп,
Көрүнгөндү соруп,
Курч тиштерин ташка жаныткан»
Бирок,
Үмүт жиби ага байланып,
Ак куулардай жээкте айланып,
Эне издейт жоктоп баласын,
Айтпа анын көз жаш салаасын.

* * *

Тоого тийип толкун теминет,
Торгой караан улам берилеп.
Бууракандайт күйүп эне да,
Ач бороонго айкын кеги көп.

* * *

Толкундагы караан эми эле,
Окшоп бир аз сүзгөн кемеге
Көрө койду байкап энеси,
Малабайдын келет денеси.
Мына кызык, же бир тамаша,
Өлүүбү же тирүүбү,
Күнүбү же түнүбү,
Билбейт аны өлчөө тараза.
Жана көргөн чекит бир караан,
Кеме да эмес, торгой да эмес,
Дельфин... экен эне караса!
Кезиккендей жан дос бооруна
Бороон урган Малабай
Энесине эрке баладай,
Көңүл тынчып, коркпой соолуга
Минип алган дельфин жонуна.

* * *

Жондору кара, боору күмүштөн,
Жандап бирөөн, төрттөн жүрүшкөн.
Кетирекей ичке тумшугу
Айтар элем неге чүрүшкөн.
Бир чочубай элден жардаган
Сегиз дельфин бирөөн жандаган.
Жээкке карай толкун имерип,
Жээкке карай көз от жиберип,
Балдары бар ээрчип соңунан,
Бирок калбай эч бир тобунан,
Ойноктошот секирип,
Окшоп кээде болуп кекилик.
«Адамзатка дос бол!»
Дегенсийт, дельфин энелер
Киши сымал акылдуу да сабырдуу
Бирок балыктай тулку денелер.
Билерманы окшойт бир Дельфин
Адам сымак эптүү дегеле
Малабайды берип энеге
Алтын боорун күнгө жаркытты,
Анан ал
Ак толкунга канат кайкытты.
Ак чач эне кайра жашарып,
Өмүрүнө жаз, күн уялап
Эргип дене, көңүл балкытты.
Биз айткан,
Билерман Дельфин жанагы
Жээкке келип кайрадан,
Куйругун кумга чапкылап,
Малабайга күлө карады.
Таанышардай күндөгү
Табышмактап мындай сүйлөдү:
«Адилетти жакшы үйрөнүү
Айтсак чынын биз да сүйөбүз
Азаттыкты, жарык дүйнөнү,
Канча кылым өттү арадан,

Тыйылбады жүрөк канаган.
Көл, океан, деңиздерде береги,
Кээ күндөрдө, бороон түндөрдө
Кеме кыйрап, акула жеп денени.
Бороон боздоп, дайым кара санаган,
Дельфин минтип, эл ишине жараган.
Досуңарбыз, билип жүргүн адамдар,
Досуңарбыз, билгин доор, замандар.
Жерде сууда, көктө бороон болбосун
Малабайлар эркин күлүп ойносун!
Эрк күчтөрү күнгө сермелер,
Кайгырбасын алтын энелер,
Болуп баары бир боордош туугандар,
Кол чабышты көрүп тургандар.

## II

Эне айтат кубанычтан жаш алып,
Карт өмүрү кайра кыздай жасанып,
Кайда десем Дельфинде да бар экен
Адам үчүн нээти сүттөй тазалык.

* * *

Угуп көрсөк анын далай даңы бар
Көп болсунчу Дельфин сындуу жаныбар.
Алып калды тентек бороон, деңизден
Небереме өмүр отун жагып ал.

* * *

Толкун тиреп деңиз бир аз чайпалып,
Жашыл шарды бороон берди кайтарып.
Кана, эми кармап тынчтык жибинен
Жүргүн уулум, үйүбүзгө кайталык.

* * *

Кармап тигил жашыл шарды, канатты,
Эне, бала күн алдында баратты.
Малабай да көргөн түшүн аяктап,
Терезеден күн нур төгүп таң атты.

* * *

Табийгатта кээде үрөй учурар,
Чын турмушпу, же жомокпу ушулар.
Кана балдар, талдап көрчү өзүңөр...
Чындык менен айкалышып сөзүңөр.

## МАЗМУНУ

### МЕКЕН, ЛЕНИН, ЭМГЕК БАКТЫБЫЗ


* Ленин ата кыргыз жеринде
* Жер-энеге . . . . . .
* Жер шары Ленин деп айланып .
* Биздин партия . . . . . .
* Улуу лениндин эстелигинен эле
* Күү, ырын угуп жатасың . .
* Ким ал? . . . . . . .
Тыңша, күүнү! . . .
* Жеңиш төргө баратам . . .
* Булак ыры . . . . . .
Сүйгөн журтум — Кочкорум
* Бир элес . . . . . . .
* Түбөлүккө көгөрүп . . .
* Коргой турган кезегиң . .
* Апрель . . . . . . .
* Өмүр жана Ленин . . . .
* Гүл-Төрдө . . . . . .
* Кызыл Туу . . . . .
Өмүр күүсү . . . .
Күн менен сүйлөшүү . .
Ай, Карлыгач . . . .
Болот Шумкар . . .
* Гүл талаам . . . . .
* Уруксат бер! . . . .
Эртең менен . . .
* Шаар жаштыгы . . .
* «Күн батат...» . . . .
* Арчалар . . . . .

— ӨМҮР


. . 8
. . 10
. . 11
. . 13
стер . 15
. . 21
. . 23
. . 24
. . 25
. . 26
. . 27
. . 29
. . 30
. . 32
. . 34
. . 38
. . 40
. . 42
. . 43
. . 44
. . 53
. . 54
. . 55
. . 56
. . 59
. . 60
. . 61
. . 62

ГҮЛ ЗАМАНДЫН ӨНӨРГӨ ДОС БАЛДАРЫ


Айга учам . . . 66
Паровоз . . . . 84
Үй-бүлөнүн эрмеги . 85
Мичуринчи боломун . 87
Улагым . . . . 89
Кара чыйырчык досума 90
Жел кайык . . . 91
Бульдозёр . . . 92
Өнөрпоздор . . . 93
Эмгектенер кез келди 94
Барабан . . . . 95
Эне менен бала . . 96
Гармончу . . . . 97
Шаркыратма . . . 98
Станок . . . . 99
Окшоп кетет . . . 100
* Дагы эмне кыласың? . . 101
* Орошбектин кыялы . . 103
* Дарагым . . . . . 105
Айтса экен . . . 106
* Билим үйү . . . . . 107
Барабы жумуш кылганы? . 109
Жаркый берсин келечегиң 110
Суроо, жооп . . . . 112
Күрөң музоонун ыры . . 113
Күздү күтүп жүрөмүн . 114
* Эстелик сөзү . . . . . 115
* Күмүш тамчылар . . . . 117
* Каркыралар . . . . . 119
* Карыпбай . . . . . . 120
* Таштар . . . . 121
* Балаты . . . . . . . . 122
* Төрт жашында катты тааныган 124
Бөбөгүмдү ойнотсом . . 125
* Өң кызарган алмадай . . . 126
* Атакеңдин кыштагы . . 128
Кыш элестери . . . 130
* Мектебине узатты . . 135
* Жомокто жана түшүмдө . 137
Жыл айлары сүйлөшөт 139
* Механик кыз . . . 149
* Уулума . . . . . 151

## БИРДИК, ДОСТУК, ТЫНЧТЫК — МАКСАТ-ОЮБУЗ


Достук барда . . . . . . 155
Түндөргө күн жолун салгыла . 156
Кайдасыңар карлыгачтар . . . . . 157
* Досторума . . . . . . . . . . . . 158
Жолдор узак . . . . . . . . . 159
* Сапар тартып келген сайын . . . . . 160
Ак кайыңдар . . . . . . . . . 162
Өрт өчүрүүчүлөрдүн ыры . . . . . 163
Басар жолум жөнүндө . . . . . 165
Мөмө төктүң дарагыма . . . . . 166
* Уялап бутагына чабалакей... . . . . . 168
Эл — океан... . . . . . . . . . 169
Карындашыма . . . . . . . 171
* Билип кой . . . . . . . . . . . . 173
* Эне жөнүндө ыр . . . . . . . . 175
* Алиппем . . . . . . . . . . . . 178
* Жүрөгүмө төктүң сүйүү жаздарын . . . 179
Жол — өмүрлөр . . . . . . . 181
* Батыш жакта басылганда оттуу күн . . 182
* Октябрь — азат таңы . . . . . . . 184
* Жер монологу . . . . . . . . . . 186
Кайра тирилген акын . . . . . . 196
* Достук шаары — Фрунзем . . . . . 197
Чырпыгыңа чынар болуп . . . . . 199
* Көңүлүм эргип . . . . . . . . . 200
Кубантып койсо экен . . . . . . 201
Өмүр жөнүндө ыр . . . . . . 202
Казак кайрыктарынан . . . . . 204
Досума . . . . . . . . . . 204
* Черкас чеби . . . . . . . . . . 210


## БӨБӨКТӨР ТОЛКУН ЫРЫМ — ЖҮРӨК СЫРЫМ


Кошунамдын баласы . 218
Эр болот го . . . 219
«Апа!» . . . . . 220
Ыйлабайм . . . . . 221
Кадам шилтеп . . . . . 222
Таарыныч . . . . . 223
Бөбөктөр ырдашат . . . 224
Мончогун төгүп жиберди . 225
Булагы күүлүү жеримдин . 226
Алча тигип койбосом . . 227

Аарылар . . . . . . . . . . 228
Сагынамын . . . . . . . 229
Жетим козу . . . . . . . 230
Бардыгын билгиси келген бала . . 231
Тилеймин . . . . . . . 241
Өсө бер . . . . . . . . 242
Сайрагын, булбул куш . . . . 244
Сур коёнго . . . . . . . 246
Ай трактор, трактор! . . . . . 247
Бала ээрчиткен апамды көрдүңбү? . 248
Ак гүлдөр, көк гүлдөр . . . . . 250
Алмадай мөмө байлаган . . . . 252
Достук үн менен . . . . . 253
* Бешик ыры . . . . . . . . 255
* Ак толкун болуп . . . . . . 257
* Өмүр нур чачырап . . . . . 258
* Жолборс жөнүндө легенда . . . . 260

## АДЕПТҮҮЛҮК, ЭМГЕК — КӨРКҮ АДАМДЫН

Эжекемдей боломун . . . 272
* Төрөлүпмүн . . . . . . . . 273
* Күн көтөрүп барайын . . . . . 274
Карызмын . . . . . . 276
Турайын кыйындык жолунда 277
Мекен — эне тилеги . . . 278
* Артып турат сагынуулар . . . 279
* Тууган жерге толгонуу . . . 281
Мекен мөмөлөрү . . . . 282
Биринчи кар . . . . . . 283
* Максат издеп . . . . . . . 283
* Келатам . . . . . . . . . 285
Ата журт жөнүндө ойлоп . . 286
Баатырлар көзгө элестеп . . . 287
* Эл жана жер тамыры жөнүндө ойлор . 290
Фрунзенин бактары . . . . 293
Тазалык . . . . . . . . 294
Досум . . . . . . . . 295
Кермурут жөнүндө жомок . . 296
Ойнойлу да ойлойлу . . . . 306
Ак теректин айтканы . . . 307
Адептүү өссө . . . . . . . 308
* Эми да арка белимсиң . . . . 311
* Ак кептер жана жылан . . . . 315
* Жетилген канат . . . . . . 319

Адам үчүн . . .
* Намыс . . . . . . .
* Бийик тоосу болуп кал .
* Аткар, энем! . . . .
* «Мактанчаак» . . . .
* Жаздай гүлдөп келебиз .
* Багынбадым . . . .
* Тилек . . . . . . .
* Жарык болсо экен . .
* Күн желеси албырса . .
Соң-Көл жана мен .
«Мезгил мага: милдет кı
Нан . . . . .
* Ата журт . . . . .
Жумган көз менен. .
* Серүүндөтүп келемин . .
* Жаш досторду канатымда у
* Жетилсе деп . . . .
* Малабай жана жашыл шар .

. . 321
. . 323
. . 324
. . 325
. . 327
. . 328
. . 329
. . . 330
. . . 331
. . . 332
. .. . . 339
айттыбы» 339
. . . 340
. . . 342
. . . 344
. . 345
ı . . 347
. . 348
. . 350

*Исабек Исаков*

**СВЕТЛОЕ ДЕТСТВО**

**Стихи и поэмы**

*Для детей среднего и старшего школьного возраста*

*На киргизском языке*

Издательство «Мектеп»

Редактору *А. Т. Иманбаев*
Сүрөтчүсү *У. Осмоев*
Сүрөт редактору *А. Байбөрүев*
Техн. редактору *В. И. Комерова*
Корректору *С. Абыкеев*

ИБ № 1420

Терүүгө 3. 08. 1979-ж. берилди. Басууга 4. 01. 1980-ж. кол коюлду. Д—01542. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 75×90¹/₃₂. Академия ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 11,375 физ. басма табак, 14,22 шарттуу басма табак, 11,0 учёт-тук басма табак. Нускасы 4000. Заказ № 371. Баасы 85 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.